


# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУ ЖАРАНДАРДЫ ЭМНЕ МЕНЕН ШЫКТАНДЫРА АЛАТ?

***Кыргыз Республикасынын жарандарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата ишеним деңгээлин, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу шарттарына канааттануусун изилдөөнүн жыйынтыктары***

**Бишкек – 2020**

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

10 жыл лет years
ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

Erfolg Consult

УДК 351/354
ББК 67.99 (2) 1
К – 97

Аналитикалык топтун жетекчиси жана негизги тексттин автору ***Надежда ДОБРЕЦОВА.***

Аналитикалык топ:
***Сабина ГРАДВАЛЬ***, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары,
***Жамала УМАНКУЛОВА***, “Erfolg Consult” ЖЧК командасынын лидери,
***Онолкан УМАНКУЛОВА***, “Erfolg Consult” ЖЧК командасынын аналитиги,
***Медет СУЛТАМБАЕВ***, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мониторинг жана баалоо боюнча адиси.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси ***Бекболот БЕКИЕВ.***

К – 97 Кыргыз Республикасынын жарандарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата ишеним деңгээлин, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу шарттарына канааттануусун изилдөөнүн жыйынтыктары. – Бишкек: Өнүктүрүү саясат институту, 2020. – 76 б.

ISBN 978-9967-9276-1-2

Изилдөө Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттарынын деңгээлинде болуп жаткан процесстерге баа берип, социологиялык сурамжылоолордун жүрүшүндө алынган жарандардын пикирлерине таянат. Ошондой эле изилдөө Өнүктүрүү саясат институту 2007-жылдан тартып жергиликтүү жамааттар жана башкаруу органдары менен чогуу алып барган иштин жүрүшүндө топтогон башка маалыматтарга да таянат. Байкоонун узактыгы жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга (мындан ары – ЖӨБ) карата мамилесинде өзгөрүү динамикасын, алардын жергиликтүү өнүгүүгө катышуу мүмкүнчүлүктөрүн жана даярдыгын; ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулук, отчеттуулук деңгээлин, ошондой эле жарандардын ишеним деңгээли менен жарандардын ЖӨБдөгү коррупциянын деңгээли тууралуу пикирин баалоого да жол ачат. Изилдөөнүн өзүнчө бөлүгү “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) тийгизген таасирди баалоого арналган. Аталган Долбоорду Швейцария Өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу каржылап, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келатат.

2020-жыл үчүн маалыматтар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун буйрутмасы боюнча “Erfolg Consult” ЖЧКнын күчү менен өткөрүлгөн социологиялык сурамжылоонун жүрүшүндө алынган. Сурамжылоонун негизинде алынган маалыматтарга анализ “Erfolg Consult” ЖЧКнын жана Өнүктүрүү саясат институтунун (мындан ары – ӨСИ) биргелешкен күч-аракети менен жасалды. Анализдин жүрүшүндө буга чейин түрдүү долбоорлордун алкагында өткөрүлгөн сурамжылоолор маалында алынган маалыматтар колдонулду.

Бул басылма жергиликтүү да, улуттук да деңгээлдерде чечим кабыл алган адамдарга, изилдөөчүлөргө, коммерциялык эмес уюмдардын, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнө, өнүгүү боюнча өнөктөштөргө жана медиа каражаттарына даректелет.

Изилдөөнүн орус тилиндеги толук электрондук версиясы, ошондой эле кыргыз жана англис тилдериндеги кыска версиялары www.vap.kg жана www.dpi.kg сайттарында жарыяланган.

Изилдөөнүн тексти орус тилинде даярдалгандыктан кыргыз жана англис тилдериндеги тексттер менен орус тилиндеги текстте айырмачылыктар болсо, орус тилиндеги текст туура деп эсептелинет.

*Басылма “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында даярдалды. Аталган Долбоорду Швейцария Өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу каржылап, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келатат.*

Бул изилдөөнү, же анын кайсы бир бөлүгүн ар кандай формада жана түрдүү электрондук же механикалык каражаттар менен, анын ичинде фотокөчүрүү, үн жаздыруу, сактап калчу түзүлүштөр жана маалымат издөө системасы аркылуу жайылткан учурда анын укук ээсине электрондук дарек боюнча кайрылууңузду өтүнөбүз: Office@dpi.kg

УДК 351/354
ISBN 978-9967-9276-1-2 ББК 67.99 (2) 1

© Өнүктүрүү саясат институту, 2020

## Мазмуну

**Кыскартуулардын жана шарттуу белгилердин тизмеси ... 3**
**Кириш сөз ... 4**
**2020-жылдагы сурамжылоонун методологиясы ... 5**
**Негизги тыянактар ... 6**
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандарды жашоо шартын жакшыртууга катышууга шыктандырат, бирок бардык муктаждыктарга жооп кайтаруу мүмкүнчүлүгү элдин үмүтүн актабай калууда ... 6
Аялдардын 60 пайыздан ашыгы жергиликтүү өз алдынча башкарууда көбүрөөк жигердүү болгусу келет, бирок көптөр бул укукту толук колдонуу үчүн чектөөлөр бар болгонун сезишүүдө ... 14
ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жергиликтүү өз алдынча башкарууга жарандардын катышуусунун эски формаларын жаңыртып, мазмунун жаңыча иштеп чыгууга жардам берди ... 16

**I. Жарандардын кабыл алуусунда ЖӨБ органдарынын образы ... 19**
Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кабыл алуусу ... 19
Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга кызыгуусу ... 21
Жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеними ... 24
Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы коррупциянын деңгээли тууралуу пикири ... 27

**II. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу ... 29**
Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу ... 30
Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жеке катышууга болгон даярдыгы ... 34
Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуусу ... 36

**III. ЖӨБ органдарынын ачыктыгы, айкындуулугу жана элге отчет тапшыруусу ... 39**
ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугунун деңгээли ... 39
Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине канааттануусу ... 41

**IV. ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүн баалоо ... 43**

**V. Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы гендердик теңдик ... 48**
Аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу ... 48
Аялдардын демилгелерин жана сунуштарын колдоо ... 50
Жергиликтүү жамаатта аялдардын абалы жана өзүн көрсөтөйүн десе пайда болгон тоскоолдуктар ... 51

**VI. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун таасири ... 55**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жалпы жыйынтыктары ... 55
Максаттуу ЖӨБдүн жашоочулары өзүнүн ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрүнө көбүрөөк ишенишет ... 56
Жарандар максаттуу ЖӨБдө коррупция азыраак деген ойдо ... 57
Максаттуу ЖӨБдө жарандардын башкарууга катышуу деңгээли сакталды, ал эми өлкө боюнча жалпысынан төмөндөдү ... 59
Максаттуу ЖӨБдүн жашоочулары күнүмдүк көйгөйлөрүн чечүү үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөргө ээ болушту ... 61
Максаттуу ЖӨБдө гендердик теңдик ... 63

**Тиркеме. Изилдөөнүн анкетасы ... 64**

## Кыскартуулардын жана шарттуу белгилердин тизмеси

| | |
|---|---|
| АА – | айылдык аймак, Кыргыз Республикасынын айылдык административдик-аймактык бирдиги |
| СПА – | суу пайдалануучулардын ассоциациясы, сугат суунун бөлүштүрүлүшүн башкарган жамааттык уюм |
| АК – | айылдык кеңеш, Кыргыз Республикасынын айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы |
| АӨ – | айыл өкмөтү, Кыргыз Республикасынын айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы |
| КР БК – | Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси |
| ЖӨБЭММА – | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик |
| КР ЖК – | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент) |
| ТКЧ – | турак жай-коммуналдык чарбасы |
| ӨСИ – | “Өнүктүрүү саясат институту” коомдук бирикмеси |
| КР – | Кыргыз Республикасы |
| ДМЧА – | ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам |
| ЖБ – | жергиликтүү бюджеттер |
| ЖМА – | жергиликтүү мамлекеттик администрация |
| ЖӨБ – | жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| Өнөктөш ЖӨБ – | ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөш муниципалитеттери болуп саналбаган ЖӨБ органдары |
| КЭУ – | коммерциялык эмес уюм |
| ЧУА – | ченемдик укуктук акт |
| КУ – | коомдук угуулар |
| ЮЖБ – | юридикалык жактардын бирикмеси |
| ЭҮЖӨБОЖ Долбоору – | Швейцария Өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу каржыланып, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору |
| ТСКАКБ – | таза суу колдонуучуларынын айылдык коомдук бирикмеси |
| Максаттуу ЖӨБ – | конкурстун негизинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу өнөктөш муниципалитети болуп калган ЖӨБ органы |

## Кириш сөз

ЖӨБ органдарынын жүйөлүү түйшүгү же каталары тууралуу канча айтпайлы, бирок алар канчалык жаман же жакшы иштеп жатканы, жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрүн канчалык натыйжалуу жана даана чечкени, шаардагы же айылдагы турмуштун көркүн чыгарганы тууралуу жарандардын да өз пикири бар. Жарандардын бул пикирин изилдеп, жакшылап таанышып чыгып, буларга жооп катары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чечимине түзөтүүлөрдү киргизип туруу өтө маанилүү иш. Эгерде жергиликтүү саясатчылар – жергиликтүү кеңештердин депутаттары, ЖӨБ органдарынын жетекчилери – калк тарабынан аларга карата мамиленин бул “коомдук температурасын” көз жаздымда калтырышса, коомдун социалдык туруктуулугу коркунуч алдында калат. Ошондой эле улуттук деңгээлдеги саясатчылар да коомдук маанайды түшүнгөнү маанилүү. Себеби дал ошолордон жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мамилеси көп учурда көз каранды болот. Анткени улуттук саясатчылар ЖӨБ органдары үчүн иш шарттарын түзүшөт. Кыргыз Республикасы 2010-жылы чукул кырдаалды башынан өткөргөн эле. Ошол кезде элдин бийликке карата нааразылыгы көп жерден жергиликтүү бийликтин толук алсыздыгынан улам пайда болгон. Ошол маалда башкаруу барган сайын улам борбордоштурулуп отуруп, жергиликтүү бийликте элдин бакубатчылыгы үчүн иштеп берүүгө ыйгарым укуктары да, каражаты да болгон эмес.

Өнүктүрүү саясат институту түрдүү долбоорлордун алкагында жана өз демилгеси менен жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мамилесин көп жылдардан бери изилдеп келатат. 2020-жылы социологиялык сурамжылоо “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун буюртмасы боюнча “Erfolg Consult” ЖЧКнын күчү менен өткөрүлгөн. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун Швейцария Өкмөтү тарабынан Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу каржылап, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырууда. “Erfolg Consult” ЖЧКнын жана Өнүктүрүү саясат институтунун биргелешкен күч-аракети менен жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарына анализ жасоонун жүрүшүндө буга чейин түрдүү долбоорлордун алкагында өткөрүлгөн сурамжылоолор маалында алынган маалыматтар колдонулду.

Өзүнө ЖӨБ органдарын жана алардын эл менен өз ара байланышын камтыган система катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу Кыргыз Республикасынын жарандарынын бириктирилген пикирин алуу, таанышып чыгуу жана аналитикалык жактан чечмелеп берүү ушул изилдөөнүн максаты болду. Системанын мындай өңүттөрү изилденип чыкты: ЖӨБ органдарынын ишинин жыйынтыгы, отчеттуулугу жана ачык-айкындуулугу; ЖӨБ органдарындагы коррупциянын деңгээли жана элдин аларга болгон ишеним деңгээли; ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон канааттануунун деңгээли ж.б.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору 2011-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү жамааттарга жана ЖӨБ органдарына тийгизген таасирин баалап чыгуу изилдөөнүн өзүнчө бир тапшырмасы болуп калды.

Сурамжылоо 2020-жылдын январь-февраль айларында, Кыргыз Республикасы COVID-19 эпидемиясын башынан өткөрө элек кезинде жүргүзүлгөн. Ошондуктан эпидемия тийгизген таасир бул изилдөөдө чагылдырылган жок.

Социологиялык сурамжылоонун географиясы – Кыргыз Республикасы.

Максаттуу аудитория – Кыргыз Республикасынын 18 жаштагы жана андан жогору курактагы, калктуу конуштарда жашаган, изилдөөнүн иргеп алуусуна кирип калган эли.

## 2020-жылдагы сурамжылоонун методологиясы

2020-жылдын февраль айынан мартка чейинки мезгил аралыгында ӨСИнин буюртмасы боюнча “Erfolg Consult” изилдөөчү агенттик (ИА) социологиялык сурамжылоо жүргүздү. Сурамжылоо ЖӨБ органдарынын отчеттуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн, элдин ЖӨБ органдары көрсөткөн кызматтарга канааттануу деңгээлин жана жарандардын ЖӨБдүн ишине катышуу деңгээлин өлчөп чыгуу максатында жүргүзүлдү.

Өрнөктөмөнүн көлөмүн ӨСИ аныктаган (1-табл. караңыз) жана Кыргыз Республикасынын булуң-бурчунда жашаган 2637 респондентти түздү. Ылгап алманын сунушталган көлөмү бардык изилдөөгө алынган калктуу конуштардын өрнөктөмөсүнүн деңгээли тууралуу +/-1,9 пайызга чейинки тактык менен баалоого жол берет. Жалпысынан 9 шаарда жашаган 330 шаардык жана 72 айылдык аймакта жашаган 2307 элеттик калктуу конуштардын, анын ичинде алыскы аймактардын тургундары сурамжылоого катышты.

*1-таблица. Изилдөөнүн облустар боюнча ылгап алмасы*

| | Сурамжылоого катышкандардын саны | ЖӨБдүн саны | Алардын ичинен | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Максаттуу ЖӨБ | Өнөктөш ЖӨБ |
| Баткен облусу | 96 | 3 | 0 | 3 |
| Жалал-Абад облусу | 512 | 16 | 6 | 10 |
| Ысык-Көл облусу | 449 | 14 | 5 | 9 |
| Нарын облусу | 288 | 9 | 3 | 6 |
| Ош облусу | 384 | 12 | 5 | 7 |
| Талас облусу | 130 | 4 | 0 | 4 |
| Чүй облусу | 448 | 14 | 6 | 8 |
| **Айыл** | **2307** | **72** | **25** | **47** |
| **Шаар** | **330** | **9** | **0** | **0** |
| **Баары:** | **2637** | **82** | **25** | **47** |

Изилдөөнүн аспабы катары формалдаштырылган жеке баарлашуу (face-to-face) колдонулду. Маектешүү атайын түзүлгөн сурамжылоо барагы боюнча өттү. Бул анкета жабык жана жарым-жартылай жабык суроолордон түзүлгөн. Сурамжылоонун соңку версиясы ӨСИге берилди.

Ар бир калктуу конуштун ичинде респонденттерди кокустан ылгап алынышын камсыз кылуу максатында талаа иштеринин жүрүшүндө респонденттерди ылгап алуунун бир усулу – калктуу конуштун ичинде кадам-кадамы менен жасалган система колдонулду (кокустан түзүлгөн маршрутизация). Изилдөөгө кирген ар бир калктуу конуш шарттуу секторлорго бөлүнүп чыкты. Мындай ыкма ар бир калктуу конуштун түрдүү бөлүктөрүн камтууга, анын булуң-бурчундагы (калктуу конуштун борбордук бөлүгүндө да, анын четинде да) кырдаалды чагылдырууга жол берди. Зоналардын саны изилдөөгө алынган калктуу конуштун көлөмүнө жараша өзгөрүп турду. Ар бир сектордо респонденттердин так белгиленген саны гана сурамжылоого катышты. Үй кожолуктарында респонденттерди ылгап алуу “акыркы туулган күнү усулу” менен жүзөгө ашырылды. Башкача айтканда, сурамжылоого үй кожолуктун туулган күнү сурамжылоо өткөрүлгөн күнгө эң жакын болгон “18+” курагындагы мүчөсү катышты.

Сурамжылоону “Erfolg Consult” ИАнын тажрыйбалуу интервьюерлери КРнын ар бир облусундагы супервайзерлердин жетекчилиги алдында жүргүзүштү. Талаа иштерин баштаардын алдында “Erfolg Consult” ИАнын адистери интервьюерлер жана супервайзерлер үчүн кенен нускама беришти. Анын жүрүшүндө изилдөөнүн максатын, тапшырмаларын, респонденттерди ылгап алуунун методикасын, анкетаны толтуруунун эрежелерин жана суроолорун түшүндүрүп беришти. Анкета программага киргизилип, интервьюнун аудио жазуусу жүргүзүлдү. Талаа иштери жыйынтыкталгандан кийин агенттик анын сапатын бир жол менен текшерди: супервайзерлер жалпы ылгап алуудан интервьюлардын 40 пайыздан ашык аудио жазуусун угуп чыгышты. Буга кошумча интервьюерлердин ишинин сапатын текшерип, алынган маалыматтардын тактыгын билүү үчүн респонденттердин 20 пайызына кайра телефон чалып текшерип чыгышты.

# Негизги тыянактар

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандарды жашоо шартын жакшыртууга катышууга шыктандырат, бирок бардык муктаждыктарга жооп кайтаруу мүмкүнчүлүгү элдин үмүтүн актабай калууда

### Борбордон жаңырган саясий убадалардан улам жарандарда пайда болгон үмүттү актай албай, мындай жөндөмдүүлүгү чектелүү болгондуктан мындан ЖӨБ органдарынын аброюна доо кетүүдө

**Кыргызстандыктардын басымдуу бөлүгү мурдагыдай эле жергиликтүү өз алдынча башкарууга үмүт артып келишет. Бирок сынчыл маанайдагы адамдардын катары да калыңдап баратат. Себеби ЖӨБ органдары жарандардын бардык үмүттөрүн актаганга үлгүрө албай жатышат.** Айталы, Кыргыз Республикасынын ар бир үчүнчү жараны ЖӨБ органдарына карата оптимизм жана шыктануу өңдүү позитивдүү эмоцияларды, бирок ар бир төртүнчү жаран көңүл калуу жана кыжырдануу өңдүү терс эмоцияларды сезет. Коомдук бийлик институттарынын ичинен жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын ишенимине ээ болгон, эң эле туруктуулардын бири. Эл менен түздөн-түз байланышта болуп, ЖӨБ органдары жарандарга чоң көлөмдөгү кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип, маалымат менен камсыздап турат. Ошол себептен жарандардын көбүндө ЖӨБ органдары тууралуу калыптанып калган пикир бар. Жарандар ЖӨБго карата позитивдүү да, негативдүү да эмоцияларды сезет. Көпчүлүк адамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу турмуш шарттарын жакшы жагына өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгү бар деп эсептегени менен, акыркы жылдары скептикалык маанайдагылардын катары калыңдап баратат. Жарандардын ЖӨБ органдарын кабыл алуусу көп жагынан элдин жалпысынан бийликти кандай кабыл алаарын чагылдырып турат. Себеби дал ушул ЖӨБ органдары элдин элесинде бийликтин жалпылаштырылган образы болуп турушат. Сынчыл маанайдагылардын саны көбөйүп жатканын дагы бир жагдай менен түшүндүрсө болот: жылдан жылга жарандардын ЖӨБ органдарынан күткөнү жана суроо-талабы өсүүдө, муну менен катар жашоодон негизинен эле көптү күткөндөр да көбөйүүдө. Экинчи жагынан ЖӨБ органдарынын жарандардын муктаждыктарын толук канааттандыруу мүмкүнчүлүгү чектелүү болууда.

**Аймактарды өнүктүрүүнү бардык мамлекеттик саясаттын артыкчылыгы катары жарыялоо элде чоң үмүттү жараткан, бирок бул үмүттөр жарым-жартылай актала берген жок. Бул болсо жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга жана жалпысынан бийликке карата мамилесине терс таасирин тийгизди.** 2018-жылы ЖӨБго карата оптимизм жана шыктануу күч болгону байкалган. Бул жылы ЖӨБдөн позитивдүү күтүү сезими жарандардын 66 пайызында болгон. Бул – рекорддук жогорку көрсөткүч. Бул көрүнүштү ошол жылы болгон окуя менен байланыштырсак болот: мамлекеттик саясат аймактарды өнүктүрүүгө багытталган (КР Президенти өлкө тарыхында биринчи жолу 2018-жылды Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялаган эле). Бирок адатта саясатта боло жүргөндөй эле, үмүттөр реалдуу жыйынтыктарга караганда алда канча жогору болду. 2020-жылы ЖӨБго карата оптимисттик маанайдын эки эсе азайып кетишин ушуну менен түшүндүрсө болот. Жарандар КР Президенти жана КР Өкмөтү берген убадаларды ЖӨБ органдарынан талап кыла баштаганда алар бул үмүттөрдү толук актай албай, мындан улам позитивдүү маанай терс жагына өзгөрдү – ЖӨБдөн көңүлү калган жана кыжырданган жарандардын үлүшү эки эсе өстү. Ошондой эле 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы бийликтин бардык институттарына, анын ичинде ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли түшүп кетти. ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө канааттануу деңгээли аз да болсо, бирок баары бир төмөндөдү.

**Жарандардын ЖӨБ органдарына карата мамилеси менен жергиликтүү бюджеттердин жыйынды көлөмүнүн ортосунда түз байланыш бар: жергиликтүү бюджеттердин кирешеси канчалык жогору болсо, жарандардын ЖӨБго карата мамилеси да ошончолук жакшы болот, бюджеттин кирешеси аз болсо, мамиле да**


**ошончолук начар болот.** Бюджет аралык мамилелер саясатындагы, борбор менен аймактар ортосунда финансыны бөлүштүрүүдөгү өзгөрүүлөрдүн кесепеттери өтө тез жана айкын түрдө элдин баасын алды. Бир нече айдын ичинде эле жарандар ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн жана ишинин сапаты начарлаганына реакция жасашат. Ал эми мындай начарлоо жергиликтүү бюджеттерди каржылоо жетишсиз болгон учурда башталат. А жана Б диаграммалары элдин мындай реакциясы дароо байкаларын жылдан жылга көрсөтүп келатат. Бул өтө маанилүү саясий салыштырма. Себеби жергиликтүү бийликтин ишине наразычылык жалпысынан бийликке болгон наразычылыкка алып келет. Бул 2010-жылы өтө жакшы билинген эле. 2008-2009-жылдары ыйгарым укуктары да, бюджети да кескин түрдө кыскарып, ЖӨБ органдарынын чабалдыгы жер-жерлерде жашоо оңолбогондуктан элдин наразылыгына себепчи болгон. Ошондуктан жергиликтүү бюджеттерди жетиштүү деңгээлде каржылабай коюу социалдык туруктуулукка коркунуч жаратып, бийлик үчүн кооптуу болот.

*А диаграммасы. ЖӨБ органдарына терс эмоцияларды сезген жарандардын үлүшүнүн динамикасы жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин динамикасы, 2015-2020[1]-ж.ж*




[1] Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жыйынды көлөмү 2020-жылы жазында Кыргыз Республикасынын бюджети кыскаргандан кийин план боюнча чыгарылат.

*Б диаграммасы. ЖӨБ органдарынын ишине канааттанбоо деңгээлинин динамикасы жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелер көлөмүнүн динамикасы, 2007-2020-ж.ж.*




## ЖӨБ органдары институт катары калктын жамааттык аң-сезиминде барган сайын олуттуу жана маанилүү орунду ээлеп жатышат

**Кыргызстандын калкы ЖӨБ органдарынын ишине абдан кызыгат жана жергиликтүү жетекчилерди жакшы таанышат. Ошол эле учурда жергиликтүү жетекчилердин калың журтка таанылышы азыркы шайлоо системасында мүмкүн болгон чекке жетти.** Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине карата кызыгуусу акыркы 15 жылдан бери (баалоо башталган учурдан бери) жалпысынан туруктуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө. Иш жүзүндө Кыргызстандын төрт жаранынын үчөө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине кайсы бир деңгээлде кызыгат. Аны менен катар абдан кызыккандар көп деле кызыкпагандарга караганда дайыма 1,5-2 эсе көп болчу. Жарандардын басымдуу бөлүгү – 75 пайыздан ашыгы ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчиси – мэри же айыл өкмөт башчысы ким болгонун билишет. Жарандар ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчисин түз шайлабаганын эсепке алуу менен, бир жагдайды так айтса болот: түз шайлоо системасы киргизилген учурда мыкты жүргүзүлгөн шайлоо өнөктүгүнөн кийин жеңип чыккан жергиликтүү лидерди калктын 90, атүгүл 100 пайызы, анын ичинде балдар да таанып калат. Ушундай шартта гана бул көрсөткүчтө өсүш болот.

**Жарандарда жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата тагыраак пикир калыптанып калды.** Көпчүлүк көрсөткүчтөр боюнча, суроолорго “билбейм” же “жооп бере албайм” деп жооп кайтаргандардын үлүшү азайды. ЖӨБ органдарынын ачыктыгына, жергиликтүү кеңешти түзүүнүн партиялык принцибине, ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрүнө канааттануу деңгээлине жана башка параметрлерге карата пикирин так айта албагандар азайды. Мындан тышкары 2007-жылга салыштырмалуу 2020-жылы жарандарда жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин структурасы тууралуу адекваттуу пикир калыптанып калды. Айталы, жергиликтүү бюджеттеги чыгашалардын структурасы тууралуу жаңылыш пикирге ээ болгондордун, айыл өкмөтүн жана мэрияны күтүүгө кеткен чыгашалар беренесин негизги деп эсептегендердин саны да абдан азайып кетти. ЖӨБ органдарына мисалы, пенсияга байланыштуу туура эмес кайрылгандар да азайды. Мунун баары бир нерседен кабар берет: элдин жамааттык аң-сезиминде ЖӨБ органдары институт

катары барган сайын олуттуу жана маанилүү орунду ээлей баштады. Ошону менен бирге элдин укуктук сабаттуулугу жогорулап, өзүнүн жарандык укуктары тууралуу маалыматка көбүрөөк ээ болуп калышты.

### Мамлекеттик аткаруу органдарына караганда ЖӨБ органдарына болгон ишеним көбүрөөк, ал эми айрым коррупцияга шектенүүлөр башка институттарга даректелиши керек

**Жарандар барган сайын ЖӨБ органдарынан көбүрөөк маалымат алып, ушак-айыңдарга ишенбей баратышат.** Акыркы эки жылда эле досторду, тууганадарды жана кесиптештерди маалымат алуунун негизги булагы катары көрсөткөн адамдардын үлүшү эки эсе кыскарган (38 пайыздан 16 пайызга азайды). Барган сайын көбүрөөк адамдар маалыматты ЖӨБ органдарынан чогулуштарда жана жыйындарда, коомдук угуулар маалында, ЖӨБ органдарынын башка коммуникациялык каналдары аркылуу алып жатышат. 2020-жылы ЖӨБ органдарынан маалыматты түз алган жарандардын үлүшү 30 пайыздан ашты. Жарандардын басымдуу бөлүгү – 67,9% – жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын көлөмүнө жана сапатына кайсы бир деңгээлде ыраазы. Ошентип ЖӨБ органдарынын иши тууралуу маалымат булактарын тандаганда жарандар расмий булактарга артыкчылык берүүдө, муну менен ушаң-айыңдар бара-бара актуалдуулугун жоготууда. Жарандар текшерилген маалымат булактарына таяна баштады. Бул болсо маалыматты кабыл алууда сынчыл маанай күчөгөнүн тастыктап турат.

**Аймактарды өнүктүрүүдө күчтүү секирик жасоого болгон үмүт акталбай калганына карабастан, ЖӨБ органдарына болгон ишенимдин деңгээли бир топ эле жогору бойдон кала берүүдө. Азайган күндө да башка институттарга карата ишеним деңгээлине караганда азыраак болуп жатат.** Жарандардын мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарына караганда ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли салттуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө. 2020-жылы ЖӨБдүн аткаруу органдары – мэриялар жана айыл өкмөтү калктын ишеним рейтингинде төртүнчү орунду ээлеген. Алгачкы үч орунда билим берүү системасы, куралдуу күчтөр жана диний институттар турат. Жергиликтүү кеңештер калктын ишеним деңгээлине көп деле ээ эмес жана ишеним рейтингинде жетинчи орунду ээлейт. Себеби жарандар жергиликтүү кеңештердин депутаттарын жалпысынан өтө жогору эмес деңгээлде баалашат жана аларга көбүрөөк квалификациялык талаптар коюлсун дешет. **Респонденттердин басымдуу бөлүгү – 94% – мэрдин же башчынын кызматына талапкерлерге коюлуп жаткан талаптар жогору болушу керек деп эсептешет**.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде саясий партиялардын ишине болгон ишеним көбөйүп жатат. Ал эми жергиликтүү кеңештерди партиялык система менен түзүүгө каршы чыккандардын саны бир кыйла көп болгону менен, барган сайын азайып баратат.** ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарына – жергиликтүү кеңештерге байланыштуу айта турган болсок, партиялык фактор терс таасирин тийгизүүдө деген ойдо болгон жарандар бир аз жумшарды. Жергиликтүү кеңештерди түзүүнүн партиялык принцибине макул болгон жарандардын саны 2,5 эсе көбөйдү. Бирок макул эместердин саны мурдагыдай эле көп бойдон кала берүүдө – респонденттердин 40% ушул жоопту тандаган (КР облустарынын алкагынан алганда 12 пайыздан 47% чейин). Мындай тенденцияны бир жагдай менен түшүндүрсө болот: жергиликтүү кеңештер менен аткаруу органдарынын өз ара мамилеси жалпысынан калыбына келди, тирешүүлөр азайды, мамилелери конструктивдүү нукка түштү. Жарандардын баамында, саясий партиялардын айыл өкмөтүнүн ишине көзөмөлдү күчөтүү жаатында соңку эки жылда таасири көбүрөөк позитивдүү болуп калды. Ошондой эле партиялык принципке карата бир жактуу пикирин айта албаган адамдар да азайып жатат. Буга, балким, элдин партиялык системанын маңызын түшүнө баштаганы себеп болушу мүмкүн. Жарандардын дээрлик 70% жергиликтүү кеңеш менен өз ара байланышка ыраазы.

**Кыргызстандын ар бир үчүнчү жараны ЖӨБ органдарында коррупция жок деп эсептейт. Мындай пикирди кармангандардын катары туруктуу түрдө калыңдап баратат.** Айталы, 2008-жылдан бери ЖӨБ органдарында жемкорлук жок деп эсептеген

жарандардын үлүшү дээрлик жети эсе көбөйгөн. ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээли жогору дегендердин үлүшү 2,5 эсе азайган. Ал эми ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээли өтө жогору дегендер үч эсе азайган. Жергиликтүү бюджетти башкаруу жана мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө коррупция бар деп эсептеген жарандардын саны да азаюуда.

**Жерлерди, сууну жана аз камсыздалгандардын тизмесине кошуу чөйрөлөрүндөгү коррупция үчүн ЖӨБ органдарынан шектенүү туура эмес. Мындай шектенүү башкаруунун башка институттарына даректелүүгө тийиш**. Респонденттердин баамында, ЖӨБ органдарынын ишинде жерлерди башкаруу жана аз камсыздалгандардын тизмесине кошуу өңдүү чөйрөлөрдө коррупция көбүрөөк байкалат. Акыркы эки жылдын ичинде аз камсыздалгандардын тизмесине кошуу процессинде коррупцияны байкагандардын саны эки эсе. Бирок аз камсыздалгандарды тизмеге кошуу боюнча бардык процедура социалдык өнүктүрүү боюнча райондук башкармалык аркылуу жүргүзүлүп калды. Ал эми ЖӨБ органдары бул процесстен чыгарылган. Ошентип иш жүзүндө коррупцияга шектенүү ЖӨБ органдарына эмес, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга багытталды. Ошондой эле жарандар коррупция сууну башкаруу чөйрөсүндө күч алганын байкашууда. Бирок бул жерде да ЖӨБ органдары курмандыкка чалынгандай болуп жатат. Себеби ушул учурда көпчүлүк муниципалитеттерде ичүүчү жана сугат суу боюнча кызмат көрсөтүүнү ЖӨБ органдары эмес, СПА жана ТСКАКБ өңдүү коомдук уюмдар жеткиришет. Жерди башкаруудагы коррупцияга шектенүү ЖӨБ органдары; жайыт комитеттери (жайыттарга карата) жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар (жерлерди трансформациялоо процессине карата) ортосунда бөлүштүрүлгөн.

### Жарандардын ЖӨБго катышуусу: элдин активдүүлүгү өсүүдө, бирок адамдар натыйжалуу салым кошуу үчүн жаңы формаларды күтүп жатат

**Жарандар шайлоо өңдүү өкүлчүлүктүү принципке жана КЭУ аркылуу иштерге байланыштуу болгон формалардан качып, тикелей өз ара аракеттенүүгө умтулушат.** Жарандардын ЖӨБго катышуу формасын тандоого келгенде жарандар эң натыйжалуусу деп төмөнкүлөрдү аташкан: ЖӨБ органдары жамааттарда өткөргөн жолугушуулар (47%); коомдук угуулар (35%); жергиликтүү курултай (31%); жергиликтүү демилгелер (22%). Жарандардын 12 пайызы гана жергиликтүү кеңешке шайлоону, 10 пайызы коммерциялык эмес уюмдар аркылуу өз ара аракеттенүүнү катышуунун натыйжалуу формасы деп эсептейт. Мындай көрүнүш жарандардын ЖӨБго катышуусунун өкүлчүлүктүү формасына болгон ишеним деңгээли төмөн болгондуктан, жергиликтүү кеңеш өз милдеттенмелерин толук аткарбагандыктан, өзгөчө элет жергесинде КЭУ көп жакшы өнүкпөгөнүнөн улам болууда.

**Мыйзамдардагы ченемдердин, коомдук суроо-талаптын таасири менен ЖӨБ органдары элдин үнүнө көбүрөөк кулак сала башташты. Ошол эле маалда жарандар да жамааттын өнүгүүсүнө даяр болгонун айтып жатышат**. Өз шаарынын же айылынын коомдук ишине жеке өзү катышууга даяр жарандардын катары калыңдап баратат. Аны менен катар сурамжылоого катышкандардын дээрлик жарымы бул жаатта тажрыйбасы бар болгонун айтышкан. Бул позитивдүү көрүнүш. Себеби өз-өзүнчө иш алып барганга караганда жамаат менен башкаруу органынын биргелешкен күч-аракети көбүрөөк натыйжа берет. Бирок бул ЖӨБ органдарынын алдына бир тапшырманы коюп жатат: алар адамдарды бул процесске катышуунун талаптагыдай уюштуруучулук формалары менен камсыз кылышы керек. Ошондой эле муну менен жарандарга өз салымын кошууга мүмкүнчүлүк берип, ага баалоо жүргүзүп, бул ишине ыраазычылык билдирүүгө шарт түзүлөт. Жарандардын ЖӨБго катышуусунун эң популярдуу формалары болуп чогулуштар жана коомдук угуулар эсептелет (70%). Бирок жамааттардын өнүгүүсүнө багытталган долбоорлорду даярдап, ишке ашырууга катышкандардын үлүшү кескин түрдө – алты эсе көбөйдү.

**Коомдук кеңештер элеттик жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде популярдуулугун жоготууда, бирок шаарларда аларга суроо-талап кала берүүдө.** 2018-жылы катышуу формаларынын рейтингинде коомдук кеңештер экинчи орунду ээлеп, респонденттердин 30 пайыздан ашыгы ушул жоопту тандаган. Бирок эки жылдын ичинде коомдук кеңештердин популярдуулугу дээрлик эки эсе түшүп кетип, болгону 12 пайызы гана ушул жоопту тандаган. Мындай өзгөрүүнү позитивдүү көрүнүш катары бааласа болот. Себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мыйзамдык ыйгарым укуктарга ээ болгон эң маанилүү кеңеш бар – бул жергиликтүү кеңеш. Эгерде жергиликтүү кеңеш сапаттуу, толук кандуу иш алып барса, жарандарда кошумча кеңештерге катышуу зарылчылыгы деле болмок эмес. Бирок чакан айылдарда ири муниципалитеттерге жана шаарларга караганда кырдаал бир кыйла айырмаланат. Чакан муниципалитетте жергиликтүү кеңеш коомдук кеңештердеги бардык муктаждыктарды камсыз кылууга жөндөмдүү. Бирок шаарда же ири муниципалитетте мындай кеңештер өзүн актайт. Ошондуктан шаарларда демилгелүү топтордун жана коомдук кеңештердин ишине катышкысы келген жарандар көбүрөөк. Ал эми айылдарда адамдар коомдук угууларга, ошондой эле каржылоо үчүн долбоорлорду даярдап, тандап алууга көбүрөөк катышат.

**Төрт жарандын үчөө өз шаарын жана айылын көрктөндүрүү боюнча коомдук иштерге катышып, салымын кошкон.** 2020-жылы бул көрсөткүч 72,8 пайызды түздү. Иш жүзүндө жарандардын басымдуу бөлүгү өз муниципалитетин көрктөндүрүүгө жеке салымын кошууга даяр турат. Бул – өнүгүү потенциалы өтө жогору, ЖӨБ органдары үчүн даяр “армия”. Ошол эле маалда бул көрсөткүч Кыргызстан элинин биримдигин, коллективизмин, өзүнүн жашоосу үчүн гана эмес, болочок муундун жашоо шарты үчүн да жоопкерчилик сезими бар болгонун тастыктап турат. Буга байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдети – жарандарга бул үчүн эффективдүү мүмкүнчүлүктөрдү берүү. ЖӨБ органдары бул тапшырманы жарым-жартылай аткара алды десе болот. Анткени өз шаарын же айылын көрктөндүрүү боюнча коомдук иштерге жеке өзү катышкан адамдардын үлүшү да өсүп, 2020-жылы мындайлар 36,7 пайызды түзгөн. Башкача айтканда, ар бир үчүнчү кыргызстандык өзүнүн гана эмес, башканын да турмуш шартын жакшыртууга салым кошуп жатат.

**Жарандардын көбү ичүүчү суу менен жабдуу жана таштанды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышкысы келет. Бирок жарандар жеке убактысын көп короткусу келбегендиктен ЖӨБ органдарынан коомдук мониторинг жана баалоону уюштуруунун жаңы формаларын күтүшүүдө.** Коомдук мониторинг үчүн темалардын рейтингинде суу жана таштанды сап башында турганы логикага сыйган көрүнүш. Себеби ичүүчү суу жана таштанды жыйноо – бул ар бир үй-бүлө күн сайын колдонгон кызмат көрсөтүүлөр. Ошондуктан ар бир адамдын бул кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө тынчсызданганы, аларга мониторинг жүргүзгүсү келгени турган иш. Жалпысынан ЖӨБ органынын ишине коомдук мониторинг жана баалоо жүргүзүү процесси татаалыраак. Мындай учурда мониторинг убакыт жагынан узакка созулат, ал эми баа берүү оор болуп калат. Себеби көзгө көрүнүп турган жыйынтыктар менен кошо башкаруу процессине да баа берилет. Мониторингдин мындай түрүнө катышууну каалагандар бар, бирок алардын саны азайды. Адамдар катышуунун бул түрү жеке убакытты көп талап кылаарын, документтер менен таанышып чыгууга, бул багытта жаңы билим алууга көбүрөөк күч-аракет кете турганын түшүнүп калышты. ЖӨБ органдары жарандарга мониторинг жана баалоонун жаңы, убакытты көп албаган түрлөрүн сунуш кылышы керек. Балким бул санарип технологиялардын негизинде түзүлгөн форма болушу мүмкүн.

## Жарандардын жергиликтүү бюджеттик процесске катышуусу сандык жагынан алганда мүмкүн болгон чекке жетти жана ЖӨБ органдары ушул көрсөткүчтү сактап калышы үчүн жаңы сапатты сунуш кылууга тийиш

**Жарандардын бюджет боюнча коомдук угууларга катышуусу тарыхый максималдык чекке – 20 пайызга жетти жана ЖӨБ органдары бюджеттик процесске карата жарандардын сунуштарына жана муктаждыктарына реакция жасоонун сапатына көбүрөөк көңүл бурушу керек.** Коомдук угуулар практикасы Кыргызстанда 1999-жылы башталган. Ошондон тартып 2018-жылга чейин жарандардын жергиликтүү деңгээлде бюджет боюнча коомдук угууларга катышуусунда туруктуу өсүш байкалып келди. Ал эми 2018-жылы Кыргыз Республикасы үчүн рекорддук 20 пайыздан ашты. КР Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, 2019-жылы коомдук угууларды 330 ЖӨБ органы өткөргөн. Угуулар негизинен элет жергесинде өткөн, ал эми катышуучулардын саны 28 миңден ашкан. Ошентип, жарандардын мындан ары да коомдук угууларга катышуусун сан жагынан көбөйтүү жарандардын катышуусун күчөтүү процессинин максатына айланбашы керек. Мындан ары сапатына көңүл буруу абзел. Коомдук угууларга жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун жаңы формаларын киргизүү зарыл. Коомдук угууларга катышуунун сандык деңгээлине караганда, ЖӨБ органдары жарандардын пикирлерин жана каалоолорун эсепке алуунун сапаттуу индикаторлоруна көңүл бурушу керек. Мисалы, муниципалдык сайттар, Telegram, “Вотсаптагы” тайпалар, сунуштар үчүн кутулар жана кайтарым байланыштын башка түрлөрү аркылуу онлайн баарлашуу жана сунуштарды алуу үчүн шарттарды түзүп берсе болот.

**Бюджеттик угуулардын сапаты жана сунуштардын эсепке алынышы келечекте жарандардын бюджеттик процесске катышуу каалоосуна олуттуу таасирин тийгизе турган факторлор.** Угууларды өткөргөн алгачкы он жылда коомдук финансы өңдүү өтө так жана маанилүү маселени бийлик менен талкуулап алуу мүмкүнчүлүгү адамдарды шыктандырчу. Бирок убакыт өткөн сайын жарандар угуулардын иш жүзүндөгү жыйынтыгын көбүрөөк баалай баштады. Бул маанисинен алып караганда, жакшы кабар бар: угуулар институтунун өзүнө ишенбегендердин, угууларга катышкандардын каалоосу бюджеттин долбоорунда эсепке алынарына көзү жетпегендердин саны азайды – 8 пайыздан 4,2 пайызга түштү. Мындай динамика адамдарда өз пикирин жеткире алууга болгон ишеним өсүп жатканынан кабар берет. Жалпысынан бюджет боюнча угууларга катышып, ыраазы болуп калган адамдардын үлүшү бир кыйла жогору бойдон кала берүүдө. Мындайлар сурамжылоого катышкандардын 70 пайызын түзөт. Бирок 2020-жылы көп мезгилден бери болбогон көрүнүш байкалды: угуулардын жыйынтыгына канааттануу деңгээли 5,6 пайызга түшүп кетти. Муну бир нерсе менен түшүндүрсө болот: 2019-жылы көпчүлүк ЖӨБ органдары бюджет боюнча угууларды өз тарыхында биринчи жолу өткөрүшкөн (2019-жылы бюджет боюнча угууларды ЖӨБ органдарынын 70 пайызы өткөргөн – бул угуулардын тарыхында рекорддук көрсөткүч).

**Жарандардын бюджеттик процесске натыйжалуу катышуусун жогорулатуу үчүн негизги тоскоолдуктардын бири – элдин финансылык сабаттуулугу төмөн.** Жарандар бюджеттик процесске катышкысы келбеген же катыша албаган себептерге анализ жасалды. Бул анализ көрсөткөндөй, маалыматтын аздыгы же жоктугу негизги фактор болбой калды. Жарандардын көбү бюджеттик процесске катышуунун мүмкүнчүлүктөрү жана ага катышуунун ыкмалары тууралуу билишет. Бирок финансылык сабаттуулугунун төмөн деңгээли, бюджеттик маалыматты окуй албаганы, түшүнбөгөнү бюджеттик процесске катышууга болгон каалоонун жоктугунун негизги себептеринин бири бойдон кала берүүдө.

## Жарандардын көбү ЖӨБ органдары тууралуу маалыматтын көлөмүнө, кайрылууларга алган жоопторго жана ЖӨБдүн ишине жалпысынан канааттанат, бирок сынчыл маанайдагылардын үлүшү көбөйдү

Кыргызстандын төрт жаранынын үчөө жалпысынан ЖӨБ органдарынын ишине кайсы бир деңгээлде ыраазы. 2007-жылдан тартып жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине болгон канааттануу деңгээли өсүп жатат. Бирок бул көрсөткүч туруктуу эмес жана салыштырмалуу жай өсүүдө. Бул жерде да ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлиндей эле 2018-жылдагы үмүттөр акталбагандан кийин көрсөткүч төмөндөп кетти. 2018-жылы тарыхый (байкоо жүргүзүлө баштаган учурдан берки) чоң көрсөткүч байкалган. Ошол жылы жарандардын 84% ЖӨБ органдарынын ишине канааттанаарын билдирген. Бирок чынында бул ишеним бийликке берилген аванс болчу. Себеби ошол жылы жалпы элде аймактарды өнүктүрүүнүн алкагында жергиликтүү жамааттарда да өзгөрүүлөр болот деген үмүт чоң эле.

Жарандар маалымкат алуу үчүн ЖӨБ органдарына сейрек кайрылып калышты. Бул фактынын артында санариптештирүү жана жарандардын документ үчүн кайрылууларынын санын кыскартууга багыт алган мамлекеттик саясат турганын белгилебей коё албайбыз. Башкарууда санарип технологиялардын өнүгүүсү менен маалымкаттарга байланыштуу кайрылуулардын саны мындан ары да азая берээринен шек жок.

Жарандар АЖМФ жерлери, муниципалдык жерди ижарага берүү же сатуу, көрктөндүрүү, турак жай берүү жана кармоо, көчөлөрдү, жолдорду жарыктандыруу, канализация жана таштанды жыйноо маселелери боюнча ЖӨБ органдарына көбүрөөк кайрылып жатышат. Жарандардын бул кайрылуулардын жыйынтыктарына канааттануу деңгээли өтө жогору – 90 пайыздан ашат. Ичүүчү суу менен жабдуу маселелери, ошондой эле жергиликтүү салыктар жана жыйымдар боюнча кайрылуулардын саны бир кыйла азайды. Ошондой эле ЖӨБ органдарынын жоопкерчилик чөйрөсүнө кирбеген маселелер боюнча кайрылуулар да олуттуу түрдө азайды. Мисалы, саламаттык сактоо, пенсиялык камсыздоо, сугат суу. Бул болсо адамдардын укуктук маданияты жогорулай баштаганынан кабар берет, алар конкреттүү маселе үчүн кайсы орган жооптуу болгонун бара-бара түшүнө башташты.

## Кызмат көрсөтүүлөргө канааттануунун төмөн болгону дайыма эле биринчи кезекте аны жакшыртуу зарыл дегенди билдире бербейт. Жарандардын баамында, биринчи кезекте жашоо коопсуздугуна байланышкан маселелерди чечиш керек

**Жарандар кызмат көрсөтүүнү каржылоо зарылчылыгын жашоо жана коопсуздук үчүн мааниси боюнча тандап алышат. Ошондуктан таштанды чыгарууга, жолдорду эксплуатациялоого жана жашылдандырууга карата канааттуу деңгээли салыштырмалуу жогору болгонуна карабастан, жарандардын көбү жергиликтүү бюджеттеги каражатты биринчи кезекте суу менен жабдуу жана канализация кызмат көрсөтүүлөрүнө багытташ керек деп эсептешет.** Ошондуктан чечим кабыл алып жатканда атүгүл жарандардын кайсы бир кызмат көрсөтүүгө канааттанбагандык деңгээли жогору болгонуна карабастан ЖӨБ органы көбүрөөк маанилүү болгон кызмат көрсөтүүлөргө артыкчылык бериши керек. Жалпысынан жарандардын кызмат көрсөтүүнүн маанисине карата артыкчылыктары убакыттын өтүшү менен көп деле өзгөрбөйт: ондогон жылдар бою сап башынан үчөө түшпөй келди. Алар: суу менен жабдуу, таштанды чыгаруу жана жолдорду эксплуатациялоо. Рейтингде мааниси боюнча экинчи орунда көчөлөрдү жарыктандыруу, таштанды чыгаруу жана жашылдандыруу турат. Бирок жашылдандыруу жамааттын ою боюнча маанисин бир аз жоготту, ал эми суу менен жабдуунун мааниси, тескерисинче, көбөйдү.

**Жарандардын пикири боюнча, көчөлөрдү жарыктандыруу, жолдорду эксплуатациялоо, көчөлөрдү тазалоо кызмат көрсөтүүлөрү оңолду; суу бөлүштүрүү жана канализация кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапаты начарлоодо.** 2007-жылдан тартып изилдөө башталгандан берки мезгил аралыгында айрым өтө маанилүү кызмат

көрсөтүүлөргө карата элдин нааразычылыгы салыштырмалуу түрдө азайып жатканы байкалууда. Көчөлөрдү жарыктандырууга кайсы бир даражада ыраазы болгон жарандардын үлүшү өстү – 13 жылда өсүш 30 пайызды түздү; жолдорду эксплуатациялоого ыраазылар – 24 пайызга; көчөлөрдүн тазаланышына ыраазылар – 7 пайызга көбөйдү. Бирок таштанды чыгарууга жана бала бакчаларга канааттануу деңгээли мурдагыдай бойдон кала берүүдө, атүгүл төмөндөп да баратат. Канализация жана суу бөлүштүрүү кызмат көрсөтүүлөрүнө канааттануу деңгээли гана туруктуу түрдө төмөндөп баратат – кызмат көрсөтүүгө канааттангандардын саны үч эсе азайып, өтө төмөнкү деңгээлге – 10 пайызга түшүп кетти.

**Эң көйгөйлүү кызмат көрсөтүүлөрдүн лидерлеринин үчилтигинен таштанды чыгаруу кызмат көрсөтүүсү чыгып кетти. Анын ордуна рейтингде биринчи орунду суу менен жабдуу кызмат көрсөтүүсү ээледи.** Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарынын көбү тушкелди ыргытылган таштандылар менен күрөштө кандайдыр бир деңгээлде ийгиликке жете алды, катуу тиричилик калдыктарын туруктуу чыгарып туруу иши жөнгө салынды. Бул секторсо ЖӨБ органдары үчүн биринчи планда таштандыны жок кылуу маселеси турат. Бирок башкаруу органдарына караганда жарандар үчүн ал көп байкалган жери жок. Ал эми суу менен жабдуу, тескерисинче, элдин баамы боюнча эң көйгөйлүү маселеге айланды. Эл коопсуздукка көбүрөөк көңүл бура баштады. Мындан улам ичүүчү суунун сапатына жана үзгүлтүксүз берилишине коюлган талаптар да көбөйүүдө. Айталы, 2018-жылы респонденттер суунун начар басымын (60%), бир күн ичинде сууну берүү убактысынын аздыгын (29%) негизги көйгөй деп тандашса, 2020-жылы сууну берүү үзгүлтүккө учурап жатканына респонденттердин 80% даттанган. Ошондой эле суунун сапатына тынчсыздангандардын үлүшү бир кыйла көбөйгөн. Мурда “суунун сапаты тынчсыздандырат” деп жооп кайтаргандар дээрлик болчу эмес. Бул көрүнүштү эки өңүттөн түшүндүрсө болот: бир жагынан сууга жетүүгө байланышкан кырдаал, суунун сапаты начарлаган болушу мүмкүн. Экинчи жагынан жарандар суунун сапатына көбүрөөк көңүл бура баштаган болушу ыктымал. Себеби мурда жарандарды суунун жоктугу же анын тартыштыгы көбүрөөк тынчсыздандырчу.

**Жергиликтүү жамааттар, анын ичинде элеттиктер мындан ары канализациясы жок жашагысы келбей калды.** 2020-жылы канализацияга жеткиликтүүлүк жарандардын басымдуу бөлүгүндө жок болуп чыкты, атүгүл мындайлардын саны да көбөйүүдө. Техникалык прогресстин өнүгүүсү, айлана-чөйрөгө келтирилип жаткан зыяндын азайбай жатканы, жугуштуу оорулардын жайылуусу кир сууну тазартуу, элет жергесинде канализациялык курулмаларды уюштуруу маселесин күн тартибине чыгарууда.

## Аялдардын 60 пайыздан ашыгы жергиликтүү өз алдынча башкарууда көбүрөөк жигердүү болгусу келет, бирок көптөр бул укукту толук колдонуу үчүн чектөөлөр бар болгонун сезишүүдө

**Аялдар жергиликтүү жамааттардын бейформалдуу окуяларына көбүрөөк ишенимдүү катышат, бирок расмий иш-чаралардагы жагдай аларга көп деле жага бербейт экен.** Жалпысынан сурамжылоого катышкандардын басымдуу бөлүгү – 70 пайыздан ашыгы – өздөрүн жигердүү жарандык позициясы бар жаран катары эсептешет. Эркектер арасында бул көрсөткүч 83 пайызды, аялдар арасында 63% түзөт. Бул эки жыныс үчүн тең эң жогорку көрсөткүч. Себеби өзүн жигердүү жарандык позициясы бар адам катары эсептеген аялдардын 60 пайыздан ашык болушу – бул регион үчүн салыштырмалуу жогорку көрсөткүч. Бул демек, аялдардын басымдуу бөлүгү коомдук турмушка кызыгат, жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу үчүн өзүндө күч, дарамет бар болгонун сезип турушат. Аялдар жана эркектер чогулуштар жана көчө чогулуштары өңдүү бейформалдуу, коомдук иш-чараларга катышуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана деңгээлине дээрлик бирдей баа беришкен. Бирок андан да көбүрөөк расмий иш-чараларга эркектерге караганда аялдар скептикалык маанайда карай турганы маалым болду. Айталы, курултайга катышуу

деңгээлин терс баалаган аялдардын үлүшү 50 пайызды түзгөн; сурамжылоого катышкан аялдардын 43 пайызы жергиликтүү кеңештин сессиясына катышуу деңгээлине терс баа берген. Аялдарга караганда (39%) эркектер (58%) маселени коомдук угууларда (чогулуштарда, бюджет боюнча коомдук угууларда), ошондой эле жергиликтүү кеңештердин сессияларында өз алдынча көбүрөөк көтөрүп чыгышат экен.

**Үй түйшүгү жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрү ойдогудай бааланбаганы аларга ЖӨБго жигердүү катышууга бут тосуп жатат.** 2020-жылы эркектердин дээрлик 60 пайызы коомдук иштерге катышса, аялдар 40 пайызды түзгөн. Жергиликтүү жамааттын коомдук турмушуна жигердүү катышууга аялдарга бут тоскон негизги көйгөй катары респонденттердин дээрлик 60% акы төлөнбөгөн, аягы көрүнбөгөн үй тиричилигин аташкан. Экинчи себеби – аялдарды жада калса маанилүү маселелерди талкуулоого чакырышпайт экен. Айталы, эркектердин болжол менен 10-15% аялдардын үй тиричилиги көп деген ой менен аларды маанилүү талкууга чакырбашы ыктымал. Ар бир алтынчы аял алардын пикирин эч ким олуттуу кабыл албайт десе, ар бир онунчу аял коомдук турмушка жигердүү катышканы же демилге көтөрүп чыкканы үчүн уяткарышы мүмкүн деп коркот.

**Аялдарга караганда эркектер өздөрү үчүн маанилүү болгон маселени жеңилирээк чечишет, эркектерге тарапташтарды таап, өз демилгелерине колдоого ээ болуу оңой.** Эркектер өздөрүн көбүрөөк эффективдүү иш алып бардым деп эсептешет. Айталы, өзүнүн же жамааттын көйгөйлөрүн чече алдым дегендер: 61% - аялдар жана 91% - эркектер. Эч кандай жыйынтыкка жете албадым дегендер – 20 пайызы аялдар жана 4 пайызы гана эркектер. Өз сунуштарын ишке ашыруу үчүн акча каражаты же жабдуу түрүндө ЖӨБ органдарынан, өнүктүрүү долбоорлорунан жана башка булактардан колдоого аялдарга караганда эркектер көбүрөөк ээ болот экен. Өз демилгелерин ишке ашыруу үчүн тыштан жардам алганын эркектердин 89% ырастады. Ал эми аялдар арасында бул көрсөткүч болгону 49% түздү.

**Аялдардын күчтүү жагы – алардын лидердик сапаттары жана күч-аракеттерди бириктире алуу жөндөмдүүлүгү; эркектердин куралы – жеке тажрыйбасына таянганы жана көтөрүлүп жаткан маселелердин актуалдуулугу.** Эркектер жарандардын көбү үчүн актуалдуу болгон көйгөйлөргө таянышат. Бул негизи салттуу саясий кыймыл-аракетке айланып калды. Ошондой эле эркектер гранттык долбоорлорду ишке ашырууда буга чейинки өзүнүн тажрыйбасына жана адамдарга жардам берүү каалоосуна таянаары белгилүү болду. Эң натыйжалуу факторлор деп аялдар өздөрүнүн демилгелүү топторго биригип кетүү жөндөмдүүлүгүн аташкан. Ошондой эле аялдар эркектерге караганда өзүнүн жеке лидердик сапаттарына таянышат экен.

**Бала бакча жана таза сууга жеткиликтүүлүк маселеси аялдар үчүн артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн сап башында турат.** Себеби бала бакча аялдын колун бошотот, ал акы төлөнгөн ишке орношуп, инсан катары өнүгүүсүнө жол ачылат. Ошондой эле таза сууга жеткиликтүүлүк маселеси да артыкчылыктуу маселелердин бири. Анткени көп жерлерде сууну флягага жана чакага толтуруп алып аялдар жана балдар ташыйт. Бул маселелер ар бир үчүнчү жана бешинчи аялды тынчсыздандыраары белгилүү болду. Экинчи орунда мектептер жана таштанды чыгаруу маселелери турат. Ар бир жетинчи аял буларды артыкчылыктуу көйгөй катары тандап алышкан. Жергиликтүү жамааттарда жогоруда айтылгандардан башка маселелерди аялдар артыкчылыктуу деп тандаган учурлар сейрек.

**Аялдар үчүн артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүдө негизги тоскоолдуктар: акчанын тартыштыгы; аткаминерлердин кайдыгерлиги жана артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алып, аны чечүү жолдорун пландаганда гендердик факторду эсепке алуунун жоктугу**. Аялдардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө бут тоскон факторлордун арасында эң олуттуу үчөө бар. Биринчи фактор – жергиликтүү бюджеттеги каражаттын тартыштыгы. Муну сурамжылоого катышкандардын дээрлик ар бир үчүнчүсү көрсөткөн. Экинчи фактор – аткаминерлердин ичинен кызыкдар адамдардын көп жакшы активдүү болбогону, муну ар бир бешинчи респондент айткан. Үчүнчү фактор – мыйзамдар.

Ар бир тогузунчу респонденттин баамында, мыйзамдар артыкчылыктуу көйгөйлөргө карата гендердик өңүттү эсепке албайт. Жергиликтүү жамаат жана мамлекеттик органдар тарабынан колдоого ээ болбогонун белгилегендердин үлүшү да оңой эмес. Бирок сурамжылоого катышкандардын ичинен мэрия жана айыл өкмөтү тараптан колдоого ээ болбогонун айтып даттангандардын саны өтө аз.

**Аялдар бюджеттик угуулардын сапатына карата көбүрөөк сынчыл маанайда экени белгилүү болду. Аялдар жергиликтүү бюджет тууралуу өз пикирин билдирүү процессинде дискриминацияны байкаганын айтышкан.** Эркектерге караганда аялдар “угуулар маалында алып баруучу гана сүйлөй берди, жашоочуларга пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берилген жок” деген жоопту үч эсе көбүрөөк беришкен. “Угуулар элдин арыз-даттануусу айтылган чогулушка айланып кетти” деп эркектерге караганда аялдар эки эсе көбүрөөк белгилешкен. Ошону менен катар эркектердин 46 пайызы, аялдардын 30 пайызы үчүн гана “бюджет түшүнүксүз болгон”. Ушундан улам мындай тыянак чыгарууга болот: мамлекеттик финансыны башкаруу маселесин аялдар эркектерден кем эмес билишет. Бирок талкуу процессинде аялдар дискриминацияны көбүрөөк байкашат, аялдар өз оюн толук жеткире албай калганын белгилешкен.

## ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жергиликтүү өз алдынча башкарууга жарандардын катышуусунун эски формаларын жаңыртып, мазмунун жаңыча иштеп чыгууга жардам берди

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун таасири алдында жарандардын жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнө катышуунун салттуу формалары бир кыйла өзгөрдү: мыйзамдарда бекитилген формасынан жарандык катышуунун заманбап механизмдерине айланды.** Мисалы, легитимдүүлүк талаптарына жана башка шарттарга карата айта турган болсок, чогулуштар жана демилгелүү топтор Жергиликтүү жамааттын Уставы менен регламенттештирилген. 2020-жылы да аларды максаттуу жана өнөктөш ЖӨБ органдары жигердүү түрдө өткөрүп келатышат. Айылда жергиликтүү көйгөйлөрдү чечиш керек болгондо демилгелүү топтор дайыма эле түзүлө калчу. Бирок Долбоор демилгелүү топтордун статусун жол-жоболоштурууга жардам берип, демилгелүү топтор койгон маселелерге ЖӨБ органдары жооп кайтара ала тургандай өз ара байланыштын формаларын конкреттештире алышты. Жарандардын ЖӨБго катышуу механизмдеринин логикалык жактан бири-бирине байланган топтому Долбоордун көмөгү менен мыйзамдарда бекитилди (КР Бюджеттик кодекси, Өкмөт, Финансы министрлиги жана ЖӨБЭММА бекиткен типтүү документтердин жана жоболордун топтому). Мисалы, жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү иргеп алуу, аларды чечүүнү чогуу пландоо, бюджеттик процесске катышуу, биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү, жарандардын демилгелерин жергиликтүү бюджеттен каржылоо өңдүү бир топ механизмдер сиңип калды.

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен ЖӨБ органдарынын укуктук жана институционалдык иш шарттары да оңолду**: муниципалдык кызматчынын статусу жогорулады, квалификацияны жогорулатуу системасы түзүлдү, өкмөт өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды каржылоо зарыл болгонун мойнуна алды, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы ыйгарым укуктар иш жүзүндө бөлүштүрүлө баштады, ЖӨБдү өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программа түзүлүп, ишке ашырылып келатат, мыйзам долбоорлорун ЖӨБ органдары менен макулдашуу процесси жолго салынып келатат, жергиликтүү кеңештердин ишине административдик жана финансылык шарттар түзүлүүдө, ЖӨБ органдарын текшерүү жарым-жартылай иретке келтирилип калды ж.б. Изилдөө көрсөткөндөй, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору өз карамагына алган максаттуу муниципалитеттерде жакшы жагына өзгөрүүлөр тезирээк ишке ашкан. Ал эми терс жагына өзгөрүүлөр жайыраак болгону байкалган.

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу ЖӨБдүн жашоочулары өздөрүнүн ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрүнө көбүрөөк ишенип калышты.** Долбоор жарандарга өз үнүн жеткирүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн берди. Айталы, Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо механизмин киргизүү менен бул багытта жарандарга кеңири шарттар түзүлдү. Жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрүн аныктоо үчүн ЖӨБ органдары менен жарандар ортосунда 68 миңден ашык байланыш түзүлдү; жарандар Биргелешкен аракеттер пландарына өздөрүнүн 800гө жакын сунушун киргизе алышты. Жарандардын демилгелери жергиликтүү бюджеттер аркылуу кайсы бир даражада ишке ашты. Ошол себептен 2020-жылы ЖӨБ органдарына карата оптимисттик маанайда болгон жарандар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде башка өнөктөш аймактарга караганда көбүрөөк болду. 2012-жылы максаттуу муниципалитеттерде оптимисттик маанайдагы жарандардын саны бир кыйла аз болчу. Бирок 2018-жылга чейин максаттуу муниципалитеттерде ЖӨБго карата оптимисттик маанайдагы жарандардын саны эки эсе көбөйдү. Салыштыруу үчүн айта турган болсок, өнөктөш муниципалитеттерде мындай маанайдагы жарандардын үлүшү болгону үчтөн бирин түзөт.

**Жарандар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу ЖӨБ органдарында коррупция азыраак деп эсептешет.** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугу бир кыйла көбөйдү. Бюджеттик маалыматты жарыялоодо бул көрүнүш өзгөчө байкалууда. Натыйжада ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде айыл өкмөтүндө жемкорлуктун деңгээли *өтө жогору* деп эсептеген респонденттердин үлүшү 2012-жылдан бери азайып келатат. Өнөктөш муниципалитеттерде болсо айыл өкмөтүнө же мэрияга мындай баасын берген респонденттердин үлүшү 2020-жылы беш эсе азайган. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөш ЖӨБ органдарына караганда максаттуу муниципалитеттеринде бюджетти башкарууда жана мамлекеттик сатып алуулар процессинде коррупцияны байкаган жашоочулар аз болгон. Ошол эле маалда өнөктөш ЖӨБ органдарында бул көрсөткүчтөр өстү. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөш муниципалитеттерине караганда, максаттуу ЖӨБ органдарында маалыматка толугу менен канааттангандардын үлүшү тезирээк көбөйүп жатат. Айталы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматка толугу менен ыраазы болгондордун үлүшү 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы эки эсе көбөйгөн. Өнөктөш муниципалитеттерде болсо бул көрсөткүч үчтөн бирге гана көбөйдү. Ошондой эле ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде ЖӨБ органдарынын иши коомчулук үчүн ачык деп эсептеген жарандардын үлүшүндө өсүш көбүрөөк байкалууда.

**Жарандардын башкарууга катышуу деңгээли ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу ЖӨБ органдарында сакталып калды, бирок жалпы өлкө боюнча бул деңгээл түшүп кетти.** Жалпы Кыргызстан боюнча жарандардын бюджет боюнча коомдук угууларга катышуу деңгээлинде төмөндөө байкалды. Бирок ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде бул көрсөткүч 2020-жылдагы тарыхый жогорку чекте (20 пайыздан ашык) сакталып калды. Максаттуу ЖӨБ органдарында угуулардын катышуучуларынын арасында аялдардын үлүшү көбөйгөнү менен, тилекке каршы, өнөктөш ЖӨБдө бул көрсөткүч түшүп кетти. Өнөктөш ЖӨБго караганда, максаттуу муниципалитеттерде жарандардын катышуусунун натыйжа берген түрлөрү барган сайын популярдуу болуп жатат. Айталы, жөн гана маалымат алып, же пикирин айтып кала турган чогулуштар эмес, ЖӨБ органдарынын чечимине чындап таасирин тийгизе алган иш-чаралар (мисалы, угуулар, акча бөлүнчү долбоорду даярдап, тандай турган чогулуштар) көбүрөөк суроо-талапка ээ болуп турат. Мунун бир логикалуу түшүндүрмөсү бар: ЭҮЖӨБОЖ Долбоору максаттуу муниципалитеттерге жарандардын катышуусунун дагы да жемиштүү түрлөрүн киргизүүгө жардам берип жатат. Ушулардын алкагында жарандар ЖӨБ органдарынан кайтарым байланышты алып, алардын муктаждыктары жана каалоолору эсеп алынып, өзгөрүүлөр да болуп жатканын көрүшүүдө. Жергиликтүү бюджеттин же тышкы жардамдын эсебинен каржылана турган долбоорлорду даярдоого же тандоого жарандардын катышуусун алып карасак, мында Долбоордун таасири өзгөчө

байкалат. Муну бир себеп менен түшүндүрүүгө болот: ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Биргелешкен аракеттер пландарын киргизүү жолу менен ЖӨБ органдарынын ишинин даректүүлүгүн олуттуу түрдө күчөтүүгө жардам берди. Себеби мындай пландардын арты менен ЖӨБ органдары иш-чараларды конкреттүү топторго, көчөлөргө ж.б. негиздүү түрдө байлай башташты. Жыл сайын жарандар менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында жергиликтүү жамааттардын 100-150гө жакын курч көйгөйү ушул пландар аркылуу чечилип келатат.

**Максаттуу ЖӨБдүн жашоочуларында күнүмдүк көйгөйлөрүн чечип алууга көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр пайда болду.** Жергиликтүү жамааттардын жоопкерчилиги да көбөйдү, жарандар көптөгөн маселелерди чечүүгө катышууга даяр болуп калышты: 2012-жылга салыштырмалуу 2019-жылы жергиликтүү демилгелерди ишке ашырууга карата жамааттардын активдүүлүгү дээрлик үч эсе, тагыраак айтканда 31 демилгеден 100 демилгеге чейин көбөйдү. Ар бир максаттуу ЖӨБ органында орточо 35 активист (баары болуп 1700 адам) дээрлик 190 демилгелүү топко биригип, ЖӨБ органдары менен чогуу маселелерин чече алышты. Өнөктөш ЖӨБго салыштырмалуу максаттуу муниципалитеттерде коомдук турмушка катышуунун практикалык тажрыйбасына ээ болгондордун саны тезирээк өсүүдө. Айталы, 2015-жылга салыштырмалуу максаттуу муниципалитеттерде коомдук иштерге буга чейин катышкан жарандардын үлүшү 20 пайызга көбөйгөн. Ал эми өнөктөш муниципалитеттерде болгону 11 пайызга гана өсүш байкалган. Максаттуу ЖӨБдө көрктөндүрүү иштерине өзү катышкысы келген жарандардын көп болгонун мындай деп түшүндүрсө болот: ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жардамы менен ЖӨБ органдары инвестицияларды тартуу жана башкаруу көндүмдөрүн жакшырта алышты.

**Максаттуу ЖӨБдө аялдар өздөрү үчүн көйгөйлүү болгон маселелерди чечип, өзүн көрсөтө алуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушту.** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун таасири менен, артыкчылыктуу маселелерди аныктап, ЖӨБдүн ишин пландоого аялдардын катышуусу көбөйдү: 2012-жылы 35 пайыз болсо, 2019-жылы бул көрсөткүч дээрлик 50 пайызга жетти. Аялдардын өздөрү болсо, долбоорлорго катышып, үнүн жеткирүүнүн, өзүн көрсөтө алуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушту. Айталы, демилгелүү топтордун курамындагы аялдардын үлүшү өсүп жатат: 2012-2015-жылдары 36% болсо, 2016-2020-жылдары 43 пайызга чейин өстү. Көптөр жергиликтүү кеңештин депутаты болуп, кызматта өсүшкө жете алса, башкалары биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунда ишин улантып кетишти.


# I. Жарандардын кабылдоосунда ЖӨБ органдарынын элеси

## Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кабыл алуусу

Жарандардын ЖӨБ органдарын кабылдоосу алардын жергиликтүү жамааттардагы турмуш шарттарынын өзгөрүү динамикасына карата мамилесин да чагылдырып турат. Ошол эле маалда жарандардын ЖӨБ органдарына карата эмоциялары ЖӨБ органдарынын иши канчалык элдин үмүтүн актады же актаган жок деген пикирди чагылдырат. Бул көрсөткүч ЖӨБ органдарынын жамааттардагы турмушту жакшы жагына өзгөртө алуу жөндөмдүүлүгүнө болгон ишенимдин болуп-болбогонун көрсөтүп турат. Сурамжылоо маалында респонденттерге ЖӨБ органдарына карата кандай эмоцияларды сезээрин тандап алуу сунушталган. Тизмеде төмөнкү эмоциялар бар болчу: оптимизм, шыктануу, аёо, көңүл калуу, кыжырдануу жана эч бир эмоция жок.


Жарандардын үчтөн бири ЖӨБ органдарына карата эч кандай эмоцияларды сезбей турганы белгилүү болду. Бул болсо көпчүлүк адамдар жамааттагы жашоо шарттарын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине байланыштырбаганынан, өзүнө гана ишенгенинен кабар берет. Калгандардын пикири болсо эки ача чыкты. Айталы, ар бир бешинчи адам ЖӨБго карата оптимисттик маанайда жана муну менен ЖӨБ органынын жамааттагы жашоо шартка таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ишенишет. Дээрлик 12 пайызы ЖӨБдүн өнүгүү келечегинен көптү күтөт. Бирок сурамжылоого катышкандардын төрттөн бири ЖӨБго карата терс эмоцияларды сезет: 14% - кыжырдануу, дээрлик 8 пайызы – көңүл калуу. Ал эми сурамжылоого катышкандардын 8,2 пайызы ЖӨБ органдарына боору ооруйт. Бул респонденттер ЖӨБ органдарынын кыйынчылыктарын иш жүзүндө түшүнүп турушат жана алардын “колу-буту тушалуу” болгонун баамдашат.

*1-диаграмма. 2020-жылы жарандардын ЖӨБ органдарына карата сезген эмоциялары, пайыздар менен*




ЖӨБдөн көңүлү калгандарга салыштырмалуу ЖӨБ органдарына карата оптимисттик маанайдагы жарандар дайыма басымдуу көпчүлүктү түзүп келгени менен, акыркы алты жылдан бери терс динамика байкалууда.

*2-диаграмма. Жарандардын ЖӨБ органдарын позитивдүү жана негативдүү кабыл алуу динамикасы, 2015-2020-жылдар, пайыздар менен*




Оптимизм жана шыктануу өңдүү позитивдүү эмоцияларды сезгендердин үлүшү дээрлик эки эсе азайды. Ал эми көңүл калуу жана кыжырдануу өңдүү терс эмоцияларды сезгендердин үлүшү 2,5 эсе көбөйдү. Муну бир чети дагы бир жагдай менен түшүндүрсө болот: жылдан жылга жарандардын ЖӨБ органдарынан күткөнү жана суроо-талабы өсүүдө, муну менен катар жашоодон негизинен эле көптү күткөндөр да көбөйүүдө. Экинчи жагынан ЖӨБ органдарынын жарандардын муктаждыктарын толук канааттандыруу мүмкүнчүлүгү чектелүү болууда. 2-диаграммада 2018-жылы ЖӨБго карата оптимизм жана шыктануу күч болгонун белгилебей койсок болбой калат. Бул жылы ЖӨБдөн позитивдүү күтүү сезими жарандардын 66 пайызында болгон. Бул – рекорддук жогорку көрсөткүч. Бул көрүнүштү ошол жылы болгон окуя менен байланыштырсак болот: мамлекеттик саясат аймактарды өнүктүрүүгө багытталган (КР Президенти өлкө тарыхында биринчи жолу 2018-жылды Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялаган эле). Бирок адатта саясатта боло жүргөндөй эле, үмүттөр реалдуу жыйынтыктарга караганда алда канча жогору болду. 2020-жылы ЖӨБго карата оптимисттик маанайдын эки эсе азайып кетишин ушуну менен түшүндүрсө болот. Жарандар КР Президенти жана КР Өкмөтү берген убадаларды ЖӨБ органдарынан талап кыла баштаганда алар бул үмүттөрдү толук актай албай, мындан улам позитивдүү маанай терс жагына өзгөрдү – ЖӨБдөн көңүлү калган жана кыжырданган жарандардын үлүшү эки эсе өстү.

Бирок ЖӨБ органдары бир топ чектөөлөрдүн шартында иш алып барышат жана улуттук деңгээлдеги саясатчылардын бардык убадаларынын аткарылышы үчүн жоопкерчилик ала алышпайт. Эң негизги чектөө – бул ыйгарым укуктардын чөйрөсү жана алардын аткарылышын каржылоо маселеси. Бул жагынан алып караганда жарандардын ЖӨБ органдарына карата терс эмоцияларынын динамикасын жергиликтүү бюджеттердеги кирешелердин динамикасы менен салыштыруу көп нерсени көрсөтүп берет.

*3-диаграмма. ЖӨБ органдарына терс эмоцияларды сезген жарандардын үлүшүнүн динамикасы жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин динамикасы, 2015-2020[2]-ж.ж.*





3-диаграмма ЖӨБго карата терс эмоцияларды сезген жарандардын үлүшү менен жергиликтүү бюджеттердин жыйындык көлөмү ортосунда байланыш бар болгонун чагылдырып турат: жергиликтүү бюджеттердин кирешеси канчалык төмөн болсо, жарандардын көңүл калуу жана кыжырдануу сезими ошончолук көбүрөөк болот. Тескерисинче, бюджеттин кирешеси жогору болсо, мындай терс сезимдер да болбойт.

## Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга кызыгуусу

Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине карата кызыгуусу акыркы 15 жылдан бери (баалоо башталган учурдан бери) жалпысынан туруктуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө. Иш жүзүндө Кыргызстандын төрт жаранынын үчөө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине кайсы бир деңгээлде кызыгат. Аны менен катар бир жактуу кызыккандар көп деле кызыкпагандарга караганда дайыма 1,5-2 эсе көп болчу. Ошол эле маалда 2012-жылга чейин жарандардын кызыгуусу туруктуу түрдө өсүштү көрсөтүп турган: 2006-жылы 73% болсо, 2012-жылы 89 пайызга чейин болгон. 2012-жылдан кийин ЖӨБ маселесине кызыгуу жай, бирок туруктуу түрдө азайып отуруп, 2020-жылы 74% түздү. Мамлекеттик башкаруу практикасы көрсөткөндөй, эгерде адамдардын маселелери чечилбей жатса же начар чечилсе, жарандардын башкаруу системасына болгон кызыгуусу күчөйт. Ошондуктан 2011-жылы эки деңгээлдүү бюджеттик системанын киргизилгенин 2012-жылдан кийин жарандардын кызыгуусунун азайышынын бир себеби катары караса болот. Мындай бюджеттик система ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттерди башкарууда эгемендикти кайтарып берген, бул болсо алардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө болгон финансылык жөндөмдүүлүгүн күчөткөн.


[2] Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жыйынды көлөмү 2020-жылы жазында Кыргыз Республикасынын бюджети кыскаргандан кийин план боюнча чыгарылат.

*4-диаграмма. 2006-жылдан[3] 2020-жылга чейинки мезгилде жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине болгон кызыгуусунун динамикасы, пайыздар менен*




Мындан тышкары карама-каршы гипотеза да бар. Ага ылайык, жарандардын башкаруу институттарына болгон кызыгуусу ишеним деңгээлинин төмөндөшү менен кошо азайган. Мындай учурда адамдар бийлик жашоону жакшы жагына өзгөртүүгө жөндөмдүү болгонуна ишенбей калышат жана башкарууга катышып, убактысын да, күчүн да короткусу келбейт. Бирок Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата алып карасак, жарандардын ЖӨБго болгон ишеним деңгээли туруктуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө (6-диаграмманы караңыз). Ошондуктан жер-жерлерде кырдаал оңоло баштаганы үчүн кызыгуу азайды деген биринчи түшүндүрмө жүйөлүү болуп турат. Анын үстүнө 2020-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары кырдаал оңолгонун тастыктап турат. Айталы, респонденттер өз шаарындагы, аймактагы же айылдагы жашоо шарттары өткөн жылдарга салыштырмалуу оңолгонун белгилешкен.


*5-диаграмма. Өткөн жылга салыштырмалуу шаардагы, аймактагы же айылдагы жашоо шарттарына берилеген баа, пайыз менен*




[3] 2006-жыл үчүн маалымат шаарлардын жашоочуларын сурамжылоодон алынды жана элеттиктердин пикири эсепке алынган эмес.

Мындан тышкары, ЖӨБ органдарына кызыгуу деңгээлинин төмөндөшү дагы бир жагдайга байланыштуу болушу мүмкүн: адамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши тууралуу жетиштүү маалыматка ээ. Айталы, жарандардын басымдуу бөлүгү – 75 пайыздан ашыгы ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчиси – мэри же айыл өкмөт башчысы ким болгонун билишет. Бирок көп жылдан бери жарандардын шаардын мэри же айыл өкмөт башчысы ким болгону тууралуу маалымдуулугунун өсүш тенденциясы басаңдай түштү. Себеби 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы муниципалитеттин жетекчиси ким экенин ишенимдүү түрдө айта алган жарандардын үлүшү 8 пайызга төмөндөдү. Мындай 8 пайыздык төмөндөө жергиликтүү кеңештердин депутаттары тууралуу кабардар болгондукка карата белгиленген. Бул төмөндөөнү терс факт катары баалоого болбойт. Себеби кабары барлардын 76% - бул өтө жогорку көрсөткүч. Жарандар ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчисин түз шайлабаганын эсепке алуу менен, бир жагдайды так айтса болот: түз шайлоо системасы киргизилген учурда мыкты жүргүзүлгөн шайлоо өнөктүгүнөн кийин жеңип чыккан жергиликтүү лидерди калктын 90, атүгүл 100 пайызы, анын ичинде балдар да таанып калат. Ушундай шартта гана бул көрсөткүчтө өсүш болот.

*6-диаграмма. ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери тууралуу жарандардын кабардар болгондук деңгээлинин динамикасы, пайыздар менен*




ЖӨБ органдарынын иши тууралуу жарандар колдонгон маалымат булактарына жасалган анализ көрсөткөндөй, барган сайын адамдардын тандоосу өзгөрүүдө. Мурда эң популярдуу маалымат булагы бейформал болчу – адамдар маалыматты достордон, туугандардан жана кесиптештерден алышчу. Бирок 2020-жылы популярдуулугу боюнча биринчи орунда адам көп чогулган жерлер – базарлар, жармаңкелер, чогулуштар болуп калды. Бул тизмеде ЖӨБ органдары атайын жайгаштырган расмий маалыматтар да бар. Айталы, 2020-жылы маалымат алуунун негизги булагы катары досторду, туугандарды жана кесиптештерди көрсөткөн адамдардын үлүшү эки эсе кыскарган: 2018-жылы мындайлар 38 пайыз болсо, 2020-жылы 16,7 пайызды түзгөн. Ошондой эле маалыматты эл көп чогулган жерден (базарлардан, жармаңкелерден) алган жарандардын үлүшү да көбөйүүдө: 2018-жылы 8,5% болсо, 2020-жылы 20,2% болгон. Ошондой эле маалыматты түздөн-түз ЖӨБ органдарынан алган жарандардын үлүшү да көбөйүүдө: 2018-жылы ЖӨБ органдарынан маалымат алгандар 4,7% болсо, 2020-жылы 6,1 пайызды түздү. Ошентип ЖӨБ органдарынын иши тууралуу маалымат булактарын тандаганда жарандар расмий булактарга артыкчылык берүүдө, муну менен ушаң-айыңдар бара-бара актуалдуулугун

жоготууда. Жарандар текшерилген маалымат булактарына таяна баштады. Бул болсо маалыматты кабыл алууда сынчыл маанай күчөгөнүн тастыктап турат.

## Жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеними

Жарандардын мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарына караганда ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли салттуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө. 2020-жылы ЖӨБдүн аткаруу органдары – мэриялар жана айыл өкмөтү калктын ишеним рейтингинде төртүнчү орунду ээлеген. Алгачкы үч орунда билим берүү системасы, куралдуу күчтөр жана диний институттар турат. Жергиликтүү кеңештер калктын ишеним деңгээлине көп деле ээ эмес жана ишеним рейтингинде жетинчи орунду ээлейт.

*7-диаграмма. 2020-жылы жарандардын башкаруу жана өнүгүү институттарына болгон ишеним деңгээли, он баллдык шкала боюнча. Бул жерде 10 балл ишенимдин эң жогорку деңгээлин көрсөтүп турат*





ЖӨБдүн аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарына болгон ишеним деңгээлиндеги айырманы бир нече фактор менен түшүндүрсө болот. Биринчиден, жарандар жергиликтүү кеңештердин депутаттарын жалпысынан өтө жогору эмес деңгээлде баалашат жана аларга көбүрөөк квалификациялык талаптар коюлсун дешет. Экинчиден, жергиликтүү депутаттарды шайлоодо партиялык принципке ишенбестик көз көрүнөө билинип турат. Сурамжылоого катышкандардын 44,2 пайызы жергиликтүү кеңештер партиялык белгиси боюнча түзүлбөшү керек деп эсептейт. Бирок бул пикир бардык жерде эле бирдей эмес. Мисалы, жергиликтүү кеңештер партиялык тизме менен түзүлүшү керек деп эсептегендердин эң көп үлүшү Ош облусуна туура келет – 46,9%. Ал эми Талас облусунда мындай пикирди карманган респонденттердин үлүшү болгону 12,4 пайызды түзөт. Калган облустарда бул көрсөткүч 28 пайыздан 33 пайызга чейин болгон.

Жарандардын бийликке болгон ишеним деңгээлине жалпысынан 2018-жылы башкаруу системасына карата ишенимдин жогорулашы таасирин тийгизди. Бул жылы аймактарды өнүктүрүү саясатынан үмүт чоң болуп турган. 2018-жылдан кийин бардык

институттарга болгон ишенимдин деңгээли төмөндөп кеткен. Өзгөчө билим берүү системасына (1,16 пунктка) жана Жогорку Кеңешке (0,69 пунктка) болгон ишеним азайды. 2012-жылдагы жыйынтыктарга салыштырмалуу, жергиликтүү өз алдынча башкарууга болгон ишеним жалпысынан башкаруу системасына караганда жайыраак түшүүдө. Айталы, 2020-жылы башкаруу системасына болгон ишенимдин деңгээли 0,6 пунктка, мэрияларга жана айыл өкмөттөрүнө 0,4 пунктка, жергиликтүү кеңештерге 0,5 пунктка түшкөн.


*8-диаграмма. Жалпысынан бийлик институттарына болгон ишеним деңгээлинин орточо маанисине салыштырмалуу жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлинин динамикасы, он баллдык шкала боюнча. Бул жерде 10 балл ишенимдин максималдуу деңгээлин билдирет*




Респонденттердин басымдуу бөлүгү – 94% – мэрдин же башчынын кызматына, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерге коюлуп жаткан талаптар жогору болушу керек деп эсептешет. ЖӨБдүн аткаруу органынын башчысын эл өзү түз шайлоо аркылуу тандашы керек деп эсептеген адамдардын үлүшү 2018-жылга салыштырмалуу 13,4 пайызга көбөйдү. Жарандардын 90,4 пайызы ушундай пикирди карманат.

ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарына – жергиликтүү кеңештерге байланыштуу айта турган болсок, партиялык фактор терс таасирин тийгизүүдө деген ойдо болгон жарандар бир аз жумшарды. 2020-жылы жарандардын олуттуу бөлүгү – 44 пайызы жергиликтүү кеңештерди түзүүнүн партиялык принцибин колдобосо да, 2015-жылга салыштырмалуу партиялык принципке макул болгон жарандардын саны 2,5 эсе көбөйдү. Мындай тенденцияны бир жагдай менен түшүндүрсө болот: жергиликтүү кеңештер менен аткаруу органдарынын өз ара мамилеси жалпысынан калыбына келди, тирешүүлөр азайды, мамилелери конструктивдүү нукка түштү. Ошондой эле партиялык принципке карата бир жактуу пикирин айта албаган адамдар да азайып жатат. Буга, балким, элдин партиялык системанын маңызын түшүнө баштаганы себеп болушу мүмкүн.

*9-диаграмма. Жергиликтүү кеңештер партиялык принцип менен түзүлүшүн колдогон жарандардын динамикасы, 2015-2020-жылдар, пайыз менен*




Саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине таасир этүү факторуна карата да маанай өзгөрүүдө. Саясий партиялар жергиликтүү кеңештин ишине толугу менен же жарым-жартылай таасир этет деп эсептеген респонденттердин үлүшү азайды. Мындай респонденттердин үлүшү 2020-жылы 40,5 пайызды түздү. Бул болсо, 2018-жылга салыштырмалуу 11,5 пайызга аз дегенди билдирет.

*10-диаграмма. Саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине таасир тийгизүүнүн түрлөрү тууралуу жарандардын пикири, 2018-жыл жана 2020-жыл, пайыз менен*




Жалпысынан респонденттердин жоопторунун мүнөзү бир нерсени тастыктап турат: алардын баамында, соңку эки жылдын ичинде айыл өкмөтүнүн ишине көзөмөлдү күчөтүү жагынан алып караганда саясий партиялардын таасири позитивдүү болуп калды. Бирок жергиликтүү кеңештин калк менен өз ара байланышынан алып караганда өзгөргөн жок, атүгүл көбүрөөк негативдүү мүнөзгө ээ.

Буга карабастан ЖӨБдүн аткаруу органдары менен өз ара байланышка толугу менен же жарым-жартылай канааттанган жарандардын үлүшү мурдагыдай эле жогору бойдон кала берүүдө – 75,5 пайызды түзөт. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын төрт


жаранынын үчөө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине кайсы бир деңгээлде канааттанат. Бирок 2018-жылга салыштырганда бул көрсөткүч 5,5 пайызга азайды. Жергиликтүү кеңештер менен өз ара байланышка канааттанган жарандардын үлүшү да жогору бойдон калууда. Бирок мэриялар жана айыл өкмөттөрү менен салыштырганда төмөнүрөөк. Жергиликтүү кеңештер менен өз ара байланышка ыраазы болгондор 69,5% түзсө, мэрия жана айыл өкмөттөрүнүн ишине канааттангандар 75,5 пайызды түзөт.

Алынган маалыматтар жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли бир кыйла жогорку деңгээлде кармалганын тастыктоодо (15 уюм жана институттар кирген рейтингде төртүнчү жана жетинчи орунду ээлейт). Мамлекеттик башкаруу органдарына болгон ишеним деңгээлине караганда ЖӨБго карата ишеним деңгээли да мурдагыдай эле жогору бойдон кала берүүдө. ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлинин бир аз азайышы бир нече факторго байланыштуу болду. Биринчиден, жарандардын жалпысынан бийликке болгон ишеними азайды. Экинчиден, калк жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясына канааттанбай турат. Мындан тышкары эл жергиликтүү шайлоонун партиялык системасына ишенбейт. Жергиликтүү кеңештерге салыштырмалуу ЖӨБдүн аткаруу органдары – мэриялар жана айыл өкмөттөрү менен өз ара байланышка канааттануу жогору болгону менен, келечекте жарандардын басымдуу бөлүгү ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчилерин түз шайлагысы келет.

## Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы коррупциянын деңгээли тууралуу пикири

Мамлекеттик органдарга салыштырмалуу ЖӨБ органдарына карата жарандардын ишеним деңгээли жогору болгону жергиликтүү деңгээлдеги коррупциянын деңгээлине карата пикири менен да тастыкталууда. Айталы, ар бир үчүнчү жаран ЖӨБ органдарында коррупция жок деп эсептейт. Мындай пикирди кармангандардын катары туруктуу түрдө калыңдап баратат. Айталы, 2008-жылдан бери ЖӨБ органдарында жемкорлук жок деп эсептеген жарандардын үлүшү дээрлик жети эсе көбөйгөн. ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээли жогору дегендердин үлүшү 2,5 эсе азайган. Ал эми ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээли өтө жогору дегендер үч эсе азайган.

*11-диаграмма. Мэрияда жана айыл өкмөтүндө коррупциянын деңгээли тууралуу респонденттердин пикири, 2012-2020-жылдар, пайыздар менен*




Респонденттердин баамында, ЖӨБ органдарынын ишинде жерлерди, бюджетти башкаруу жана аз камсыздалгандардын тизмесине кошуу өңдүү чөйрөлөрдө коррупция байкалат. 4-диаграммада көрүнүп тургандай, акыркы эки жылдын ичинде аз

камсыздалгандардын тизмесине кошуу процессинде коррупцияны байкагандардын саны эки эсе өскөн – 9,75 пайыздан 21,4 пайызга чейин. Муну жөлөкпул алгандардын саны көбөйгөнү менен түшүндүрсө болот. Себеби мыйзам боюнча, жөлөкпул алууга укукту аныктап жатканда пенсияны үй-бүлөлүк кирешеден чыгарып салышкан. Мындан улам жаңы "кардарлар" да көбөйдү, түшүнбөстүктөр жана шектенүүлөр арбыды. Бирок 2019-жылы мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген. Аларга ылайык, аз камсыздалган, балалуу үй-бүлөлөргө ай сайын берилчү жөлөкпулду сурап жарандар адегенде ЖӨБ органдарына эмес, социалдык өнүктүрүү боюнча райондук башкармалыкка кайрылышат. Мындан улам аз камсыздалгандарды тизмеге кошуу боюнча бардык процедура социалдык өнүктүрүү боюнча райондук башкармалык аркылуу жүргүзүлүп калды. Ал эми ЖӨБ органдары бул процесстен чыгарылган. Ошентип иш жүзүндө коррупцияга шектенүү ЖӨБ органдарына эмес, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга багытталды.

Ошондой эле жарандар коррупция сууну башкаруу чөйрөсүндө күч алганын байкашууда. Бирок бул жерде да ЖӨБ органдары курмандыкка чалынгандай болуп жатат. Себеби ушул учурда көпчүлүк муниципалитеттерде ичүүчү жана сугат суу боюнча кызмат көрсөтүүнү ЖӨБ органдары эмес, СПА жана ТСКАКБ өңдүү коомдук уюмдар жеткиришет. Бирок мыйзамдарга ылайык, бул кызмат көрсөтүү үчүн соңку жоопкерчилик баары бир ЖӨБ органдарына жүктөлгөн. Ошондуктан жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруудан шектенгенин кандайдыр бир деңгээлде түшүнсө болот. Бирок кызмат көрсөтүүнү жогоруда айтылган уюмдардын башкаруусуна өткөрүп берүү тууралуу чечимди ЖӨБ органдары эмес, өкмөт кабыл алган.

Коррупцияга шектенүүнү ЖӨБ органдарына түз даректөө маалымкаттарды берүүгө карата маселеде гана жүйөлүү десе болот. Себеби бул функцияны жергиликтүү өз алдынча башкаруу гана аткарат. Жерди башкаруудагы коррупцияга шектенүү ЖӨБ органдары (калктуу конуштардын ичиндеги муниципалдык жерлерге карата; жеке турак жай курууга жер берүүгө карата; АЖМФ жерлерин бөлүштүрүүгө карата); жайыт комитеттери (жайыт билеттерине карата) жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар (жерлерди трансформациялоо процессине карата) ортосунда бөлүштүрүлгөн.

Жалпысынан, жергиликтүү деңгээлде коррупция ресурстарды – жерди, сууну башкарууда, ошондой эле мамлекеттик жөлөкпулдарды бөлүштүрүүгө байланышкан маселелерде көбүрөөк байкалууда деп эсептеген жарандар көбөйдү. Бирок бюджетти башкаруу жана мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө ЖӨБ органдары таза иштей баштады деген жарандардын да катары калыңдады.

*12-диаграмма. ЖӨБ органдары тарабынан коррупциялык белгилер билинген чөйрөлөрдүн рейтинги, 2020-жыл, пайыздар менен*



## II. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу

Жарандардын ЖӨБго катышуусу – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун пайдубалы. Себеби жергиликтүү жамааттын өз алдынча, жоопкерчиликти өзүнө алуу менен кабыл алган чечимдери ЖӨБ системасынын маңызын түзөт. Ошондуктан жарандардын ЖӨБго катышуу укуктарын ишке ашыруу үчүн укуктук жана институционалдык шарттарды жакшыртуу процесси туруктуу, үзгүлтүксүз ишке ашып турушу керек.

Жарандар ЖӨБдөгү өзүнүн укуктары жана милдеттери тууралуу көп жакшы маалыматка ээ эмес жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугун толук колдоно албай келишет. Негизги көйгөй – ЖӨБ менен жарандар ортосунда натыйжалуу коммуникация жетишсиз болууда. Элде мамлекетке карата инфантилдүү, керектөөчү мамиле да таасирин тийгизип жатат. Мындай мамиле калктын кулк мүнөзүндө Советтер Союзунан жана пландуу экономика мезгилинен бери сакталып келүүдө. Көпчүлүк жарандар, анын ичинде ЖӨБ органдарынын жетекчилери жана кызматкерлери, атүгүл айрым мамлекеттик кызматчылар да ЖӨБдүн чыныгы табиятын толук түшүнбөй жатышат. Алар мамлекеттен башкаруучулук чечимдерди кабыл алууну да, көйгөйлөрдү чечип берүүнү да күтө беришүүдө. Мамлекет өзү да азырынча ЖӨБдөгү реформаны логикалык соңуна чыгара элек, ЖӨБ органдарынын чыныгы өз алдынчалуулугун камсыз кылбай жатат.


Жергиликтүү жамааттын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн пландап, аны жүзөгө ашырууда ЖӨБ органдары көп учурда жарандардын чыныгы муктаждыктарын талаптагыдай эсепке албай калышат. Жергиликтүү бюджеттер аймактардын Социалдык-экономикалык өнүгүү программалары менен үзгүлтүксүз байланышта болуп, жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарына негизделүүгө тийиш. Улуттук мыйзамдар (КР Бюджеттик кодекси жана башка ченемдик укуктук актылар) ЖӨБ органдарынан коомдук угууларды (мындан ары – КУ) өткөрүп, ошол жерден элдин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктап, бюджеттин долбоорун талкуулоону талап кылат. Бирок бул иштер азырынча талаптагыдай деңгээлде болбой жатат. Буга негизинен бюджеттик процессте калктын кызыкчылыктарын кантип коргош керектигин жергиликтүү деңгээлде түшүнүктүн жоктугу себеп болууда.

Отчеттуулук мындайча түзүлгөн: ЖӨБ органдары биринчи кезекте аларды тандагандардын (б.а., жергиликтүү жамааттын) алдында эмес, башкаруу иерархиясында жогору тургандардын – мамлекеттик органдардын алдында отчет беришет. Жергиликтүү жамааттын алдында жоопкерчиликтин жок же аз болгонунун натыйжасында элеттик ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери – айыл өкмөт башчылары иш жүзүндө элге, жарандарга отчет беришпейт. Себеби аларды жергиликтүү кеңештин депутаттары шайлайт, ал эми талапкерлигин мамлекеттин өкүлү же жергиликтүү кеңеш өзү көрсөтөт. Ошентип, жарандарда шайлоо системасы аркылуу жетекчиге түз таасир этүү мүмкүнчүлүгү жок. Натыйжада жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысынын же жергиликтүү кеңештин муктаждыктарын канааттандыруу айыл өкмөт жетекчисинин башкы максатына айланат. Бирок алардын кызыкчылыктары дайыма эле калктын кызыкчылыктарына төп келе бербейт. Буга партиялык шайлоо системасы көмөкчү болууда.

Жарандардын ЖӨБго катышуу формасын тандоого келгенде жарандар эң натыйжалуусу деп төмөнкүлөрдү аташкан: ЖӨБ органдары жамааттарда өткөргөн жолугушуулар (47%); коомдук угуулар (35%); жергиликтүү курултай (31%); жергиликтүү демилгелер (22%). Жарандардын 12 пайызы гана жергиликтүү кеңешке шайлоону, 10 пайызы коммерциялык эмес уюмдар аркылуу өз ара аракеттенүүнү катышуунун натыйжалуу формасы деп эсептегени тынчсызданууну жараткан факт. Бул сандар элдин ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли бир кыйла жогорку деңгээлде болгону менен, жарандар шайлоо өңдүү өкүлчүлүктүү принципке жана КЭУ аркылуу иштерге байланыштуу болгон формалардан качып, тикелей өз ара аракеттенүүгө умтулганынан кабар берет. Мындай көрүнүш жарандардын ЖӨБго катышуусунун өкүлчүлүктүү формасына болгон ишеним деңгээли төмөн болгондуктан, жергиликтүү кеңеш өз

милдеттенмелерин толук аткарбагандыктан, ЖӨБ органдарынын жарандар алдындагы отчеттуулугунун чабалдыгынан улам болууда.

*13-диаграмма. Жергиликтүү демократиянын жана ЖӨБ деңгээлинде жарандык катышуунун өзгөчө натыйжалуу формалары* [4]




## Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу

Жогоруда айтылгандай, чогулуштар жана коомдук угуулар жарандардын ЖӨБго катышуусунун эң эле көп тандаган формалары болуп эсептелинет. Жарандардын коомдук угууларга катышуусу жарандардын санына тескери пропорционалдуу болгонун түшүнүш керек. Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, 5000ден ашпаган киши жашаган муниципалитет үчүн жалпы муниципалдык чогулуштарга калктын 14-15 пайызы гана катышат. Ал эми калктын саны 20 миңден ашкан муниципалитетте 3-5% гана катышат[5]. Муну кандай гана чогулуш болбосун, анда жөнөкөй физикалык чектөөлөр да болоору менен түшүндүрө алабыз: көпчүлүк калктуу конуштарда 150-200дөн ашык адамды бир жерге чогултуу мүмкүн эмес (Кыргызстандагы ЖӨБ органдарынын практикасында 200дөн ашык адам катышкан угуулар сейрек болот). Өлкөдөгү ЖӨБ органдарынын жалпы санынан алганда, Кыргыз Республикасында бюджет боюнча коомдук угуулардын катышуучуларынын натуралай максималдуу саны 60тан 100 миңге чейин жетиши мүмкүн (КР Финансы министрлигинин маалыматы боюнча, угууларга орточо 85 адам катышат). Бирок натуралай максимум деген социалдык жактан мүмкүн жана натыйжалуу максимум дегенди билдирбейт. Себеби катышуучулардын санын жөн эле көбөйтүп коюу менен бюджет өзгөчө натыйжалуу талкууланып калат деп айтууга болбойт.


Коомдук угуулар практикасы Кыргызстанда 1999-жылы башталган. Ошондон тартып 2018-жылга чейин жарандардын жергиликтүү деңгээлде бюджет боюнча коомдук угууларга катышуусунда туруктуу өсүш байкалып келди. Ал эми 2018-жылы Кыргыз Республикасы үчүн рекорддук 20 пайыздан ашты. КР Финансы министрлигинин

[4] Булак: Public Opinion Survey Residents of Kyrgyzstan // The survey was conducted by Dr. Rasa Alisauskiene of the public and market research company Baltic Surveys/The Gallup Organization on behalf of the International Republican Institute. The field work was carried out by SIAR Research and Consulting, 2018.

[5] Массачусетстин (АКШ) мисалында. Очертина М. А. Коомдук угуулар институтунун аныктамасы жана типологиясы // Орусиялык Илимдер академиясынын Урал бөлүмүнүн Философия жана укук институтунун жылдык илимий жыйнагы, № 8, 2008. Шилтемеси: https://cyberleninka.ru/article/n/ponyatie-i-tipologiya-instituta-publichnyh-slushaniy/viewer

маалыматына ылайык, 2019-жылы коомдук угууларды 330 ЖӨБ органы өткөргөн. Угуулар негизинен элет жергесинде өткөн, ал эми катышуучулардын саны 28 миңден ашкан. Ошентип, жарандардын мындан ары да коомдук угууларга катышуусун сан жагынан көбөйтүү жарандардын катышуусун күчөтүү процессинин максатына айланбашы керек. Мындан ары сапатына көңүл буруу абзел. Коомдук угууларга жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун жаңы формаларын киргизүү зарыл.

*14-диаграмма. Бюджет боюнча коомдук угууларга катышкан жарандардын үлүшү, 2007-2020-жылдар, пайыз менен*





Анын үстүнө мындан ары коомдук угуулардын катышуучуларынын саны көбөйөт деген ыктымалдуулук аз. Себеби ЖӨБ органдары катышууну каалагандардын көбү үчүн шарттарды түзүп берди. Ошондуктан иш-чара тууралуу маалыматтын жоктугу, билбегени катышуунун негизги себеби боло албайт. Муну коомдук угуу өтөөрү тууралуу билсе да, колу бош болбогондуктан бул иш-чарага катышпаган жарандардын саны көбөйүп жатканы тастыктап турат. 2018-жылы ушинтип жооп кайтаргандар 17,8 пайыз болсо, 2020-жылы мындайлар 24,5 пайызды түзгөн. Коомдук угуу өтөөрү тууралуу билбеген адамдардын үлүшү 3,4 пайызга; мындай иш-чараларга кызыкпагандардын үлүшү 3,3 пайызга азайган.

Ошентип, жарандардын коомдук угууларга катышуусунун мындан аркы деңгээли туруксуз болот деген божомол бар. Айталы, 2018-жылдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 2020-жылы коомдук угууларга болгон кызыгуу 1,6 пайызга түшүп кеткен. Эми ЖӨБ органдары угуулардын сапатына, өзгөчө угуулар маалында жарандардан түшкөн сунуштардын бюджетте эсепке алынышы үчүн жоопкерчиликке өтө көңүл буруга тийиш.

Угуулардын сапаты жана сунуштардын эсепке алынышы келечекте жарандардын бюджеттик процесске катышуу каалоосуна олуттуу таасирин тийгизе турган факторлор. Угууларды өткөргөн алгачкы он жылда коомдук финансы өңдүү өтө так жана маанилүү маселени бийлик менен талкуулап алуу мүмкүнчүлүгү адамдарды шыктандырчу. Бирок убакыт өткөн сайын жарандар угуулардын иш жүзүндөгү жыйынтыгын көбүрөөк баалай башташты. Бул маанисинен алып караганда, жакшы кабар бар: угуулар институтунун өзүнө ишенбегендердин, угууларга катышкандардын каалоосу бюджеттин долбоорунда эсепке алынарына көзү жетпегендердин саны азайды – 8 пайыздан 4,2 пайызга түштү. Мындай динамика адамдарда өз пикирин жеткире алууга болгон ишеним өсүп жатканынан кабар берет. Жалпысынан бюджет боюнча угууларга катышып, ыраазы болуп калган адамдардын үлүшү бир кыйла жогору бойдон кала берүүдө. Мындайлар сурамжылоого катышкандардын 70 пайызын түзөт. Бирок 2020-жылы көп мезгилден бери болбогон көрүнүш байкалды: угуулардын жыйынтыгына канааттануу деңгээли 5,6 пайызга түшүп кетти.

*15-диаграмма. Бюджет боюнча коомдук угууларга катышуунун жыйынтыгына ыраазы болгон жарандардын үлүшү, 2007-2020-жылдар, пайыздар менен*





Бюджеттик угууларга катышуу тажрыйбасына ыраазы болбогон жарандар муну төмөнкүдөй себептер менен түшүндүрүп беришти: бюджет түшүнүксүз жеткирилди (38,2%), иш-чара начар уюштурулган (17,2%), угуулар элдин арыз-даттануусу айтылган чогулушка айланып кетти (14,6%), угууларга катышкандардын сунуштары бюджетке таасирин тийгизген жок (13,4%), алып баруучу гана сүйлөй берди, жашоочуларга пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берилген жок (12,7%).

*16-диаграмма. Бюджет боюнча коомдук угууларга катышуудан канааттанбаган жарандардын жүйөлөрү, 2018-жылдагы жана 2020-жылдагы көрсөткүчтөр, пайыз менен*




Угуулар маалында жарандардан түшкөн сунуштардын эсепке алынышы тууралуу айта турган болсок, КР Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, ЖӨБ органдары түшкөн сунуштардын болжол менен 52 пайызын эсепке алган. Ошону менен катар Чүй жана Жалал-Абад облустарында жарандардан түшкөн сунуштардын 60 пайызга жакыны, Талас облусунда 70 пайыздан ашыгы эсепке алынган.

*17-диаграмма. Бюджет боюнча коомдук угуулардын жыйынтыгында ЖӨБ органдары эсепке алган сунуштардын КР облустары боюнча үлүшү, пайыздар менен (Талас облусу кошулган жок, себеби маалыматтарды алууга мүмкүн болгон жок)*




Адамдар адатта угуулар өтүп бүткөндөн кийин эле чукул реакцияны жана популисттик билдирүүлөрдү күтө турганы белгилүү. Бирок жергиликтүү деңгээлде, өзгөчө элеттик муниципалитеттердин деңгээлинде чукул убакыт ичинде реакция жасоо, тигил же бул сунушту аткарууга убада берүү мүмкүн эмес. Белгилүү болгондой, жергиликтүү бюджеттерде акча дайыма тартыш болуп турат жана муниципалдык лидерлер убадаларга өтө кылдат мамиле жасайт, алар бардык көйгөйлөрдү чечүү мүмкүн эместигин, ал эми бул үчүн жооп берчү күн алыс болбогонун жакшы билишет.

Ошентсе да, "бюджеттеги маалыматтарды түшүнгөн жокмун" деп жүйө келтиргендер көбөйүүдө. Ошентип, калктын жалпысынан финансылык сабаттуулугунун төмөн деңгээли, бюджеттик маалыматты окуй албаганы, түшүнбөгөнү угууларга катышуудан канааттанбагандыктын негизги себептеринин бири бойдон кала берүүдө.

Бул маселени гендердик таандыктыгы жагынан алып караганда, эркектерге караганда аялдар "угуулар маалында алып баруучу гана сүйлөй берди, жашоочуларга пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берилген жок" деген жоопту көбүрөөк беришкен: 2020-жылы мындай жоопту аялдардын 19,4 пайызы, эркектердин 7,1 пайызы берген. Ошону менен катар эркектердин 45,9 пайызы, аялдардын 29,2 пайызы үчүн гана "бюджет түшүнүксүз болгон". "Угуулар элдин арыз-даттануусу айтылган чогулушка айланып кетти" деп эркектерге караганда аялдар көбүрөөк белгилешкен. Мындай пикирдеги эркектер 18,1%, ал эми аялдар 11,8 пайызды түзгөн. Ушундан улам мындай тыянак чыгарууга болот: мамлекеттик финансыны башкаруу маселесин аялдар эркектерден кем эмес билишет. Бирок талкуу процессинде аялдар дискриминацияны көбүрөөк байкашат, аялдар өз оюн толук жеткире албай калганын белгилешкен.

Мындан ары ЖӨБ органдары бюджеттик маалыматты жайылтуунун азыркыдан да жөнөкөй, жеткиликтүү механизмдерин киргизүүгө көбүрөөк аракет жасашы керек. Мисалы, жарандык бюджеттин онлайн форматын алалы. Бул форматты 2019-жылы ЖӨБ органдарынын 70 пайызы толтуруп чыккан. Бирок бардык эле жарандар ал тууралуу көп жакшы биле беришпейт жана анын жардамы менен өзүнүн муниципалитетинин бюджети тууралуу маалыматты ала алышпайт. Коомдук угууларга катышуунун сандык деңгээлине караганда, ЖӨБ органдары жарандардын пикирлерин жана каалоолорун эсепке алуунун сапаттуу индикаторлоруна көңүл бурушу керек. Мисалы, муниципалдык сайттар, "Вотсаптагы" тайпалар, сунуштар үчүн кутулар жана кайтарым байланыштын башка түрлөрү аркылуу онлайн баарлашуу жана сунуштарды алуу үчүн шарттарды түзүп берсе болот.

## Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жеке катышууга болгон даярдыгы

ЖӨБ органдарынын жарандар менен диалогду уюштуруу, өз ара байланыштын жаңы формаларын түзүү багытындагы аракеттери жамааттын жоопкерчилигин жогорулатат. Бул өтө маанилүү. Себеби чыныгы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттардан жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча, анын ичинде жоопкерчиликти өзүнө алып чечүүнү талап кылат. Мыйзамдардагы ченемдердин, коомдук суроо-талаптын таасири менен ЖӨБ органдары элдин үнүнө көбүрөөк кулак сала баштады. Ошол эле маалда жарандар да жамааттын өнүгүүсүнө салым кошууга даяр болгонун айтып жатышат.

Өз шаарынын же айылынын коомдук ишине жеке өзү катышууга даяр жарандардын катары калыңдап баратат. 2020-жылы сурамжылоого катышкандардын 64,8% мына ушундай пикирин айтышкан. Бул көрсөткүч 2018-жылга караганда 8,7 пайызга көбүрөөк (мурда коомдук угууларга катышууга көп учурда даяр болбогон жарандар эми оюн өзгөртүштү). Аны менен катар сурамжылоого катышкандардын дээрлик жарымы (47%) бул жаатта тажрыйбасы бар болгонун айтышкан.

Бул бир нерсени кыйыр түрдө тастыктап турат: барган сайын көбүрөөк жарандар жалпы жашоо шарттарын өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгү бар болгонуна ишенип калышты. Ошол эле маалда көбүрөөк адамдар жергиликтүү өз алдынча башкарууга алардын жардамы керек болгонун түшүнүп, ошол себептен көмөк көрсөтүүгө даяр болуп турушат. Бул ошондой эле артыкчылыктуу маселелерди пландоого жана аныктоого жарандарды тартуу тууралуу талаптар мыйзамдарга киргизилгенинин натыйжасы болду. ЖӨБдүн көйгөйлөрүн терең түшүнүү менен адамдар жардам берүүгө көбүрөөк ынтызар болуп калышат.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө даяр болгондордун үлүшү позитивдүү көрүнүш. Себеби өз-өзүнчө иш алып барганга караганда жамаат менен башкаруу органынын биргелешкен күч-аракети көбүрөөк натыйжа берет. Бирок бул ЖӨБ органдарынын алдына бир тапшырманы коюп жатат: алар адамдарды бул процесске катышуунун талаптагыдай уюштурууучулук формалары менен камсыз кылышы керек. Ошондой эле бул катышууга мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө көбүрөөк күч жумшоо зарыл. Муну менен жарандарга өз салымын кошууга мүмкүнчүлүк берип, ага баалоо жүргүзүп, бул ишине ыраазычылык билдирүүгө шарт түзүлөт.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жеке өзү катышууга эркектерге караганда аялдар көп дилгир эмес. 2020-жылы эркектердин 58,5 пайызы коомдук иштерге катышса, аялдардын арасында мындай респонденттердин үлүшү 38,1 пайызды түзгөн. Муну эки себеп менен түшүндүрүүгө болот. Биринчиден, аялдар күнүмдүк көр тиричиликтен колу бошобойт, бул акы төлөнбөгөн жумуштар алардын болгон бош убактысын алып коюуда. Ушул убакытты алар коомдук иштерге жумшай алышмак. Экинчиден, коомдук турмушка жигердүү катышкан аялдарга карата терс маанай мурдагыдай бойдон кала берүүдө.

Жарандардын баамында, чогулуштар (54,5%) жана коомдук угуулар (15,1%) коомдук иштерге катышуунун эң эле популярдуу формасы болуп саналат. Аны менен катар, бюджет, тарифтер, кызмат көрсөтүүлөр жана жергиликтүү маанидеги башка маселелер боюнча коомдук угууларга катышкандардын үлүшү эки эсе көбөйдү. Бул болсо бир нерседен кабар берет: жарандардын катышуусу консультация берүү баскычынан чечимдерди биргелешип кабыл алуу баскычына өтүп баратат. Себеби чогулуштардан айырмаланып, угуулар жөн гана маалымат же кеп-кеңеш берүүгө эмес, конкреттүү чечим кабыл алууга багытталган. Жарандардын катышуусу барган сайын көбүрөөк натыйжалуу мүнөзгө ээ болгонун дагы бир көрүнүш тастыктап турат: жергиликтүү бюджеттин же тышкы жардамдын эсебинен каржылана турган долбоорду даярдап, тандап алууга катышкандардын үлүшү алты эсе көбөйдү.

Коомдук кеңештерге катышкандардын саны өтө кескин азайып кеткен көрүнүш да пайда болду. 2018-жылы катышуу формаларынын рейтингинде коомдук кеңештер экинчи орунду ээлеп, респонденттердин 30 пайыздан ашыгы ушул жоопту тандаган. Бирок эки жылдын ичинде коомдук кеңештердин популярдуулугу дээрлик эки эсе түшүп кетип, болгону 12 пайызы гана ушул жоопту тандаган. Мындай өзгөрүүнү позитивдүү көрүнүш катары бааласа болот. Себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мыйзамдык ыйгарым укуктарга ээ болгон эң маанилүү кеңеш бар – бул жергиликтүү кеңеш. Эгерде жергиликтүү кеңеш сапаттуу, толук кандуу иш алып барса, жарандарда кошумча кеңештерге катышуу зарылчылыгы деле болмок эмес.

*18-диаграмма. Катышуу формаларынын алкагынан алып караганда, жарандардын коомдук иштерге катышуу деңгээли, 2018-2019-жылдар, пайыздар менен*




Бирок чакан айылдарда ири муниципалитеттерге жана шаарларга караганда кырдаал бир кыйла айырмаланат. Чакан муниципалитетте жергиликтүү кеңеш коомдук кеңештердеги бардык муктаждыктарды камсыз кылууга жөндөмдүү. Бирок шаарда же ири муниципалитетте мындай кеңештер өзүн актайт. Ошондуктан шаарларда демилгелүү топтордун жана коомдук кеңештердин ишине катышкысы келген жарандар көбүрөөк. Ал эми айылдарда адамдар коомдук угууларга, ошондой эле каржылоо үчүн долбоорлорду даярдап, тандап алууга көбүрөөк катышат.

*19-диаграмма. ЖӨБго катышуу формасына карата шаарда жана айылда жарандардын тандоосу, пайыздар менен*





Өз шаарын же айылын көрктөндүрүү боюнча коомдук иштерге жеке өзү катышууга даяр жарандардын катары туруктуу түрдө калыңдап баратат. 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы бул көрсөткүч дагы 9,1 пайызга өсүп, 72,8 пайызды түзгөн. Иш жүзүндө жарандардын басымдуу бөлүгү өз муниципалитетин көрктөндүрүүгө жеке салымын кошууга даяр турат. Бул – өнүгүү потенциалы өтө жогору, ЖӨБ органдары үчүн даяр "армия". Ошол эле маалда бул көрсөткүч Кыргызстан элинин биримдигин, коллективизмин, өзүнүн жашоосу үчүн гана эмес, болочок муундун жашоо шарты үчүн да жоопкерчилик сезими бар болгонун тастыктап турат. Буга байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдети – жарандарга бул үчүн эффективдүү мүмкүнчүлүктөрдү берүү. ЖӨБ органдары бул тапшырманы жарым-жартылай аткара алды десе болот. Анткени өз шаарын же айылын көрктөндүрүү боюнча коомдук иштерге жеке өзү катышкан адамдардын үлүшү да өсүп, 2020-жылы мындайлар 36,7 пайызды түзгөн. Башкача айтканда, ар бир үчүнчү кыргызстандык өзүнүн гана эмес, башканын да турмуш шартын жакшыртууга салым кошуп жатат.

Ошол эле маалда көрктөндүрүү боюнча иштерге даяр болбогон адамдардын саны аз да болсо (4 пайызга) көбөйдү. 2020-жылы мындайлар 16,2 пайызды түздү. Калгандары коомдук иштерге анда-санда гана катышып тургусу келет, айрымдары бул суроого жооп бере алышкан жок.

## Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуусу

ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүү – Кыргыз Республикасындагы тарыхы терең коомдук иш болгонуна карабастан, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун эң оор өңүттөрүнүн бири. Жалпысынан адамдар "мониторинг" деген сөзгө көнүп калышты, адатта муну бийликтин үстүнөн көзөмөл жүргүзүү катары кабыл алышат. Себеби жарандардын дээрлик жарымы – 47,4% - мониторинг жана баалоого катышуу ниетин билдирген, болгону 7,3 пайызы гана бул суроого бир жактуу жооп бере алган эмес. Бирок мониторинг жана баалоонун предметтерине тереңирээк анализ жүргүзгөндө жарандардын ага катышууга даярдыгы жаатында олуттуу айырма келип чыгууда.

*20-диаграмма. Жарандарда мониторинг жана баалоонун предметтеринин (темалардын) популярдуулук рейтинги, 2018-2020-ж.ж. пайыздар менен*




Ошентип, мониторинг жана баалоого катышуу ниетин билдиргендердин ичинен 70 пайыздан ашыгы ичүүчү суу менен камсыз кылуу (75,6%) жана таштанды жыйноо (71,1%) кызмат көрсөтүүлөрүнө карата жасагысы келет. Коомдук мониторинг үчүн темалардын рейтингинде булардын алдыга суурулуп чыгышы логикага сыйган көрүнүш. Себеби ичүүчү суу жана таштанды жыйноо – бул ар бир үй-бүлө күн сайын колдонгон кызмат көрсөтүүлөр. Ошондуктан ар бир адамдын бул кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө тынчсызданганы, аларга мониторинг жүргүзгүсү келгени турган иш.


Темалардын рейтингинде үчүнчү орунду долбоорлордун ишке ашырылуусуна мониторинг ээлейт. Мындай мониторинг жүргүзүүгө даярдыгын сурамжылоого катышкандардын 67,8 пайызы билдирген. Кыргыз Республикасынын элеттик жамааттарында көп жылдардан бери жарандарды түрдүү инфраструктуралык объекттерге, мисалы, мектептин ремонтуна мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө тартуу практикасы түптөлүп келген. Мониторингдин бул түрү көп деле кыйынчылыкты жаратпайт. Себеби жамааттын ичинде бул жумуштардын сапаттуу жана өз убагында жасалышына кызыкдар болгон адамдардын конкреттүү тобу бар. Мисалы, мектепти алалы, мугалимдер да, окуучулардын ата-энелери да мектеп өз убагында жана талаптагыдай ремонттолушуна абдан кызыкдар. Анткен менен, бул жерде бир нерсени түшүнүп алуу маанилүү: эгерде тыштан тартылган уюмдар, анын ичинде өнүгүү долбоорлору эмес, ЖӨБ органы заказчы болуп чыкса, жарандар тарабынан мониторингдин мындай түрүнүн эффективдүүлүгү бир кыйла жогору болот. Адамдар үчүнчү жакка караганда, ЖӨБ органдарына оңой таасир эте алат.

Жалпысынан ЖӨБ органынын ишине коомдук мониторинг жана баалоо жүргүзүү процесси татаалыраак. Мындай учурда мониторинг убакыт жагынан узакка созулат, ал эми баа берүү оор болуп калат. Себеби көзгө көрүнүп турган жыйынтыктар менен кошо башкаруу процессине да баа берилет. Мониторингдин мындай түрүнө катышууну каалаган адамдардын саны 2018-жылга салыштырмалуу дээрлик эки эсе азайган. 2020-жылы мындай мониторинг жүргүзгүсү келгендер 37,4 пайызды гана түздү. Адамдар катышуунун бул түрү

жеке убакытты көп талап кылаарын, документтер менен таанышып чыгууга, бул багытта жаңы билим алууга көбүрөөк күч-аракет кете турганын түшүнүп калышты.

Жарандардын мониторинг жана баалоого катышуу ниети ишке ашуусу үчүн ЖӨБ органы шарт түзүп бердиби же жокпу – буга байланыштуу адамдардын пикири маанилүү. Сурамжылоонун катышуучулары мүмкүнчүлүктөр кеңейгенин айтып жатышат. 2020-жылы ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктү көрүп тургандардын үлүшү 50 пайыздан ашты. Ушундан улам, албетте, мындай мүмкүнчүлүктү байкабаган же суроого жооп бере албаган адамдардын үлүшү да кыскарды.

*21-диаграмма. ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө катышуу мүмкүнчүлүктөрү болуп-болбогону тууралуу жарандардын пикирлерин көрсөткөн динамика, 2018-2020-ж.ж., пайыздар менен*




# III. ЖӨБ органдарынын ачыктыгы, айкындуулугу, элге отчет тапшыруусу

## ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугунун деңгээли


Жарандардын басымдуу бөлүгү – 67,9% - жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын көлөмүнө жана сапатына кайсы бир деңгээлде ыраазы. 2007-жылы бул багытта байкоо жасала баштагандан бери маалыматтын көлөмүнө жана сапатына ыраазы болгон жарандардын үлүшү туруктуу өсүп отуруп, 2020-жылы эки эсе көбөйдү. 2007-жылы 12% болсо, 2020-жылы 26,3 пайызды түздү. Маалыматтын көлөмүнө жана сапатына жарым-жартылай ыраазы болгон жарандардын үлүшүнө карата өсүш динамикасы да 2018-жылга чейин сакталды. 2018-жылы бул көрсөткүч тарыхый максимумду көрсөттү: маалыматка толугу менен же жарым-жартылай ыраазы болгондордун жалпы үлүшү 80 пайыздан ашкан. Бирок 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын сапатына жана көлөмүнө канааттанбаган адамдардын үлүшү кескин түрдө көбөйүп кетти. Ушул факт, буга кошумча 2020-жылы ЖӨБ органдары менен өз ара байланыш жана ишеним деңгээли салыштырмалуу түрдө кескин түшүп кеткени 2018-жыл Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыяланганына байланыштуу адамдарда пайда болгон үмүт акталбай калды деген божомолду тастыктагансып турат. Бирок, буга карабастан ЖӨБ тууралуу маалыматтын көлөмүнө жана сапатына ыраазы болгондордун үлүшүндө өсүш токтогон жок. Ошентсе да өткөн мезгилдерге салыштырмалуу анын ыргагы бир аз басаңдай түштү. Жарандарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматка карата көбүрөөк айкын пикир калыптана баштаганын белгилей кетүү зарыл: толугу менен ыраазы жана канааттанбагандардын саны өсүп жатат. Ошол эле кезде жарым-жартылай ыраазы же бул суроого жооп бере албагандардын саны азаюуда.

*22-диаграмма. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын көлөмүнө жана сапатына канааттануу деңгээлинин динамикасы, 2007-2020-ж.ж., пайыздар менен*




Кыргызстандын жарандарынын көбү – 65,7% – ЖӨБ органдары өз ишинде коомчулук үчүн кайсы бир даражада ачык деп эсептешет. 2009-жылга салыштырганда ЖӨБ органдары өз ишинде **толугу менен** ачык деп эсептегендер дээрлик үч эсе көп болуп калды (12 пайыздан 34,4 пайызга көбөйдү).


*23-диаграмма. ЖӨБ органдарынын ачыктык деңгээли тууралуу жарандардын пикирлеринин динамикасы, 2007-2020-ж.ж., пайыздар менен*




Алынган маалыматтарга жасалган анализ көрсөткөндөй, жарандар ЖӨБ органдарынан алган маалыматтын көлөмү жана сапаты алардын ачык-айкындуулук деңгээлин баалоого да таасирин тийгизет: адамдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын көлөмүнө жана сапатына канааттануу деңгээли канчалык жогору болсо, ЖӨБ органдары өз ишинде ачык деп эсептегендердин катары да ошончолук калың болот.

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө жалпы маалымдуулугун көрсөткөн дагы бир факт – жергиликтүү бюджеттеги каражат кандай максатта сарпталып жатканы тууралуу адамдардын маалыматка ээ болуусу.

*24-диаграмма. Жергиликтүү бюджеттердеги каражатты сарптоонун артыкчылыктуу багыттары тууралуу жарандардын пикирлеринин динамикасы, 2007-2020-ж.ж.[6], пайыздар менен*




---


[6] 2018-жылкы сурамжылоонун маалыматтары ылгап алууда ката кеткенине байланыштуу чыгарылды.

24-диаграммада көрүнүп тургандай, жергиликтүү бюджеттердеги эң олуттуу чыгаша беренелери тууралуу адамдардын пикири өзгөрдү, болгондо да өтө катуу өзгөрдү. Айталы, 2007-жылы жарандардын 42 пайызы жергиликтүү бюджет кандай максатта сарпталып жатканын билчү эмес. 2020-жылы мындайлардын үлүшү 10 пайызга азайды. Мэриянын жана айыл өкмөтүнүн чыгымдары, көрктөндүрүүгө кеткен чыгашалар тууралуу пикир да абдан өзгөрдү. 2020-жылы жарандардын 34 пайызы көрктөндүрүүнү чыгашалардын артыкчылыктуу беренеси деп эсептейт. 2012-жылы бул көрсөткүч 12 пайызды гана түзчү. Ошондой эле айыл өкмөтүн жана мэрияны күтүүгө кеткен чыгашалар беренесин негизги деп эсептегендердин саны да абдан азайып кетти. Жалпысынан айтканда, 2007-жылга салыштырмалуу 2020-жылы адамдар жергиликтүү бюджеттердин чыгаша структурасы тууралуу көбүрөөк акылга сыярлык көз карашка ээ.

## Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине канааттануусу

2007-жылдан тартып жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине болгон канааттануу деңгээли өсүп жатат. Бирок бул көрсөткүч туруктуу эмес жана салыштырмалуу жай өсүүдө. Бул жерде да ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлиндей эле 2018-жылдагы үмүттөр акталбагандан кийин көрсөткүч төмөндөп кетти. 2018-жылы тарыхый (байкоо жүргүзүлө баштаган учурдан берки) чоң көрсөткүч байкалган. Ошол жылы жарандардын 84% ЖӨБ органдарынын ишине канааттанаарын билдирген. Бирок чынында бул ишеним бийликке берилген аванс болчу. Себеби ошол жылы жалпы элде аймактарды өнүктүрүүнүн алкагында жергиликтүү жамааттарда да өзгөрүүлөр болот деген үмүт чоң эле.

*25-диаграмма. ЖӨБ органдарынын ишине канааттануу деңгээлинин динамикасы, 2007-2020-жылдар, пайыздар менен*




Жалпысынан жарандар жергиликтүү өз алдынча башкарууга сейрек кайрылып калышты. Кайрылгандардын орточо саны бир кыйла эле кыскарды – 20,5 пайызга азайып, 2020-жылы 42 пайызды түздү. Акыркы 12 айдын ичинде мэриядагы же айыл өкмөтүндөгү кимдир бирөөгө аялдардан жана эркектерден тең санда кайрылуу болгон. Бирок маалыматкат алгысы келип кайрылгандардын саны олуттуу түрдө азайган. Бул фактынын артында санариптештирүү жана жарандардын документ үчүн кайрылууларынын санын кыскартууга багыт алган мамлекеттик саясат турганын белгилебей коё албайбыз. Алалы, жарандар ЖӨБ органдарына кайрылган себептердин жалпы структурасында 50 пайызга жакынын маалымкаттар, дагы 25 пайызга жакынын жеке себептер ээлечү. Дал ошондуктан маалымкаттар боюнча кайрылуулардын кескин азайышы бул көрсөткүчтөгү жалпы динамикага олуттуу таасирин тийгизди. Башкарууда санарип технологиялардын өнүгүүсү менен маалымкаттарга байланыштуу кайрылуулардын саны мындан ары да азая берээринен шек жок.

Бирок бул факт ЖӨБ органдарынын өзүнүн ыйгарым укуктарына байланыштуу кайрылуулардын саны азайды дегенди билдирбейт. Ошондуктан кайрылуу үчүн калган себептер анализ жүргүзүүгө кызыктуу болуп жатат. Бул тизмеде таза суу менен жабдуу маселеси, ошондой эле жергиликтүү салыктар жана жыйымдар талашсыз лидер болуп калышты. Аны менен катар, салыктар жана жыйымдар боюнча кайрылуулардын саны 2018-жылга салыштырмалуу олуттуу түрдө азайган. Бирок бул көрүнүштү эреже эмес, өзгөчө учур деп эсептесе болот. Себеби ЖӨБ органдарынын карамагында болгон дээрлик бардык маселелер боюнча кайрылуулардын саны көбөйүүдө. Мисалы, АЖМФ жерлери, муниципалдык жерди ижарага берүү же сатуу, көрктөндүрүү, турак жай берүү жана кармоо, көчөлөрдү, жолдорду жарыктандыруу, канализация жана таштанды жыйноо маселелери боюнча кайрылуулар көбөйдү. ЖӨБ органдарынын жоопкерчилик чөйрөсүнө кирбеген маселелер боюнча кайрылуулар азая баштады. Мисалы, саламаттык сактоо, пенсиялык камсыздоо, сугат суу. Бул болсо адамдардын укуктук маданияты жогорулай баштаганынан кабар берет, алар конкреттүү маселе үчүн кайсы орган жооптуу болгонун бара-бара түшүнө баштаышты.

Ошондой эле жарандар өзүнүн добуш укугун да баамдай башташты, алар ЖӨБ органдарынын отчеттуулугуна көнүп келатышат. Жарандар кайсы маселелерге кызыкса, ошолорду ЖӨБ органдарынын алдына койгонду үйрөнүүдө. Себеби маалыматка болгон талап өсүп, конкреттүү артыкчылыктуу маселени чечүү боюнча талаптар да күчөдү.

*26-диаграмма. Жарандардын ЖӨБ органына кайрылуусу үчүн себептердин салыштырмалуу рейтинги, 2018-2020-жылдар, пайыздар менен*




Ошентип, кайрылуулардын рейтингинен маалымкатка байланышкан жана жеке маселелердин чыгарылганы ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарына тиешелүү маселелер боюнча кайрылган жарандардын саны көбөйгөнүн көрсөттү. Жарандардын бул кайрылуулардын жыйынтыгына канааттануусунун деңгээли өтө жогору болду – 90 пайыздан ашты. Санариптештирүүнүн жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктүн жакшыруусунун натыйжасында маалымкатка байланыштуу кайрылуулар азайды.

## IV. ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрүнө баа берүү

ЖӨБ органдары көрсөткөн кызматтарга карата аны колдонгон керектөөчүлөр – жарандар тарабынан баа берүүсүндө бир нече олуттуу өңүттөрү бар.

Биринчиден, ЖӨБ органдары кайсы кызмат көрсөтүүлөр жарандар үчүн өзгөчө маанилүү болгонун билиши керек. Бул пикирлер жарандардын жергиликтүү бюджеттин каражатын тигил же бул кызмат көрсөтүүгө багыттоого даярдыгы менен өлчөнөт. Экинчиден, ЖӨБ органдары кайсы кызмат көрсөтүүлөр жарандардын өзгөчө кыжырын келтирип, канааттандырбаганын түшүнүп алышы керек. Чечим кабыл алуу процессинде бул эки көрсөткүчкө салыштыруу менен баа берилиши керек.

Мисалы, 2020-жылы таштанды чыгарууга, жолдорду эксплуатациялоого, жашылдандырууга канааттанбагандык жогорку деңгээлде болгон. Буга карабастан жарандардын көбү жергиликтүү бюджеттеги каражатты биринчи кезекте суу менен жабдуу жана канализация кызмат көрсөтүүлөрүн каржылоого багытташы керек деп эсептешет. Ошондуктан чечим кабыл алып жатканда атүгүл жарандардын кайсы бир кызмат көрсөтүүгө канааттанбагандык деңгээли жогору болгонуна карабастан ЖӨБ органы көбүрөөк маанилүү болгон кызмат көрсөтүүлөргө артыкчылык бериши керек. Жарандар өзүнүн ден соолугу жана коопсуздугу үчүн суу менен жабдуу жана канализация кызмат көрсөтүүлөрү канчалык маанилүү болгонун түшүнүү менен, мына ушундай кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алышууда. ЖӨБ органы да дал ушундай жолду тандашы керек.

*27-диаграмма. Кызмат көрсөтүүнүн маанилүүлүк рейтингинде жарандардын ошол кызмат көрсөтүүгө канааттанбоо деңгээлинин салыштырылышы, 2020-жыл.*




Жалпысынан жарандардын кызмат көрсөтүүнүн маанисине карата артыкчылыктары убакыттын өтүшү менен көп деле өзгөрбөйт: ондогон жылдар бою сап башынан үчөө түшпөй келди. Алар: суу менен жабдуу, таштанды чыгаруу жана жолдорду эксплуатациялоо. Дал ушул кызмат көрсөтүүлөр турмуш тиричиликтин коопсуздугуна жана экономикалык активдүүлүккө тикелей таасирин тийгизээри маалым. Айталы, суу менен жабдуу иш жүзүндө бардык үй-бүлөлөрдүн саламаттыгына таасирин тийгизет, аялдар жана балдар бош убактысын суу ташыбай, башкача, натыйжалуу өткөрөт дегенди билдирет. Таштанды – ден соолукту, жолдор – коопсуздук жана экономикалык факторлорду билдирет. Андан кийин рейтингде көчөлөрдү жарыктандыруу, көчөлөрдү жыйнап-тазалоо жана жашылдандыруу турат. Бирок жашылдандыруу жамааттын көзүндө маанисин бир аз жоготту, ал эми суу менен жабдуунун мааниси, тескерисинче, көбөйгөн.

*5-таблица. Акча каражаттары бөлүнүшү керек болгон кызмат көрсөтүүлөр, 2009-жыл.*


| | Артыкчылыктуулук шкаласы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Суу менен жабдуу жана канализация** | **36%** | 13% | 14% | 10% | 9% | 16% |
| **Таштанды чыгаруу** | 13% | **22%** | **31%** | 17% | 10% | 6% |
| **Жолдорду эксплуатациялоо** | **29%** | **27%** | 14% | 15% | 8% | 4% |
| **Көчөлөрдү жарыктандыруу** | 12% | 19% | 17% | **22%** | **20%** | 8% |
| **Көчөлөрдү жана аянттарды тазалоо** | 4% | 9% | 13% | **21%** | **34%** | 16% |
| **Жашылдандыруу** | 4% | 8% | 9% | 12% | 17% | **48%** |

*6-таблица. Акча каражаттары бөлүнүшү керек болгон кызмат көрсөтүүлөр, 2020-жыл.*

| | Артыкчылыктуулук шкаласы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Суу менен жабдуу жана канализация** | **51%** | 7% | **26%** | 7% | 2% | 7% |
| **Таштанды чыгаруу** | 15% | **25%** | **27%** | 15% | 7% | 11% |
| **Жолдорду эксплуатациялоо** | 10% | **19%** | **23%** | **23%** | 12% | 14% |
| **Көчөлөрдү жарыктандыруу** | 6% | 15% | 11% | **24%** | **27%** | 17% |
| **Көчөлөрдү жана аянттарды тазалоо** | 7% | 16% | 8% | 13% | **35%** | **22%** |
| **Жашылдандыруу** | 12% | 18% | 6% | 19% | 17% | **29%** |

2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы кызмат көрсөтүүлөргө канааттанбоо деңгээли баа берилип жаткан кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык өңүттөрүнө карата бир нече эсе түшүп кеткен. Бирок алардын арасында коомдук транспорт жок.


*28-диаграмма. Жарандар ыраазы болбогон кызмат көрсөтүүлөрдүн рейтинги, 2018-2020-ж.ж., пайыздар менен*



2007-жылдан тартып изилдөө башталгандан берки мезгил аралыгында айрым өтө маанилүү кызмат көрсөтүүлөргө карата элдин нааразычылыгы салыштырмалуу түрдө азайып жатканы байкалууда. Көчөлөрдү жарыктандырууга кайсы бир даражада ыраазы болгон жарандардын үлүшү өстү – 13 жылда өсүш 30 пайызды түздү; жолдорду эксплуатациялоого ыраазылар – 24 пайызга; көчөлөрдүн тазаланышына ыраазылар – 7%; суу менен жабдууга ыраазы болгондор 6 пайызга көбөйдү. Бирок таштанды чыгарууга жана бала бакчаларга канааттануу деңгээли мурдагыдай бойдон кала берүүдө, атүгүл төмөндөп да баратат. Канализация жана суу бөлүштүрүү кызмат көрсөтүүлөрүнө канааттануу деңгээли гана туруктуу түрдө төмөндөп баратат – жада калса айыл тургундары да канализациясы жок жашагысы келбей калды. Кызмат көрсөтүүгө канааттангандардын саны үч эсе азайып, өтө төмөнкү деңгээлге – 10 пайызга түшүп кетти

29-диаграммада 2012-жылы канааттануу деңгээли түшүп кеткенин байкабай коюуга болбойт. Мунун түшүндүрмөсү бар. Жогоруда айтылгандай, ЖӨБдүн ишине канааттануу деңгээли жергиликтүү бюджеттердеги кирешенин деңгээлинен тикелей көз каранды. 2009-жылы үч деңгээлдүү бюджет киргизилип, 2010-жылы мугалимдердин айлык акысын көбөйтүүгө кенемте төлөө үчүн жоопкерчиликти ЖӨБ органдарына жүктөгөндөн кийин ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди каржылоо жөндөмдүүлүгүн дээрлик жоготуп алышты. Бул сөзсүз түрдө жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн жана сапатынын түшүп кетүүсүнө алып келмек. Ал эми бул көрүнүш өз кезегинде жарандардын канааттануу деңгээлине да терс таасирин тийгизди.

*29-диаграмма. Айрым кызмат көрсөтүүлөргө толугу менен же жарым-жартылай канааттанган жарандардын үлүшүнүн динамикасы, 2007-2020-ж.ж., пайыздар менен*




Жарандар эң эле көйгөйлүү деп эсептеген кызмат көрсөтүүлөрдүн рейтинги 2014-жылдан кийин өзгөрдү. Лидерлердин үчилтигинен таштанды чыгаруу кызмат көрсөтүүсү чыгып кетти. Анын ордуна рейтингде биринчи орунду суу менен жабдуу кызмат


көрсөтүүсү ээледи. Чындыгында эле Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарынын көбү тушкелди ыргытылган таштандылар менен күрөштө кандайдыр бир деңгээлде ийгиликке жете алды, катуу тиричилик калдыктарын туруктуу чыгарып туруу иши жөнгө салынды. Бул сектордо ЖӨБ органдары үчүн биринчи планда таштандыны жок кылуу маселеси турат. Бирок башкаруу органдарына караганда жарандар үчүн ал көп байкалган жери жок. Ал эми суу менен жабдуу, тескерисинче, элдин баамы боюнча эң көйгөйлүү маселеге айланды.

*7-таблица. Жарандар эң көйгөйлүү деп эсептеген кызмат көрсөтүүлөрдүн рейтинги, 2007-2020-ж.ж., рейтингдеги орду*

| | 2007-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. | 2012-ж. | 2014-ж. | 2018-ж. | 2020-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жолдорду эксплуатациялоо | 1 | 4 | 1 | 2 | 3 | 2 | 3 |
| Таштанды чыгаруу | 4 | 1 | 3 | 3 | 1 | 10 | 6 |
| Көчөлөрдү жарыктандыруу | 2 | 2 | 2 | 1 | 2 | 3 | 2 |
| Суу менен жабдуу | 3 | 3 | 5 | 5 | 4 | 1 | 1 |

Суу менен жабдуу 2018-жылдан бери эң көйгөйлүү кызмат көрсөтүү бойдон калып жатканын эске алуу менен, бул маселени тереңирээк изилдеп көрүш керек. Жалпысынан алганда, прогресс көз көрүнөө болуп турат: 2020-жылы респонденттердин тиричилик шарттары оңолгон. Себеби респонденттердин көбү суу түтүк системасын колдонушат – 30,9%. 2018-жылы мындай респонденттердин үлүшү 22,1 пайызды түзгөн, ал маалда респонденттердин көбү жалпы колдонуудагы колонкалардан суу алышчу. Ошол эле кезде булактан же дарыядан суу алган жарандардын саны бир аз да болсо көбөйдү.

*30-диаграмма. Ичүүчү суунун булактары, 2020-жыл, пайыздар менен*



2020-жылы жарандардын басымдуу бөлүгүндө канализацияга жеткиликтүүлүк болгон жок. Мындайлардын саны өсүүдө: 2018-жылы 91% болсо, 2020-жылы 93 пайызга жетти. Бул көрсөткүчтүн өсүшүн канализация курулмалары катардан чыгып жатканы менен эмес, кожолуктардын саны көбөйүп, бирок канализациянын өзүнүн кубаттуулугу азайып бараткaны менен түшүндүрсө болот. Албетте, респонденттердин көбү – элет жергесинде жашагандар. Айылдарда канализация ушул күнгө чейин сейрек көрүнүш бойдон кала берүүдө. Бирок техникалык прогресстин өнүгүүсү, айлана-чөйрөгө келтирилип жаткан зыяндын азайбай жатканы, жугуштуу оорулардын жайылуусу кир сууну тазартуу, элет жергесинде канализациялык курулмаларды уюштуруу маселесин күн тартибине чыгарууда. Азырынча Кыргыз Республикасы мындай зыяндын айлана-чөйрөгө жана адамдын коопсуздугуна жараткан коркунучуна баа бере элек. Бирок бул көйгөй биринчи планга чыга турган күн да алыс эмес.

Эл коопсуздукка көбүрөөк көңүл бура баштады. Мындан улам ичүүчү суунун сапатына жана үзгүлтүксүз берилишине коюлган талаптар да көбөйүүдө. Айталы, 2018-жылы респонденттер суунун начар басымын (60%), бир күн ичинде сууну берүү убактысынын аздыгын (29%) негизги көйгөй деп тандашса, 2020-жылы сууну берүү үзгүлтүккө учурап жатканына респонденттердин 80% даттанган. Ошондой эле суунун сапатына тынчсыздангандардын үлүшү бир кыйла көбөйгөн. Мурда “суунун сапаты тынчсыздандырат” деп жооп кайтаргандар дээрлик болчу эмес. Бул көрүнүштү эки өңүттөн түшүндүрсө болот: бир жагынан сууга жетүүгө байланышкан кырдаал, суунун сапаты начарлаган болушу мүмкүн. Экинчи жагынан жарандар суунун сапатына көбүрөөк көңүл бура баштаган болушу ыктымал. Себеби мурда жарандарды суунун жоктугу же анын тартыштыгы көбүрөөк тынчсыздандырчу. Экинчи өңүт чындыкка жакын дегенди статистика да тастыктап турат: 2020-жылы берилип жаткан суунун сапаты жакшыраак болушу үчүн көбүрөөк акча төлөөгө макул болгондор 76,5% түздү. Бул демек 2018-жылга караганда 6,9 пайызга көп дегенди билдирет.

## V. Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы гендердик теңдик

Акыркы он жылдардан бери башкаруу системасындагы жетектөөчү кызматтарды ээлеген аялдар барган сайын азайып баратат. 2019-жылы “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 59-1-беренесине түзөтүүлөр киргизилген. Ага ылайык, айылдык кеңештерде депутаттык мандаттардын 30 пайыздан кем эмеси аялдар үчүн сакталган. Бул – башкаруу системасындагы гендердик теңдикти камсыз кылуу маселесинде алга карай ташталган чоң кадам. Үй-бүлөнүн жана аялдардын жашоо шартына тикелей таасирин тийгизген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессинде аялдардын бар болгону өзгөчө маанилүү.

Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы гендердик теңсиздик маселеси мыйзамдарга квотаны киргизип коюу менен гана чечилип калбайт. Бир топ суроолор ачык бойдон кала берүүдө: Аял депутаттар канчалык ийгиликтүү жана натыйжалуу иштеп кетишет? Аялдар өздөрүн көрсөтө алышы үчүн эркек кесиптештери аларга кандай шарттарды түзүп бере алышат? Эркектер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде аялдарды башкарууга, өтө маанилүү маселелерди кабыл алуу процессине “киргизүүгө” даярбы? Аялдар өздөрү да демилге көтөрүп чыгып, эркектер менен тең ата чечимдер үчүн өзүнө жоопкерчиликти алууга даярбы? Аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга натыйжалуу катышуусуна бут тоскон кандай негизги факторлор бар? Аялдардын алга суурулуп чыга албай жатканына чындап эле үй-бүлө, салт-санаалар жана дин себеп болуп жатабы же аялдар өздөрү да коомдук лидердин ролун алгысы келбейби, же бул иш алардын колунан келбей жатабы?

Бул суроолорго жоопторду жергиликтүү кеңештердин отурум залынан эмес, Кыргызстандагы айылдардын жана шаарлардын күнүмдүк турмушунан табууга болот. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы аялдардын саясатка аралашуу деңгээлин жогорулатууга даярдыгын алдын-ала баалоо үчүн аялдардын жамааттардын күнүмдүк жашоосуна катышуусу үчүн түзүлгөн шарттарга, аялдардын кыймылдаткыч күч жана өнүгүү ресурсу катары өзүнө өзү берген баасына көз чаптырып көрүш керек. Бул үчүн Өнүктүрүү саясат институту ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында атайын сурамжылоо[7] жүргүздү. Бул сурамжылоо аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу үчүн түзүлгөн шарттарды жана катышуу деңгээлин аныктап чыгууга багытталган.

### Аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу

Сурамжылоонун катышуучуларына жарандардын коомдук жана расмий иш-чаралардагы активдүүлүгүнүн деңгээлине баа берүү сунуш кылынган. Бул иш-чаралар: элеттик чогулуш, көчө жыйындары, бюджет боюнча коомдук угуулар, курултай жана жергиликтүү кеңештин сессиясы. Көзгө дароо урунган бир көрүнүш: жыйындар жана көчө чогулуштары өңдүү бейформал, коомдук иш-чараларга катышуу мүмкүнчүлүгүнө жана деңгээлине аялдар эркектер менен бирдей эле даражада баа беришкен. Бирок андан да көбүрөөк расмий иш-чараларга эркектерге караганда аялдар скептикалык маанайда карай турганы маалым болду. Айталы, бюджет боюнча коомдук угууларга катышуу деңгээлин терс баалаган аялдардын үлүшү 50 пайызды түздү; жергиликтүү кеңештин сессиясына катышуу деңгээлине терс баасын бергендер 42% болду.

Жалпысынан сурамжылоого катышкандардын басымдуу бөлүгү – 70 пайыздан ашыгы – өздөрүн жигердүү жарандык позициясы бар жаран катары эсептешет. Эркектер арасында бул көрсөткүч 83 пайызды, аялдар арасында 63% түзөт. Бул эки жыныс үчүн тең эң жогорку көрсөткүч. Себеби өзүн жигердүү жарандык позициясы бар адам катары эсептеген аялдардын 60 пайыздан ашык болушу – бул регион үчүн салыштырмалуу жогорку көрсөткүч. Бул демек, аялдардын басымдуу бөлүгү коомдук турмушка кызыгат,

[7] Бул сурамжылоо Erfolg Consult ЖЧКнын изилдөөсүнүн алкагында эмес, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында ӨСИнин күчү менен жүргүзүлгөн. Ошол себептен бул бөлүмдөгү маалыматтар үчүн Erfolg Consult ЖЧКсы өзүнө эч кандай жоопкерчиликти албайт.

жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу үчүн өзүндө күч, дарамет бар болгонун сезип турушат.

*31-диаграмма. Өзүн турмуштук позициясы жигердүү жаран катары эсептеген респонденттердин үлүшү, пайыздар менен*




Бирок баары эле бул потенциалын ачып бере албайт. Айталы, өз жамаатында активист болгонуна ишенген аялдар азайып калды – мындайлар 54% түзөт.

*32-диаграмма. Өз жамаатында активист катары таанылдым деп эсептеген респонденттердин үлүшү, пайыз менен*




Респонденттердин басымдуу бөлүгү – 73 пайызы акыркы эки жылда айылдын же аймактын деңгээлинде коомго маанилүү маселелердин чечилишине салым кошконун ырастап жатышат. Ошону менен катар эркектер өздөрүн көбүрөөк эффективдүү иш алып бардым деп эсептешет. Айталы, өзүнүн же жамааттын көйгөйлөрүн чече алдым дегендер: 61% - аялдар жана 91% - эркектер. Эч кандай жыйынтыкка жете албадым дегендер – 20 пайызы аялдар жана 4 пайызы гана эркектер. Өз сунуштарын ишке ашыруу үчүн акча каражаты же жабдуу түрүндө ЖӨБ органдарынан, өнүктүрүү долбоорлорунан жана башка булактардан колдоого аялдарга караганда эркектер көбүрөөк ээ болот экен. Өз демилгелерин ишке ашыруу үчүн тыштан жардам алганын эркектердин 89% ырастады. Ал эми аялдар арасында бул көрсөткүч болгону 49% түздү.

Дээрлик жарым учурда жарандар өздөрү үчүн маанилүү болгон маселелерге көңүлдү бурдуруп, социалдык жактан маанилүү маселелерди каржылоо үчүн сунуштарын иш планына жана жергиликтүү бюджетке киргизе алышкан. Ошону менен катар 17% көйгөйдү чечүү боюнча демилгени өз алдынча көтөрүп чыгып, демилгелүү топтун лидерлери болуп калышкан. Дагы 15 пайызы кайсы бир топтун атынан иш алып барса, калгандары демилгесин ишке ашыруу үчүн башка ыкмаларды колдонушат. Аялдарга караганда (39%) эркектер (58%) маселени коомдук угууларда (чогулуштарда, бюджет боюнча коомдук угууларда), ошондой эле жергиликтүү кеңештердин сессияларында өз алдынча көбүрөөк көтөрүп чыгышат экен.

## Аялдардын демилгелерине жана сунуштарына көрсөтүлгөн колдоо

Сунуштарды жана демилгелерди ишке ашырууга көмөк болчу эң эле натыйжалуу фактор деп жарандар төмөнкүлөрдү аташкан: коомдук угууларга жана иш-чараларга катышуу (14,5%), көтөрүлгөн көйгөйлөрдүн актуалдуулугу (13,7%), семинарлар жана тренингдер аркылуу жаңы билим алуу (12,9%), мажбурлоо жолу менен болсо да, коомдук турмушка катышуу (10,4%). Гендердик алкактан алганда, эркектер жарандардын көбү үчүн актуалдуу болгон көйгөйлөргө таянышат. Бул негизи салттуу саясий кыймыл-аракетке айланып калды. Ошондой эле эркектер гранттык долбоорлорду ишке ашырууда буга чейинки өзүнүн тажрыйбасына жана адамдарга жардам берүү каалоосуна таянаары белгилүү болду. Эң натыйжалуу факторлор деп аялдар өздөрүнүн демилгелүү топторго биригип кетүү жөндөмдүүлүгүн аташкан. Ошондой эле аялдар эркектерге караганда өзүнүн жеке лидердик сапаттарына таянышат экен.

*33-диаграмма. Жарандардын демилгелерин илгерилетүүгө көмөкчү болгон факторлор, пайыздар менен*



Жарандар өзүнүн сунуштарын жана демилгелерин ишке ашыруу үчүн кайсы топтордун ичинен өнөктөштөрдү, саясий колдоону издешет? Биринчи кезекте ЖӨБ органдарынан жана жергиликтүү активисттерден – респонденттердин жарымы ушундай жооп кайтарган. Активисттердин болжол менен төрттөн бири колдоо издеп кайрылган экинчи ири топ – кызыкдар бюджеттик мекемелердин өкүлдөрү, айыл өкмөтүндө иштеген тааныштары жана кесиптештери. Болжол менен ар бир онунчу жаран колдоо издеп жергиликтүү коммерциялык эмес уюмдарга, таасирдүү жердештерине жана кесиптештерине кайрылышат экен. Бизнес өкүлдөрүнөн жана дин кызматкерлеринен өнөктөш издегендер көп эмес. Ошону менен катар эркектерге караганда (21,8%) аялдар (13,6%) жергиликтүү кеңештин депутаттарынын колдоосуна чанда гана ээ болушат.

## Жергиликтүү жамаатта аялдардын абалы жана өзүн көрсөтөйүн десе пайда болгон тоскоолдуктар

Жалпысынан аялдар да, эркектер да бирдей эле “аялдар кайсы бир деңгээлде коомдук турмушта активдүү” деп эсептешет – респонденттердин дээрлик 60% ушундай пикирде. Көп деле жигердүү эмес дегендер 24%, атүгүл пассивдүү деп ойлогондор 11 пайызды түздү.

Аялдар үчүн артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн сап башында бала бакча маселеси турат. Себеби бала бакча аялдын колун бошотот, ал акы төлөнгөн ишке орношуп, инсан катары өнүгүүсүнө жол ачылат. Ошондой эле таза сууга жеткиликтүүлүк маселеси да артыкчылыктуу маселелердин бири. Анткени көп жерлерде сууну флягага жана чакага толтуруп алып аялдар жана балдар ташыйт. Бул маселелер ар бир үчүнчү жана бешинчи аялды тынчсыздандырары белгилүү болду. Экинчи орунда мектептер жана таштанды чыгаруу маселелери турат. Ар бир жетинчи аял буларды артыкчылыктуу көйгөй катары тандап алышкан. Жергиликтүү жамааттарда жогоруда айтылгандардан башка маселелерди аялдар артыкчылыктуу деп тандаган учурлар сейрек.

*34-диаграмма. Аялдар чечүүгө аракет жасап келаткан артыкчылыктуу маселелер, пайыздар менен*




Аялдардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө бут тоскон факторлордун арасында эң олуттуу үчөө бар. Биринчи фактор – жергиликтүү бюджеттеги каражаттын

тартыштыгы. Муну сурамжылоого катышкандардын дээрлик ар бир үчүнчүсү көрсөткөн. Экинчи фактор – аткаминерлердин ичинен кызыкдар адамдардын көп жакшы активдүү болбогону, муну ар бир бешинчи респондент айткан. Үчүнчү фактор – мыйзамдар. Ар бир тогузунчу респонденттин баамында, мыйзамдар артыкчылыктуу көйгөйлөргө карата гендердик өңүттү эсепке албайт. Жергиликтүү жамаат жана мамлекеттик органдар тарабынан колдоого ээ болбогонун белгилегендердин үлүшү да оңой эмес. Бирок сурамжылоого катышкандардын ичинен мэрия жана айыл өкмөтү тараптан колдоого ээ болбогонун айтып даттангандардын саны өтө аз.

*35-диаграмма. Өз демилгелерин ишке ашыруу процессинде аялдар туш болгон тоскоолдуктар, пайыздар менен*




Жергиликтүү жамааттын коомдук турмушуна жигердүү катышууга аялдарга бут тоскон негизги көйгөй катары респонденттердин дээрлик 60% акы төлөнбөгөн, аягы көрүнбөгөн үй тиричилигин аташкан. Экинчи себеби – аялдарды жада калса маанилүү маселелерди талкуулоого чакырышпайт экен. Ошону менен катар бул факторлорго карата эркектер менен аялдардын пикири эки ача чыкканын белгилей кетиш керек. “Бизди чакырбайт” деп айткан аялдардын саны эркектерге караганда дээрлик 15 пайызга көп. Ошону менен бирге эркектердин дээрлик 10% аялдардын үйдөгү түйшүгү көп деп ойлошот. Мындан улам эркектердин болжол менен 10-15% аялдардын үй тиричилиги көп деген ой менен аларды маанилүү талкууга чакырбашы ыктымал деген тыянакты чыгарууга болот. Ар бир алтынчы аял алардын пикирин эч ким олуттуу кабыл албайт десе, ар бир онунчу аял коомдук турмушка жигердүү катышканы же демилге көтөрүп чыкканы үчүн уяткарышы мүмкүн деп коркот.

*36-диаграмма. Аялдарга жигердүү болууга бут тоскон факторлор, пайыздар менен*




Респонденттердин жарымы жергиликтүү жамааттарда өз максаттарына жетип, ишке ашыруу үчүн эркектер менен аялдарга тең шарттар түзүлгөн деп эсептешет. Жарымынан көбү – 55% шарттар бирдей эмес дешет. Ошону менен катар аялдар үчүн артыкчылыктар көбүрөөк дегендерге караганда (18%) эркектердин мүмкүнчүлүктөрү жакшыраак, кененирээк жана өтө көп дегендер басымдуулук кылат (37%).

Чечимдерди, анын ичинде бюджет тууралуу чечимдерди кабыл алуу процессинде аялдардын ролун күчөтүү үчүн зарыл болгон чаралар тууралуу пикирилер да эки ача чыкты. Респонденттердин болжол менен теңи чогулуштарга, жыйындарга жана угууларга катыштыруу үчүн аялдарга тең шарт түзүп бериш керек деп эсептешет (15,4,%); аялдар өздөрү жарандык жигердүүлүгүн көрсөтүп, укуктарын коргошу керек дегендер 14,8% түзөт; демилгелүү аялдар топторун түзүп, колдоого алыш керек дегендер 12%. Ошондой эле аялдарга алдыда болчу иш-чаралар тууралуу маалыматты көбүрөөк берип, мыйзамдарга гендердик теңдикке байланышкан талаптарды киргизиш керек дегендер да бар. Калыптанып калган ой жүгүртүүдөн баш тартып, аялдардын коомдогу ролуна карата көз карашты өзгөртүп, гендердик көйгөйлөрдү талкуулоо үчүн аянтча түзүп, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана ЖӨБ органдарынын башчылары менен аялдардын туруктуу жолугушууларын уюштуруу – бул маселени чечет деп эсептеген респонденттердин саны азыраак.

*37-диаграмма. Чечимдерди, анын ичинде бюджет тууралуу чечимдерди кабыл алуу процессинде аялдардын ролун күчөтүү үчүн зарыл болгон чаралар тууралуу пикир, % менен*



Аялдардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусуна карата гендердик теңдикти баалоо көрсөткөндөй, аялдардын коомдук турмуштагы ролу азыркыдан бир кыйла жогору боло алат. Аялдар тиричиликте шарт түзүүгө жана балдарга байланышкан маселелерди чечүүдө көбүрөөк активдүү. Бул эки негизги өңүт Кыргыз Республикасында аялдардын милдеттерине кирет деген түшүнүк терең сиңип калган. Ошол эле маалда жигердүү турмуштук позициясын билдирүү менен үй түйшүгүн кошо алып кетүү аялдар үчүн актуалдуу маселе бойдон кала берүүдө. Ошону менен катар респонденттер аялдардын ЖӨБ органдарында өз ордун табуусу үчүн түрдүү шарттарды түзүп берип, аянтчаларды ачып, мүмкүнчүлүктөрдү бериш керек деп эсептешет. Мунун баары аялдарга өз дараметин көрсөтүп, көбүрөөк ийгиликтерге жетүүгө өбөлгө болмок. Эркектер үчүн коомдук көйгөйлөрдү чечүүдө тоскоолдуктар аз болгонун эркектер да, аялдар да тастыкташууда. Ошону менен катар эркектер аялдардын жамааттагы абалына көбүрөөк позитивдүү маанайда баа беришет.

## VI. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун таасири

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору 2011-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгында Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарындагы жергиликтүү жамааттар жана ЖӨБ органдары менен иштешти. Долбоор жергиликтүү жамааттарга бюджетти башкарууга жигердүү катышууга, ал эми ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджетти элдин кызыкчылыгында, көбүрөөк натыйжалуу башкарууга жардам берип келди. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору аталган облустардын ар бир районунан бирден максаттуу муниципалитетти конкурстун негизинде тандап алган. Бирок Долбоор Кыргыз Республикасынын бардык ЖӨБ органдарына кандайдыр бир деңгээлде колдоо көрсөтүп келди.

Максаттуу муниципалитеттерде ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жарандардын ЖӨБго катышуу Моделин киргизүүгө көмөктөштү. Бул Модель ЖӨБ органдарына жарандарды артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоого, жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишин биргелешип пландоого, жергиликтүү бюджеттерди жарандардын муктаждыктарына жараша бөлүштүрүүгө, ЖӨБ органдарынын ишине биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө жардам берди.

Долбоор тийгизген таасирди баалоо үчүн максаттуу жана өнөктөш муниципалитеттерде жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарына өз-өзүнчө анализ жасалып чыкты. Жалпысынан изилдөө көрсөткөндөй, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору өз карамагына алган максаттуу муниципалитеттерде жакшы жагына өзгөрүүлөр тезирээк ишке ашкан. Ал эми терс жагына өзгөрүүлөр жайыраак болгону байкалган. Төмөн жакта ЖӨБ органдарынын өнүгүүсүнүн жана жарандар менен өз ара байланыштын өз-өзүнчө өңүттөрү боюнча маалыматтар берилди. Бул маалыматтарды изилдеп жатканда максаттуу жана өнөктөш ЖӨБ органдары ортосунда олуттуу айырмалар бар болгону аныкталды. Ал эми изилдөөнүн калган маселелери боюнча олуттуу айырмачылыктар байкалган жок.

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жалпы жыйынтыктары

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун таасири алдында жарандардын жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнө катышуунун салттуу формалары бир кыйла өзгөрдү: мыйзамдарда бекитилген формасынан жарандык катышуунун заманбап механизмдерине айланды. Жарандардын ЖӨБго катышуу механизмдеринин логикалык жактан бири-бирине байланган топтому Долбоордун көмөгү менен мыйзамдарда бекитилди (КР Бюджеттик кодекси, Өкмөт, Финансы министрлиги жана ЖӨБЭММА бекиткен типтүү документтердин жана жоболордун топтому). Мисалы, жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү иргеп алуу, аларды чечүүнү чогуу пландоо, бюджеттик процесске катышуу, биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү, жарандардын демилгелерин жергиликтүү бюджеттен каржылоо өңдүү бир топ механизмдер сиңип калды. 2012-жылдан тартып бардык механизмдерди өлкөнүн беш облусундагы (Талас жана Баткен облустарынан башкалары) 100дөн ашык муниципалитет колдонуп келатат. Долбоор жарандар менен ЖӨБ органдары ортосунда 250 миңден ашык жемиштүү байланыш түзүлгөнүн аныктады. Долбоордун тикелей таасири алдында ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги жана ачык-айкындуулугу бир кыйла күч алды. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору бул муниципалитеттерде бюджеттик маалыматтын жаңы форматтарын колдонуу практикасын жайылта алды. Мисалы, инфографика, бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү жана онлайн жарандык бюджет өңдүү форматтар көп колдонулуп жатат. 2019-жылы буларды Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ органдарынын 71 пайызы колдонгон. Максаттуу ЖӨБ органдарында Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексинин мааниси дээрлик эки эсе – 32 баллдан 78 баллга чейин көтөрүлдү. Долбоордун гранттык программасынын таасири алдында ЖӨБ органдары инвестицияларды тартуу жана башкаруу көндүмдөрүн жакшырта алышты. Алар 129 жергиликтүү маселени чечип, муну менен жалпысынан 530 миң адамдын турмуш шартын оңдоп, 129 жумушчу орунду түзүштү. ЖӨБ органдарынын башында тургандардын кадрдык дарамети да өстү: ЖӨБ жетекчилери муниципалдык

башкаруу жана жамаат менен байланыш түзүү көндүмдөрүн бир топ жакшыртышты, өтө чоң көлөмдөгү практикалык жана методикалык маалыматтарга ээ болушту (долбоор 20дан ашык тема боюнча жалпысынан 38 миң адамга тренинг өткөрдү).

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен ЖӨБ органдарынын укуктук жана институционалдык иш шарттары да оңолду: муниципалдык кызматчынын статусу жогорулады, квалификацияны жогорулатуу системасы түзүлдү, өкмөт өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды каржылоо зарыл болгонун мойнуна алды, мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы ыйгарым укуктар иш жүзүндө бөлүштүрүлө баштады, ЖӨБдү өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программа түзүлүп, ишке ашырылып келатат, мыйзам долбоорлорун ЖӨБ органдары менен макулдашуу процесси жолго салынып келатат, жергиликтүү кеңештердин ишине административдик жана финансылык шарттар түзүлүүдө, ЖӨБ органдарын текшерүү жарым-жартылай иретке келтирилип калды ж.б. Ушунча жылдардан бери Долбоор ЖӨБдү өнүктүрүүнүн бардык өңүттөрү боюнча КР Президенттик аппаратына, КР Жогорку Кеңешине, КР Өкмөтүнө, Мамлекеттик кадр жана салык кызматтарына, Финансы, Экономика, Социалдык өнүктүрүү министрликтерине жана башка мамлекеттик органдарга көптөгөн кеп-кеңештерин берип келди; улуттук стратегиялык документтерде (өнүгүүнүн улуттук стратегияларында, ЖӨБдү өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаларда, бюджет аралык концепцияда, административдик-аймактык реформа боюнча концепцияда ж.б.) ЖӨБдүн кызыкчылыктары эсепке алынышына жетише алды.

Долбоор иш алып барган жылдар ичинде анын максаттуу муниципалитеттери өз райондорунда 11 жолу мыкты ЖӨБ органы деп таанылды, 70тен ашык муниципалдык кызматчы жана максаттуу ЖӨБ органдарынын жетекчилери “Муниципалдык кызматтын отличниги” жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” деген наамдарга ээ болушту.

## Максаттуу ЖӨБдүн жашоочулары өздөрүнүн ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрүнө көбүрөөк ишенип калышты

Максаттуу ЖӨБ органдары жарандардын көйгөйлөрүнө жана муктаждыктарына көбүрөөк жана дыкаат мамиле жасай башташына Долбоор абдан көп күч-аракет жумшады. Бул үчүн Долбоор жарандарга өз үнүн жеткирүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн берди. Айталы, Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо механизмин киргизүү менен бул багытта жарандарга кеңири шарттар түзүлдү. Жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрүн аныктоо үчүн ЖӨБ органдары менен жарандар ортосунда 68 миңден ашык байланыш түзүлдү; жарандар Биргелешкен аракеттер пландарына өздөрүнүн 800гө жакын сунушун киргизе алышты. Жарандардын демилгелери жергиликтүү бюджеттер аркылуу кайсы бир даражада ишке ашты. Долбоор жарандардын ЖӨБ органдары менен байланыш түзүүнүн салттуу формасын – чогулуштарды жаңы деңгээлге чыгарды. Чогулуштар Жергиликтүү жамааттын Уставы менен регламенттештирилген. 2020-жылы да чогулуштарды максаттуу жана өнөктөш ЖӨБ органдары жигердүү түрдө өткөрүп келатышат.

Ошол себептен 2020-жылы ЖӨБ органдарына карата оптимисттик маанайда болгон жарандар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде башка өнөктөш аймактарга караганда көбүрөөк болду. 2012-жылы максаттуу муниципалитеттерде оптимисттик маанайдагы жарандардын саны бир кыйла аз болчу. Бирок 2018-жылга чейин максаттуу муниципалитеттерде ЖӨБго карата оптимисттик маанайдагы жарандардын саны эки эсе көбөйдү. Салыштыруу үчүн айта турган болсок, өнөктөш муниципалитеттерде мындай маанайдагы жарандардын үлүшү болгону үчтөн бирин түзөт.

*38-диаграмма. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу жана өнөктөш муниципалитеттеринде ЖӨБ органдарына карата оптимисттик маанайдагы жарандардын үлүшүнүн динамикасы*





## Жарандар максаттуу ЖӨБдө коррупция азыраак деп эсептешет

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугу бир кыйла көбөйдү. Бюджеттик маалыматты жарыялоодо бул көрүнүш өзгөчө байкалууда. Ошондой эле Мамкаттоонун сайтына жайгаштыруу менен бардык ЖӨБ органдарында муниципалдык мүлккө байланышкан бүтүмдөр тууралуу маалымат ачык болуп калды. Долбоор ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугун мындан ары да жогорулатуу үчүн саясий шарттарды түзүп берди. Бул үчүн “Ачык өкмөт” аттуу Улуттук иш-аракеттер планына бир нече тийиштүү маселени кошту.

Натыйжада ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде айыл өкмөтүндө жемкорлуктун деңгээли *өтө жогору* деп эсептеген респонденттердин үлүшү 2012-жылдан бери азайып келатат. 2020-жылы мындай пикирдеги адамдардын саны 4,6 пайызга азайган. Өнөктөш муниципалитеттерде болсо айыл өкмөтүнө же мэрияга мындай баасын берген респонденттердин үлүшү 2020-жылы 0,8 пайызга гана азайган.


ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөш ЖӨБ органдарына караганда максаттуу муниципалитеттеринде бюджетти башкарууда (20 пайыздан 16 пайызга чейин) жана мамлекеттик сатып алуулар процессинде (13,3 пайыздан 10,4 пайызга чейин) коррупцияны байкаган жашоочулар аз болгон. Ошол эле маалда өнөктөш ЖӨБ органдарында бул көрсөткүчтөр өстү: бюджетти башкарууда (17,2 пайыздан 18,4 пайызга чейин) жана мамлекеттик сатып алуулар процессинде (9,6 пайыздан 12,5 пайызга чейин) коррупцияны байкаган жашоочулар көбөйгөн.

*39-диаграмма. 2018-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил ичинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу жана өнөктөш муниципалитеттеринде коррупцияны байкаган жарандардын үлүшүнүн динамикасы, пайыздар менен*




ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу жана өнөктөш муниципалитеттеринде дагы бир тенденция байкалууда: жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматтын көлөмүнө жана сапатына канчалык ыраазы болгонуна баа берип калышты. Толугу менен ыраазылардын катары калыңдап, жарым-жартылай ыраазы болгондордун жана бул суроого жооп бере албагандардын саны азаюуда. Ошону менен катар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун өнөктөш муниципалитеттерине караганда, максаттуу ЖӨБ органдарында маалыматка толугу менен канааттангандардын үлүшү тезирээк көбөйүп жатат. Айталы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө маалыматка толугу менен ыраазы болгондордун үлүшү 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы эки эсе көбөйгөн. Өнөктөш муниципалитеттерде болсо бул көрсөткүч үчтөн бирге гана көбөйдү.

*40-диаграмма. Максаттуу жана өнөктөш ЖӨБдүн алкагынан караганда, ЖӨБ тууралуу маалыматка толугу менен ыраазы болгон жарандардын үлүшүндөгү өсүш динамикасы, пайыздар менен*





Ошондой эле ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде ЖӨБ органдарынын иши коомчулук үчүн ачык деп эсептеген жарандардын үлүшүндө өсүш көбүрөөк байкалууда. 2018-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилде бул көрсөткүч максаттуу ЖӨБдө 22 пайызга, ал эми өнөктөш ЖӨБдө болгону 14,3 пайызга өскөн.

## Максаттуу ЖӨБдө жарандардын башкарууга катышуу деңгээли сакталды, ал эми өлкө боюнча жалпысынан төмөндөдү

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖӨБ органдарына тийгизген тикелей таасиринин натыйжасында 49 (100%) максаттуу жана 298 (элеттик ЖӨБ органдарынын жалпы санынан 66%) өнөктөш ЖӨБ органы жарандардын артыкчылыктуу муктаждыктарын бюджетинде эсепке ала баштады. Жарандарды бюджеттик процесске тартып, алардын муктаждыктарын эсепке алуу боюнча милдеттүү талап биринчи жолу КР Бюджеттик кодексинде белгиленген. Натыйжада бюджеттик угууларды өткөргөн ЖӨБ органдарынын саны 2016-жылга салыштырмалуу 19 эсе көбөйдү. Ошентип, 2016-жылы угууларды 17 ЖӨБ органы, же 4 пайызы гана өткөрсө, 2019-жылы угууларды 330 ЖӨБ органы, же дээрлик 70 пайызы өткөрдү. Жамааттын муктаждыктарын аныктап, аларды жергиликтүү өнүктүрүү программаларына кошуу боюнча талаптар КР Экономика министрлиги бекиткен программаларды иштеп чыгуу методикасына кирди.

Ошол себептен жалпы Кыргызстан боюнча жарандардын бюджет боюнча коомдук угууларга катышуу деңгээлинде төмөндөө байкалды. Бирок ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринде бул көрсөткүч 2020-жылдагы тарыхый жогорку чекте (20 пайыздан ашык) сакталып калды. Өнөктөш ЖӨБ органдарында угууларга катышуу деңгээли 2 пайызга түшүп, Кыргызстан боюнча орточодон төмөн деңгээлден да түштү. Бирок максаттуу ЖӨБ органдарында угууларга катышуунун деңгээли олуттуу деле түшкөн жок, болгон жарым пайызга гана азайды.

*41-диаграмма. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу жана өнөктөш ЖӨБ органдарында бюджет боюнча коомдук угууларга жарандардын катышуу деңгээлинин салыштырмалуу динамикасы, 2018-2020-ж.ж., пайыздар менен*




Максаттуу ЖӨБ органдарында угуулардын катышуучуларынын арасында аялдардын үлүшү көбөйгөнүн белгилей кетүү зарыл. Өнөктөш ЖӨБ органдарында бул көрсөткүч, тилекке каршы, азайды.

*42-диаграмма. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу жана өнөктөш ЖӨБ органдарында бюджет боюнча коомдук угууларга аялдардын катышуу деңгээлинин салыштырмалуу динамикасы, 2018-2020-ж.ж., пайыздар менен*




ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу да, өнөктөш да ЖӨБ органдарында бюджет боюнча гана эмес, ошондой эле тарифтер, кызмат көрсөтүүлөр жана жергиликтүү маанидеги башка маселелер боюнча чогулуштарга, коомдук угууларга жарандардын катышуу деңгээли да өсүп жатат. Бирок ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун таасири менен пайда болгон бул өсүштө сапаты жагынан чоң айырма бар: максаттуу муниципалитеттерде жарандардын катышуусунун натыйжа берген түрлөрү барган сайын популярдуу болуп жатат. Айталы, жөн гана маалымат алып, же пикирин айтып кала турган чогулуштар эмес, ЖӨБ органдарынын чечимине чындап таасирин тийгизе алган иш-чаралар (мисалы, угуулар, акча бөлүнчү долбоорду даярдап, тандай турган чогулуштар) көбүрөөк суроо-талапка ээ болуп турат. Мунун бир логикалуу түшүндүрмөсү бар: ЭҮЖӨБОЖ Долбоору максаттуу муниципалитеттерге жарандардын катышуусунун дагы да жемиштүү түрлөрүн киргизүүгө жардам берип жатат. Ушулардын алкагында жарандар ЖӨБ органдарынан кайтарым байланышты алып, алардын муктаждыктары жана каалоолору эсеп алынып, өзгөрүүлөр да болуп жатканын көрүшүүдө.

*43-диаграмма. Максаттуу жана өнөктөш ЖӨБ органдарында жарандардын катышуу формаларынын деңгэлиндеги өсүш, пайыздар менен*



Жергиликтүү бюджеттин же тышкы жардамдын эсебинен каржылана турган долбоорлорду даярдоого же тандоого жарандардын катышуусун алып карасак, мында Долбоордун таасири өзгөчө байкалат. Муну бир себеп менен түшүндүрүүгө болот: ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Биргелешкен аракеттер пландарын киргизүү жолу менен ЖӨБ органдарынын ишинин даректүүлүгүн олуттуу түрдө күчөтүүгө жардам берди. Себеби мындай пландардын арты менен ЖӨБ органдары иш-чараларды конкреттүү топторго, көчөлөргө ж.б. негиздүү түрдө байлай баштады. Жыл сайын жарандар менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында жергиликтүү жамааттардын 100-150гө жакын курч көйгөйү ушул пландар аркылуу чечилип келатат. Ошондой эле пландар ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин пландоо жаатындагы көндүмдөрүн да жакшыртууга жардам берүүдө. Чоң-Алай АА башчысы Тайирбек ЖАЙЧИБЕКОВ буларды белгиледи: “Биргелешкен аракеттер планы ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттерди башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берди. Себеби бюджеттеги каражаттар буга чейин болуп келгендей, пландалбаган, чукулунан чечилчү иштерди жасоого сарпталбай калды. План орто мөөнөттүү пландоо ишин жеңилдетип жатат. Себеби элдин катышуусу менен бир нече жылга артыкчылыктуу көйгөйлөрдү алдын-ала тандап алуудабыз. Айыл өкмөтүнүн ичинде да иш иретке келди, анткени кызматкерлер соңунда кандай максаттарга жетиши керектигин көрүп калышты”. Жамааттарды биргелешкен пландоо ишине катыштыруу менен ЖӨБ органдарынын инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүгү бир кыйла кеңейди. Айталы, 2018-жылы Чүй облусунда ЖӨБ менен жамааттын биргелешкен аракетинин натыйжасында 129 миллион сом тартылды. Бул демек, биргелешкен планды каржылоо үчүн зарыл болгон каражаттын 74% башка булактардан келди дегенди билдирет. Биргелешкен аракеттер планынын статусун жогорулатуу максатында 2019-жылы ЭҮЖӨБОЖ Долбоору элдин муктаждыктарын эсепке алган планды расмий Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына оодара баштады. Муну КР Экономика министрлигинин Методикасына адаптациялоо менен ишке ашырды.

## Максаттуу ЖӨБдүн жашоочулары күнүмдүк көйгөйлөрдү чечүү үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөргө ээ болушту

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жергиликтүү жамааттарга тийгизген тикелей таасири жарандык катышуунун салттуу формаларын бекемдөөгө жардам берди: айылда жергиликтүү көйгөйлөрдү чечиш керек болгондо демилгелүү топтор дайыма эле түзүлө калчу. Бирок Долбоор демилгелүү топтордун статусун жол-жоболоштурууга жардам берип, демилгелүү топтор койгон маселелерге ЖӨБ органдары жооп кайтара ала тургандай өз ара байланыштын формаларын конкреттештире алышты. Айталы, топторду түзүү, алардын өз ара байланышынын тартиби, бюджеттик процесске катышуу аркылуу көйгөйлөрдү чечүү ыкмалары, өнүгүү жолдорун ЖӨБ органдары менен биргелешип пландоо – мунун баары Жергиликтүү жамааттын Уставында бекитилип, биринчи жолу укуктук негизге ээ болду. 2014-жылга чейин уставдарда жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттенмелери ар башкача чечмеленип келди, кээде колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келген учурлар да болду. Ошол себептен Долбоор Кыргызстанда түрдүү жамааттардын мүчөлөрүнүн укуктарын теңдештирүүгө жардам берди. Муну Долбоор Уставдарды мыйзамдарга шайкеш келтирүү жолу менен ишке ашырды. Ошондой эле уставга жамаат мүчөлөрүнүн башка мыйзамдарда жазылбаган укуктарын колдонуу механизмдерин да кошту (мисалы, жергиликтүү кеңештин ачык сессиясына катышуу укугун колдонуу механизми). Натыйжада ар бир максаттуу ЖӨБ органында орточо 35 активист (баары болуп 1700 адам) дээрлик 190 демилгелүү топко биригип, ЖӨБ органдары менен чогуу маселелерин чече алышты.


ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жарандардын ЖӨБго катышууга болгон Конституцияда бекитилген укугуна практикалык маани берүүгө кыйыр түрдө жардам берди. Себеби Демилгелүү топтор жарандык катышуунун башкалардан айырмалуу “мектеби” болуп, көптөгөн жергиликтүү активисттерге өзгөрүүгө мүмкүнчүлүк бар болгонуна ишенүүгө

жардам берип, жергиликтүү өз алдынча башкарууда өзүн көрсөтө алуунун жаңы ыкмаларын тартуулады (максаттуу ЖӨБ органдарында демилгелүү топтордун 500гө жакын катышуучусу жергиликтүү кеңештердин депутаты, муниципалдык катчы, биргелешкен мониторингдин катышуучусу болуп, өз аймагын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн мамлекеттик органдардан сыйлыктарды алышты).

Долбоор жарандардын өз демилгелерине жергиликтүү бюджеттен колдоо алуу мүмкүнчүлүгүн нормативдик жактан аныктап берүүгө көмөктөштү – бул “Жергиликтүү демилге” аттуу механизмди расмий түрдө бекитүү жолу менен ишке ашты. Жергиликтүү жамааттардын жоопкерчилиги да көбөйдү, жарандар көптөгөн маселелерди чечүүгө катышууга даяр болуп калышты: 2012-жылга салыштырмалуу 2019-жылы жергиликтүү демилгелерди ишке ашырууга карата жамааттардын активдүүлүгү дээрлик үч эсе, тагыраак айтканда 31 демилгеден 100 демилгеге чейин көбөйдү.

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу жана өнөктөш муниципалитеттеринин жашоочуларынын өз шаарынын же айылынын коомдук иштерине катышуу деңгээли 2020-жылы деле өзгөргөн жок. 2018-жылга салыштырмалуу азыр дээрлик 65 пайызды түзөт. Бул демек 9 пайызга көп дегенди билдирет. Бирок өнөктөш ЖӨБго салыштырмалуу максаттуу муниципалитеттерде коомдук турмушка катышуунун практикалык тажрыйбасына ээ болгондордун саны тезирээк өсүүдө. Айталы, 2015-жылга салыштырмалуу максаттуу муниципалитеттерде коомдук иштерге буга чейин катышкан жарандардын үлүшү 20 пайызга көбөйгөн. Ал эми өнөктөш муниципалитеттерде болгону 11 пайызга гана өсүш байкалган.

*44-диаграмма. Коомдук иштерге катышкан жарандардын үлүшүндө өсүш динамикасы*




Өз шаарын же айылын көрктөндүрүү боюнча иштерге катышууну каалагандардын катары калыңдап жатат. Айталы, 2020-жылы катышууга даярдыгын тастыктагандардын үлүшү 70 пайыздан көп болуп, 2018-жылга салыштырмалуу 9,7 пайызга өскөн. Атүгүл шаарды же айылды көрктөндүрүү боюнча жумуштарга иш жүзүндө катышып калган жарандардын саны да көбөйүп, 2020-жылы 36,7 пайызды түздү.

Максаттуу ЖӨБдө көрктөндүрүү иштерине өзү катышкысы келген жарандардын көп болгонун мындай деп түшүндүрсө болот: ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жардамы менен ЖӨБ органдары инвестицияларды тартуу жана башкаруу көндүмдөрүн жакшырта алышты; 530 миң адамдын турмуш шартын оңдоп, 129 көйгөйлүү маселени чечишти, 129 иш ордун түзүштү. Долбоор Кыргыз Республикасынын бийлиги жана өнүгүү боюнча өнөктөштөрү

үчүн прецендент түзүп берди – Долбоор өлкө тарыхында биринчи жолу гранттык программаны жергиликтүү бюджеттер аркылуу ишке ашырды. Мындай кадам гранттык каражаттардын максаттуу сарпталышына көзөмөлдү бир топ күчөтүүгө шарт түздү. Мында мамлекеттик сатып алуулардын катаал жол-жоболору колдонулду. Ошол эле кезде ЖӨБ органдары бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы инвестицияларды башкарганды да үйрөнүп жатышты.

## Максаттуу ЖӨБдө гендердик теңдик

Жалпысынан ЖӨБ органдарынын жоопкерчилик чөйрөсү – жергиликтүү маанидеги маселелер – жамааттын бардык жашоочуларына даректелген. Ошол себептен формалдуу түрдө аларды гендердик жактан нейтралдуу деп тааныса болот. Бирок иш жүзүндө ЖӨБ органдары аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна таасирин тийгизе алышат.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору ЖӨБ органдарынын ишинин жыйынтыгында гендердик теңдик үчүн шарттарды түзүп берүүгө умтулуп келди. Долбоор муну гендердик шарттарды Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо механизмине киргизүү жолу менен жасоого умтулду. Бул механизмде квота белгиленген – катышуучулардын бери дегенде 30% бир жыныстын өкүлү болушу керек. Натыйжада артыкчылыктуу маселелерди аныктап, ЖӨБдүн ишин пландоого катышкан аялдардын саны көбөйдү: 2012-жылы 35 пайызды түзүшү керек болсо, 2019-жылы бул көрсөткүч дээрлик 50 пайызга жетти. Долбоордун таасири менен ЖӨБ органдары аялдардын артыкчылыктуу муктаждыктарына реакция жасап, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер планына гендердик өңүтү бар иш-чаралардын 47 пайызын киргизди (мектептер, бала бакчалар, ичүүчү суу, маданият, көчөлөрдү жарыктандыруу, сейил бактар ж.б.).

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору гранттык программа аркылуу аялдардын абалына максаттуу түрдө таасирин тийгизип келди: гранттык долбоорлордун 68% гендердик өңүтү бар маселелерди чечүүгө багытталган (87% Ош облусунда); 27 миң аял гранттык долбоорлордон пайда тапты (жалпы санынан 51%); гранттык долбоорлор түзгөн иш орундарынын 43 пайызын аялдар ээлешти. Мындай жыйынтыкка жетүү үчүн долбоор өтүнмөлөрдү баалоо системасына атайын талапты киргизген – артыкчылыктуу көйгөйдү аныктоого катышкан аялдардын саны жана үлүшү өтүнмөдө көрсөтүлүшү керек.

“Жергиликтүү демилге” конкурсунда аялдардын демилгелери байгелүү орундардын 50% ээлеп, 154 демилгенин ичинен 80 демилге финансылык колдоого ээ болду. Баса, өз демилгелерине кошо-каржылоо издөөдө эркектерге караганда аялдардын аракетинен көбүрөөк майнап чыкты. Аялдар эркектерге салыштырмалуу үчүнчү жактан тартылган каражатты орточо 6 пайызга көбүрөөк колдонот.

Аялдардын өздөрү болсо, долбоорлорго катышып, үнүн жеткирүүнүн, өзүн көрсөтө алуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушту. Айталы, демилгелүү топтордун курамындагы аялдардын үлүшү өсүп жатат: 2012-2015-жылдары 36% болсо, 2016-2020-жылдары 43 пайызга чейин өстү. Көптөр жергиликтүү кеңештин депутаты болуп, кызматта өсүшкө жете алса, башкалары биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунда ишин улантып кетишти. Мисалы, мониторинг жүргүзгөн топтордо аялдардын үлүшү 37 пайыздан 44 пайызга чейин көбөйдү. Аялдар “Жергиликтүү демилге” конкурсу аркылуу өздөрүн көрсөтө алышты. Конкурска жиберилген өтүнмөлөрдүн 54% аялдар жазып жиберишкен. Боролдой айылдык аймагында жашаган кондитер Лариса КУСОВА 2015-жылга чейин жергиликтүү активист катары ЖӨБдү абдан көп сындап келген эле. Ал өзү да бир нерсени өзгөртүүгө жөндөмдүү болгонун түшүнчү эмес. Долбоордун колдоосу менен Лариса жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызын түшүнүп, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына аттанууну чечти. Төрт жылдын ичинде ал жамааттын эрежелерин бузгандарды тартипке келтирип, көпүрөнүн курулушун баштоону талап кылып, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы катары аярлуу топтордун көйгөйлөрүн жигердүү түрдө чечип келатат.

## Тиркеме. Изилдөөнүн анкетасы

Сурамжылоону жүргүзгөн кишинин аты-жөнү: ________________________________________
Анкетанын номери: __________
Интервьюнун күнү: __________ Интервью башталган убактысы: __________
аяктаган убактысы:___________
Облус: _____________________________ Район:_________________________________________
Шаар/Айылдык аймак (АА):________________________
ААдагы айыл:_____________________________________
Дареги:___________________________________________________________________________

КИРИШ СӨЗ

Саламатсызбы. Менин атым _____________. Мен _________________________ көз карандысыз компаниясынын өкүлүмүн жана бул компания «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун алкагында социологиялык сурамжылоо жүргүзүүдө. Долбоорду Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келет. Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандарды чечим кабыл алуу процессине тартуу менен, калктын артыкчылыктарына таянып, жергиликтүү финансыны ачык-айкын жана натыйжалуу башкаруусуна багытталган.

Анкета жашыруун жүргүзүлөт, биз Сизден кандай маалыматты алганыбызды эч ким билбейт, Сиздин ысымыңыз эч жерде айтылбайт жана жоопторуңуз кандай болгонун эч ким билбейт. Албетте Сиз сурамжылоого катышуудан баш тарта аласыз. Сурамжылоо болжол менен 20-25 мүнөткө созулат.

Сиз сурамжылоого катышууга макулсузбу? Эгер ЖОК болсо, анда респондентке ыраазычылык билдириңиз жана интервьюну бүтүрүңүз.

Макул болгонуңуз үчүн рахмат. Бул сурамжылоонун пайдалуулугу Сиз берген жооптор канчалык чын жана так болгонуна көз каранды. Бардык суроолордо «туура» же «туура эмес» жооптор жок, биз болгону Сиздин пикириңизди билгибиз келет. Эгерде Сиз жообун билбесеңиз, же жооп берүүдө кыйналып турсаңыз, анда бул тууралуу ачык айтыңыз. Сизди эч ким жоопторуңузга жараша баалабайт. Суроолор баарына белгилүү бир тартипте стандарттык түрүндө узатылат. Бул респонденттердин бардыгы бирдей түшүнүп жана жооп беришин камсыз кылат. Суроолор барбы? Баштай берелиби? Рахмат.

**ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ИШИ ТУУРАЛУУ ШААР ЖАНА АЙЫЛ ТУРГУНДАРЫ ҮЧҮН**

1. Сизди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүргүзүп жаткан жергиликтүү маанидеги иштер канчалык деңгээлде кызыктырат (Мэрия/айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш)?
   1. Кызыктырат
   2. Көп кызыктырбайт
   3. Эч кызыктырбайт
   77. Билбейм / жооп бере албайм

2. Сиздин шаарыңыздагы/ айылдык аймагыңыздагы/айылыңыздагы жалпы жашоо деңгээлине өткөн жылга салыштырмалуу кандай баа берет элеңиз?
   1. Жакшыраак
   2. Өзгөргөн жок
   3. Начарлап кетти
   77. Билбейм / жооп бере албайм

3. Сиз жана сиздин үй-бүлө үчүн мэриянын/айыл өкмөттүн жана айылдык кеңештин иши тууралуу маалыматтын негизги булагы болуп эмне эсептелет? (БИР гана жоопту тандаңыз)
   1. Борбордук телевидение

2. Жергиликтүү телевидение
3. Жергиликтүү пресса
4. Республикалык пресса
5. Жарандардын чогулуштары (жыйындары), кварталдык жолугушуулар
6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маалымат баракчасы (бюллетени)
7. Бейөкмөт уюм чыгарган басылмалар (эгерде болсо)
8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлери
9. Коомдук жайларда (мектептерде, мэриянын имараттарында, мэриянын маалымат такталарында) илинген бюллетендер
10. Достор, кесиптештер, туугандар
11. Эл чогулган жерлер (базарлар, жарманкелер)
12. ЖӨБОнун сайты
13. Социалдык тармактар (Вотсап (WhatsApp), “Фейсбук”, “Одноклассники” ж.б.)
14. Башкасы (көрсөтүп жазыңыз___________________________)
77. Билбейм / жооп бере албайм

4. Сиздин шаардагы/аймактагы/айылдагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу маалыматтын көлөмү/сапаты канчалык канааттандырат?
1. Толук канааттандырат
2. Жарым-жартылай канааттандырат
3. Канааттандырбайт
77. Билбейм / жооп бере албайм

5. Сиздин айыл өкмөттүн башчысы/шаардын мэри ким экенин айта аласызбы?
1. Ооба
2. Жок

6. Сиз жергиликтүү кеңештин жок дегенде бир депутатын билесизби?
1. Бирөөнү гана билем
2. Бирөөдөн көбүн билем
3. Билбейм

7. Сиздин баамыңызда, мэриянын/айыл өкмөттүн өкүлдөрү өз иштерин коомчулук үчүн канчалык деңгээлде ачык-айкын жүргүзүшөт?
1. Ачык
2. Жарым-жартылай ачык
3. Жабык
77. Билбейм / жооп бере албайм

8. Кандай деп ойлойсуз, айыл өкмөттүн/шаардын жергиликтүү бюджетинин эң чоң бөлүгү эмнеге жумшалып жатат?

(Жооптун БИР вариантын тандап алыңыз)
1. Айыл өкмөтүн/мэрияны күтүүгө (кызматкерлердин айлык акылары)
2. Коомдук тартипти сактоого (милиция)
3. Билим берүүгө (мектептердин ремонту жана камсыздоо)
4. Калкты социалдык жактан коргоого
5. Маданиятка жана спортко
6. Көрктөндүрүүгө, анын ичинде жолдорду жана тротуарларды колдонууга, жарык берүүгө, жашылдандырууга, сейил бактарга жана көрүстөндөргө көз салууга (респондент кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин толук угуп чыкканын текшериңиз)
7. Башкасы (көрсөтүп жазыңыз) ______________________________
77. Билбейм / жооп бере албайм

9. Сиздин шаардагы /айылдагы бюджет боюнча коомдук угууларга катыштыңыз беле?
1. Жок 2. Ооба ---------☐11-суроого өтүңүз

10. Эгерде катышпасаңыз анда эмне үчүн катышкан эмессиз? (БИР гана жоопту тандаңыз)
   1. Кызыкпайм
   2. Ал тууралуу билген эмесмин
   3. Билгем, бирок такыр бош эмес болчум
   4. Бул тууралуу билгем, бирок убакыт мен үчүн ыңгайсыз болчу (өтө эрте, же кеч ж.б.)
   5. Менин сунуштарым бюджеттин долбооруна киргизилет деп ойлобойм
   77. Билбейм / жооп бере албайм

Интервьюер: 13-суроого өтүңүз

11. Бюджет боюнча угууларга катышканыңызга канааттандыңызбы?
   1. Жок 2. Ооба ---------☐13-суроого өтүңүз

12. Угууларга катышып, бирок канааттанбаганыңызга эмне себеп болду? (БИР гана жоопту тандаңыз)
   1. Уюштуруу иштери начар болгон (угуу өткөн жай, шарттары, начар угулду)
   2. Бюджет начар түшүндүрүлүп берилген
   3. Алып баруучу гана сүйлөп, жашоочуларга сөз берген жок
   4. Коомдук угуу элдин даттануулары менен коштолгон кадимки чогулушка айланып кетти
   5. Коомдук угуунун катышуучуларынын сунуштары бюджетке эч кандай таасир тийгизген жок
   6. Башкасы (көрсөтүп жазыңыз)___________________________

13. Шаардык мэриянын/айыл өкмөттүн иши сизди канчалык канааттандырат?
   1. Канааттандырат
   2. Жарым-жартылай канааттандырат
   3. Канааттандырбайт
   77. Билбейм / жооп бере албайм

14. Акыркы 12 айда мэриядан/айыл өкмөттөн кимдир бирөөгө кандайдыр бир себеп менен кайрылдыңыз беле: маселе, суроо, арыз же кандайдыр бир маалымат же жардам алуу үчүн?
   1. Ооба
   2. Жок-------------------------------☐ (18-суроого өтүңүз)
   77. Билбейм/жооп бере албайм (18-суроого өтүңүз)

15. Акыркы 12 айдын ичинде төмөндө келтирилген маселелердин кайсынысы боюнча мэрияга/айыл өкмөтүнө кайрылдыңыз? (Туура келген жооптордун баарын С тик тилкесинде 1 деген сан менен белгилеңиз) №1 карточка
16. Жоопко же сиздин маселеңизге байланыштуу чечимге канааттандыңызбы?
17. Эгерде кайсы бир жооп канааттандырбаса, буга эмне себеп болду?

| | Компоненттер | 15-суроого – туура келгендер-дин БААРЫН 1 деген сан менен белгилеңиз | 16-суроого – Жоопко канааттандым Ооба=1 Жок=2 | 17-суроого – Эгерде ЖОК болсо, анда эмне үчүн? 1.Жооп же билгим келген маалыматты алган жокмун. 2. Туура эмес, сапатсыз жооп алдым. 3.Суроом боюнча чечим кабыл алуу создугуп кетти 4.Кызматкерлер эч нерсе кыла албай турганын айтышты. 5. Өз жообуңузду жазыңыз. |
|---|---|---|---|---|
| A | B | C | D | E |
| 1. | Маалымкат алуу | | 1 2-→ | |
| 2. | Таштанды чыгаруу | | 1 2-→ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | Канализация | | 1 2-→ | |
| 4. | Суу менен камсыздоо | | 1 2-→ | |
| 5. | Жолдор | | 1 2-→ | |
| 6. | Көчөнү жарыктандыруу | | 1 2-→ | |
| 7. | Мектептер/бала бакчалар | | 1 2-→ | |
| 8. | Саламаттык сактоо | | 1 2-→ | |
| 9. | Пенсиялык камсыздоо | | 1 2-→ | |
| 10. | Турак жайды күтүү | | 1 2-→ | |
| 11. | Турак жай берүү | | 1 2-→ | |
| 12. | Коомдук тартип/ коопсуздук | | 1 2-→ | |
| 13. | Жергиликтүү салыктар жана жыйымдар | | 1 2-→ | |
| 14. | Көрктөндүрүү | | 1 2-→ | |
| 15. | Муниципалдык объекттерди ижарага берүү, пайдалануу жана сатуу | | 1 2-→ | |
| 16. | Муниципалдык жерлерди ижарага берүү же сатуу | | 1 2-→ | |
| 17. | Сугат суу | | 1 2-→ | |
| 18. | АЖМФ жерлери (а/ч жерлеринин мамфонду, буга чейин – ЖБФ) | | 1 2-→ | |
| 19 | Башкасы (***көрсөтүп жазыңыз***) | | 1 2-→ | |

18. Сиздин баамыңызда, сиздин мэрияда/айыл өкмөтүндө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө коррупциянын деңгээли кандай?

1. Өтө жогору
2. Жогору
3. Жогору эмес
4. Коррупция жок

77. Билбейм/Жооп бере албайм

19. Сиздин баамыңызда, ЖӨБОнун ишинин кайсы чөйрөсүндө коррупциянын белгилери эң көп байкалат (жооптордун ичинен үч вариантын тандап алыңыз):

1. Жерлерди башкарууда
2. Сууну башкарууда
3. Мамлекеттик сатып алууларда
4. Бюджетти башкарууда
5. Маалымкаттарды берүүдө
6. Муктаждардын тизмесине кошууда
7. Башкасы (көрсөтүп жазыңыз)________________________________________

77. Билбейм/Жооп бере албайм

**ЖӨБдүн КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРҮ**

20. Сиздин ЖӨБ органы тарабынан көрсөтүлүп жаткан кызматтарга канчалык денгээлде канааттанасыз? Сурамжылоо жүргүзгөн адам! №2 карточканы көрсөтүңүз (Жоопко шайкеш келген санды С тик тилкесине белгилеңиз)

1. Канааттандырат 2. Жарым-жартылай канааттандырат 3. Канааттандырбайт

77. Билбейм/Жооп бере албайм

21. Төмөнкү тизмеден сиздин шаарыңыздагы/айылыңыздагы эң маанилүү беш көйгөйдү белгилеңиз (Маанисине жараша 1, 2, 3 деген тартипте сандар менен белгилеңиз)

| | Кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси | 19-суроо – Канааттануу деңгээли | 20-суроо – Эң көйгөйлүүлөрү |
|---|---|---|---|
| A | B | C | D |
| 1 | Көчөлөрдү жарыктандыруу | 1 2 3 77 | |
| 2 | Жашылдандыруу | 1 2 3 77 | |
| 3 | Суу менен камсыздоо | 1 2 3 77 | |
| 4 | Канализация | 1 2 3 77 | |
| 5 | Көчөлөрдү тазалоо | 1 2 3 77 | |
| 6 | Жолдорду колдонуу | 1 2 3 77 | |
| 7 | Мадания үйлөрү | 1 2 3 77 | |
| 8 | Коомдук транспорт, анын ичинде маршруттук такси | 1 2 3 77 | |
| 9 | Бала бакчалар | 1 2 3 77 | |
| 10 | Орто мектептер | 1 2 3 77 | |
| 11 | Музыкалык жана көркөм мектептер | 1 2 3 77 | |
| 12 | Спорт мектептери | 1 2 3 77 | |
| 13 | Бейтапканалар | 1 2 3 77 | |
| 14 | Китепканалар | 1 2 3 77 | |
| 15 | Коомдук тартип жана коопсуздук | 1 2 3 77 | |
| 16 | Сейил бактар | 1 2 3 77 | |
| 17 | Таштанды чыгаруу | 1 2 3 77 | |
| 18 | Аянттарды тазалоо | 1 2 3 77 | |
| 19 | Сугат суу | 1 2 3 77 | |
| 20 | АЖМФ жерлери (а/ч жерлеринин мамфонду, буга чейин – ЖБФ) | 1 2 3 77 | |

22. Сиздин оюңузча, эгерде мэрияда/айыл өкмөтүндө кошумча финансы каражаттары табылып калса, төмөндөгү аталгандардан кайсынысына биринчи кезекте жумшаш керек? (1-ден 6-га чейин шкаланы иштетиңиз, 1 – биринчи кезекте жана 6 – акыркы кезекте)

| Кызмат көрсөтүү | Кезектүүлүк шкаласы |
|---|---|
| 1. Суу менен камсыздоо жана канализация | 1 2 3 4 5 6 |
| 2. Таштанды чыгаруу | 1 2 3 4 5 6 |
| 3. Жолдорду колдонуу | 1 2 3 4 5 6 |
| 4. Көчөлөрдү жарыктандыруу | 1 2 3 4 5 6 |
| 5. Көчөлөрдү жана аянттарды тазалоо | 1 2 3 4 5 6 |
| 6. Жашылдандыруу | 1 2 3 4 5 6 |

77. Билбейм/Жооп бере албайм

**ТАЗАЛЫК ЖАНА ТАШТАНДЫ ЧЫГАРУУ**

23. Сиздин оюңуз боюнча, жалпысынан өткөн жылга салыштырганда шаар/айыл кандай болуп калды?

1. Тазараак
2. Өзгөргөн жок
3. Булганыч
77. Билбейм / жооп бере албайм

24. Таштанды жыйноо жана чыгаруу график боюнча туруктуу негизде чыгарылса, бул үчүн көбүрөөк акча төлөөгө даярсызбы?

1. Ооба 2. Жок 3. Билбейм / жооп бере албайм

## СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДОО ЖАНА КАНАЛИЗАЦИЯ

25. Учурда ичүүчү сууну кайдан алып жатасыз?
   1. Суу түтүк системасынан (суу үйгө/батирге киргизилген)
   2. Жеке суу колонкасынан
   3. Жалпы пайдалануудагы колонкадан
   4. Жеке менчик скважинадан ------------------------------→ (27-суроого өтүңүз)
   5. Кошунанын/туугандын скважинасынан ------------------------------→ (27-суроого өтүңүз)
   6. Булак же дарыя сыяктуу суунун ачык булагынан ------------------------------→ (27-суроого өтүңүз)
   7. Башкасы (Көрсөтүп жазыңыз) ------------------------------→ (27-суроого өтүңүз)
   77. Билбейм / жооп бере албайм ------------------------------→ (27-суроого өтүңүз)

26. Адатта суу менен камсыз кылууда кандай мүнөздөгү көйгөйлөр жаралат?
   1. Суунун басымы
   2. Күн ичинде суу берүүнүн узактыгы
   3. Суунун сапаты, ал өзүнө коопсуздукту, суунун даамын, жытын жана түсүн камтыйт
   4. Башкасы
   77. Билбейм / жооп бере албайм

27. Суу тиешелүү сапатта жана туруктуу негизде берилип турса, көбүрөөк акча төлөгөнгө даярсызбы?
   1. Ооба 2. Жок 77. Билбейм / жооп бере албайм

28. Сиздин үйүңүз борбордук канализацияга кошулганбы?
   1. Ооба 2. Жок 77. Билбейм / жооп бере албайм

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ ИШ-АРАКЕТТЕРГЕ ТАРТЫЛУУ ДЕҢГЭЭЛИ

29. Сиз өзүңүздүн шаарда же айылыңыздагы коомдук иштерге катышууга макулсузбу, тагыраак айтканда чогулуштарга/жыйналыштарга, коомдук кеңештерге, демилгелүү жана башка топторго, комиссияларга ж.б.у.с. (жооптордун ичинен бир вариантын тандаңыз)
   1. Ооба
   2. Ооба, бирок кээде гана
   3. Жок
   77. Билбейм / жооп бере албайм

30. Сиз өзүңүздүн шаарда же айылда ЖӨБ органдары (мэрия, айыл өкмөтү) тарабынан уюштурулган же/жана өткөрүлгөн чогулуштарга/жыйындарга, демилгелүү жана башка топторго, коомдук кеңештерге (Аксакалдар кеңеши, аялдар кеңеши, жаштар кеңеши ж.б.), комиссияларга катыштыңыз беле? (жооптордун ичинен бир вариантын тандаңыз)
   1. Ооба
   2. Жок---------------□ (23-суроого өтүңүз)

31. Эгерде Сиз кандайдыр бир коомдук иш-чарага катышсаңыз, жооптордун ичинен шайкеш келгенин белгилеп койсоңуз (туура келген бардык жоопту белгилесеңиз болот)
   1. Чогулуштарга/жыйындарга катышуу
   2. Гранттардын жана (же) жергиликтүү бюджеттин эсебинен долбоорлорду иштеп чыгууга, тандап алууга катышуу
   3. Коомдук угууларга катышуу (бюджет боюнча, тарифтер боюнча, кызмат көрсөтүүлөр боюнча жана жергиликтүү маанидеги башка маселелер боюнча)
   4. Коомдук кеңештерге катышуу (Аксакалдар кеңеши, аялдар кеңеши, жаштар кеңеши ж.б.)
   5. Комиссияларга катышуу
   6. Демилгелүү топторго катышуу

7. Биргелешкен мониторинг жана баалоо топторуна катышуу
8. Башкасы

32. Сиздин айылыңызды же шаарыңызды көрктөндүрүүгө арналган коомдук жумуштарга катышууга макулсузбу? (жооптордун ичинен бир вариантты тандаңыз)
1. Ооба
2. Ооба, бирок кээде гана
3. Жок
77. Билбейм / жооп бере албайм

33. Сиздин айылыңызды же шаарыңызды көрктөндүрүүгө арналган коомдук жумуштарга катыштыңыз беле? (жооптордун ичинен бир вариантты тандаңыз)
1. Ооба 2. Ооба, бирок кээде гана 3. Жок 77. Билбейм / жооп бере албайм

34. Сиздин баамыңызда, жарандарда ЖӨБОнун (айыл өкмөттүн, жергиликтүү кеңештин, мэриянын) ишин баалоо (мониторинг жүргүзүү) мүмкүнчүлүгү барбы?
1. Ооба 2. Жок 77. Билбейм / жооп бере албайм

| Баалоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнүн болгону | 1. Ооба | 2. Жок | 77.Билбейм / жооп бере албайм |
|---|---|---|---|
| 1 жыл мурда | 1 | 2 | 77 |
| 3 жыл мурда | 1 | 2 | 77 |
| 5 жыл мурда | 1 | 2 | 77 |

35. Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору жөнүндө уктуңуз беле?
1. Ооба 2. Жок 77. Билбейм / жооп бере албайм

36. Кызмат көрсөтүүгө баалоо жана мониторинг жүргүзүүгө катышкыңыз келеби?
1. Ооба
2. Жок ----------------☐ (40-суроого өтүңүз)
77. Билбейм / жооп бере албайм ----------------☐ (40-суроого өтүңүз)

37. Эгерде ООБА деп жооп берсеңиз, анда кайсынысына катышкыңыз келет (3 вариантты тандап алыңыз)
1. Ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүү
2. Таштанды тазалоо (көрктөндүрүү) боюнча кызмат көрсөтүү
3. Маалымкаттарды берүү боюнча кызмат көрсөтүү
4. Мамсатып алууларды өткөрүү
5. Долбоорлорду ишке ашыруу (ремонт, курулуш)
6. Мэриянын/АӨнүн өнүктүрүү пландарын аткарганына (стратегиялык пландарды, жумуштардын пландарын)
7. Башкасы (көрсөтүп жазыңыз)______________________________________________

38. Мониторингге жана баалоого кантип катышкыңыз келет? (жооптордун ичинен 1-3 вариантын тандап алсаңыз болот)
1. СМС билдирүүлөрдү жиберип
2. WhatsApp тиркемесиндеги топко катышып/жазып
3. Тендердик комиссиялардын жыйындарына катышып
4. Объекттерди (курулуш, ремонт болгон жерлерди) кыдырып
5. Сурамжылоо жүргүзүп
6. Сатып алынган товарларды текшерүүгө катышып
7. Мониторинг жана баалоо топторунун ишине катышып
8. Башкасы (көрсөтүп жазыңыз) ______________________________________________

39. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу сөз болгондо адегенде кандай сезим пайда болот? (жооптордун варианттарын окуп бери керек, бирок үчтөн көп эмес жооп болсун)

1. Оптимисттик маанай
2. Эргүү
3. Боор ооруу
4. Көңүл калуу
5. Кыжырдануу
6. Эч кандай сезим болбойт
7. Башкасы (өзүңүздүн жообуңуз) ____________________

77. Билбейм / жооп бере албайм

40. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында (жергиликтүү кеңештерде жана мэрияда/айыл өкмөтүндө) аялдардын милдеттүү үлүшү/квотасы кандай болуш керек? (жооптордун ичинен бир вариантын тандаңыз)

1. Кызматкерлердин жана депутаттардын жалпы санынан 30% аз (0-30%)
2. Кызматкерлердин жана депутаттардын жалпы санынан 30% кем эмес (31-49%)
3. Кызматкерлердин жана депутаттардын жалпы санынан 50% кем эмес (51% жана андан көбүрөөк)
4. Баары бир, бардыгы адамдан көз каранды

77. Билбейм / жооп бере албайм

## БИЙЛИК ИНСТИТУТТАРЫ

41. Төмөндөгү уюмдарга жана коомдук институттарга канчалык деңгээлде ишенесиз? (баалоо даражасы 1 – такыр ишенбейм, 10 – толугу менен ишенем)

| | «1» – такыр ишенбейм | | | | | | | | | «10» – толугу менен ишенем |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.Институттар/Уюмдар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 2. Президенттин Аппараты | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 3. КР Куралдуу күчтөрү | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 4.Жогорку Кеңеш | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары (мэрия/айыл өкмөтү) | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 6.Бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдар (БӨУ) | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 7. КР Өкмөтүнүн облустагы Ыйгарым укуктуу өкүлү (губернатор) | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 8. Өкмөт | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 9. Тартип коргоо органдары | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 10. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары (шаардык жана айылдык кеңештер) | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 11. Райондук мамлекеттик администрациялар (акимиаттар) | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 12.Диний институттар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13. Саламаттык сактоо системасы | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 14. Билим берүү системасы | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 15. Социалдык коргоо системасы | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| 16. Сот системасы | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |

42. ЖӨБОнун (айыл өкмөттүн/мэриянын, жергиликтүү кеңештин) жарандар менен өз ара аракеттенүүсү сизди канчалык канааттандырат?

| | Толугу менен канааттандырат | Жарым-жартылай канааттандырат | Канааттандырбайт | Билбейм/Жооп бере албайм |
|---|---|---|---|---|
| Айыл өкмөтү/мэрия | 1 | 2 | 3 | 77 |
| Жергиликтүү кеңеш | 1 | 2 | 3 | 77 |

43. Мэр/башчы кызматына талапкерлерге жана жергиликтүү кеңештин депутаттарына талаптар жогору болуш керек деп эсептейсизби?

| **Төмөнкү талапкерлерге талаптар жогору болушу керек** | **1. Ооба** | **2. Жок** | **77. Билбейм / Жооп бере албайм** |
|---|---|---|---|
| мэрлерге/АӨ башчыларына | 1 | 2 | 77 |
| жергиликтүү кеңештин депутаттарына | 1 | 2 | 77 |

44. ЖӨБдүн аткаруучу органынын башчысын (мэрди/АӨ башчысын) ким тандашы керек (жооптордун ичинен бир вариантын тандап алыңыз)

1. Жергиликтүү кеңештин депутаттары
2. Калк түз шайлоо аркылуу
3. Президент
4. Губернатор
5. Аким
6. Башкасы (көрсөтүп жазыңыз)___________________________________________

77. Билбейм/Жооп бере албайм

45. Жергиликтүү кеңештер партиялык белгиси боюнча түзүлүшү керекпи?

1. Ооба 2. Жок 77. Билбейм

46. Сиздин муниципалитетте саясий партиялар жергиликтүү кеңештин ишине канчалык таасирин тийгизет?

1. Толугу менен 2. Жарым-жартылай 3. Таасирин тийгизбейт _-----→ 51-суроого өтүңүз

47. Бул таасир кантип байкалат (жооптордун бир нече вариантын тандап алса болот):

1. Жергиликтүү кеңеш айыл өкмөттүн ишине катуураак көз сала баштады
2. Жергиликтүү кеңеш айыл өкмөттүн ишине тоскоол болууда
3. Жергиликтүү кеңеш жашарды
4. Жергиликтүү кеңеш Бишкектеги саясий партиялардын буйруктарына баш ийип, жамааттын кызыкчылыктарын четке кагууда
5. Жергиликтүү кеңеш саясий фракцияларга бөлүнүп, бул чечим кабыл алуу процессине бут тосууда
6. Жергиликтүү кеңеш шайлоочулардын суроо-талаптарына көбүрөөк көңүл буруп калды
7. Жергиликтүү кеңеш өзүнүн функционалдык милдеттерин жакшыраак аткарып калды
8. Дагы эмне? (Толуктап жазыңыз) ___________________________________________

Нускасы 50 даана. Заказдын № 380
"Персона" басмасында басылды
ЖИ "Курканина В.В."
Бишкек ш., Киев көч., 135
Моб.: +996 700 46 77 17
E-mail: persona_print@mail.ru